Б. В. ЮСОВ

# Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКИЙ

Кирг
Ст 26.8
Ю89



Б. В. ЮСОВ

# Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКИЙ

Окуучулар үчүн

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1987

Которгон *Советбек Молдосанов*

**Юсов, Борис Васильевич.**

Ю 89 Н. М. Пржевальский: Окуучулар үчүн /Котор. Советбек Молдосанов. — Ф.: Мектеп, 1987. — 96 б.

Бул китеп — Евразиянын барууга кыйын ички аймактарынын географиясы боюнча азыркы кездеги билимдерди негиздеген XIX кылымдагы орустун улуу саякатчысы Николай Михайлович Пржевальский жөнүндө, Уссури крайына жана Борбордук Азияга жасаган анын эң сонун экспедициялары жана географиялык ачуулары жөнүндө, ал өзү барган өлкөлөрдө жашаган элдерди иликтөөдө анын кошкон салымы жөнүндө жазылган популярдуу очерк.

**Ю** $\frac{\textbf{1905020000—158}}{\textbf{М 452 (17)—87}}$ **82.87** **ББК 26. 8 г**

© Издательство «Просвещение», 1985 г.
© «Мектеп» басмасы, кыргызчага которулду, 1987-ж.

# КИРИШҮҮ

Орустун атактуу саякатчысы Николай Михайлович Пржевальскийдин ысмы географиялык ачуулардын тарыхына түбөлүккө кирди.

Пржевальский адилеттүү түрдө Борбордук Азиянын биринчи изилдөөчүсү деп аталат. Ал Борбордук Азия боюнча төрт жолу саякат жасап, анын тоолору жана чөлдөрү аркылуу 30 миң километрден ашуун аралыкты басып өткөн. Борбордук Азияда жасалган географиялык эң ири ачуулар Пржевальскийге таандык, ал анын жаратылышынын эң кызыктуу жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн изилдеп жана баяндап жазган.

Азиянын картасында борбордук орунду алып турган зор «ак тактар» («белгисиз жерлер») талыкпаган бул изилдөөчүнүн ар бир экспедициясынан кийин улам кичирейип отурган. Пржевальский жер жүзүндөгү бөтөн көздөрдөн өзүнүн купуя сырларын жана географиялык табышмактарын узак убакыттар бою жышырып келген эң чоң дүйнө бөлүгүнүн али изилдене элек ички аймактарын илим үчүн биринчи болуп ачкан.

Н. М. Пржевальскийдин илимий улуу эрдиги жөнүндө андан ары баяндоо, калыбы, «Борбордук Азия» дегенде географтар эмнени эске тутушаарын түшүндүрүп берүүбүздү талап кылат.

Географиялык бул түшүнүк менен жер шарында учурагандардын бардыгынан өзүнүн өзгөчө жаратылыш шарттары менен өтө айырмаланган Азиянын бийик ички аймагы туюнтулат.

Көлөмү боюнча зор, Австралиянын аянтынын болжол менен $^2/_3$ бөлүгүнө барабар келген Борбордук Азия өзүнүн чегинде эң кеңири чөл жана жарым чөл түздүктөрү менен алардан кем калышпаган бөксө жана тайпак тоолорду, анын ичинде жер алдындагы өлчөөсүз зор күчтөрдөн деңиз деңгээлинен орто эсеп менен 4,5 миң метр бийиктикке көтөрүлгөн Тибет тоосун камтып турат.

Борбордук Азия туш тарабынан бийик тоо кыркалары менен курчалган. Анын ички райондоруна океан нымдуу аба массаларынын өтүшүнө тоскоолдук кылып, аларды буулантып, асман мелжиген бул тоо кыркалары абсолюттуу зор бийиктигинен улам, Борбордук Азиянын ансыз да катаал, континенттүү климатынын ого бетер катаал болушуна көмөк берет.

Мындай климат Борбордук Азиянын жеринин бети менен дарыя тармактарынын түзүлүшүнө, өсүмдүктөр каптоосу менен жаныбарлар дүйнөсүнө, жергиликтүү калктын чарбачылыгы менен турмуш-тиричилигине өзгөчө таасир тийгизет.

Азиянын өзгөчө айырмаланган бул жаратылыш аймагынын жеринин бетинин, өсүмдүктөр каптоосунун мүнөзүнө, жаныбарлар дүйнөсүнө жана калкынын турмуш-тиричилигине анын территориясынын көпчүлүк бөлүгүндө океанга барып куюучу сууларынын жоктугу да чоң таасир этет. Борбордук Азиянын ички райондорундагы суулардын дээрлик бардыгы жергиликтүү туюк өрөөндөргө барып куят. Борбордук Азияны курчап турган тоолордун арткы капталдарынан башталган дарыялар гана (бирок алардын баары эле эмес) деңизге агып чыгат.

Борбордук Азияны биринчи изилдөөчү катары Н. М. Пржевальский жөнүндө айтканыбызда, ага чейин Борбордук Азияга бир да окумуштуу барган эмес дегендикке таптакыр жатпайт. Мына ошондуктан Борбордук Азия буга чейин таптакыр белгисиз болуп келген деген тыянак чыгарууга да болбойт.

Б. з. ч. II кылымда эле ошол кездери Байыркы Кытайды Жакынкы Чыгыш менен, анан ал аркылуу батыш Европа менен байланыштыруучу «жибек жолу» деп аталган жолдо соода кербендери жүрө баштаган. Ошондо эле, андан соң биздин замандын IV жана VII кылымдарында ал кезде Кытай империясынын составына али кошула элек Борбордук Азиянын жерлери аркылуу тарыхта белгилүү кытай саякатчылары өтүшкөн. Кийинчерээк, XIII кылымда Рим папасы жана Батыш Европанын кээ бир королдору өздөрүнүн өлкөлөрүнө монгол-татар баскынчылары кирип келиши мүмкүн деп чочулашып, Чынгызхандын кудуреттүү мурасчыларынын ставкасына (ордосуна) — Каракорум шаарына жиберишкен батыш европалык элчилер менен саясий чалгынчылар да ошол жол менен өтүшкөн. Бул элчилер бардыгын өз көздөрү менен көрүшүп, европалыктар үчүн алыс жана табышмактуу болгон Борбордук Азия жөнүндөгү чынында да маанилүү жана так маалыматтарды бүткүл орто кылымдар бою Европага биринчи жолу алып келишкен.

Ошол эле XIII кылымда Борбордук Азиянын тоолору менен чөлдөрүн Азия өлкөлөрү боюнча өзүнүн көп жылдык саякаттары жөнүндө өтө кызыктуу жана жалпысынан туура жазылган баяндама калтырган орто кылымдын эң улуу саякатчысы — венециялык көпөс Марко Полонун маршруттары кесип өткөн.

Борбордук Азия кийинки кылымдарда да унутулуп калган жок. Анын жерлери аркылуу кез-кезде соода кербендери жол арытып, дипломаттар, көпөстөр, ар кыл миссионерлер өтүп турган. Ал эми бизге бир кыйла жакынкы мезгилдерде Борбордук Азиянын географиясына да кызыккан саякатчылар сапарда болушкан. Алардын ичинен Кытайдагы орус дипломатиялык жана диний миссияларынын составына кирген жана Пекинге кетип бара жатышкан жолдорунда Борбордук Азиянын түндүк

жагында илимий байкоолорду жүргүзүшкөн окумуштууларды биринчи кезекте эске сала кетүү керек. Индияда орношуп алган британ колониячыл бийликтерине кызмат кылган индиялык окумуштуулар баалуу илимий байкоолорду, бирок Борбордук Азиянын түштүк бөлүгүндө жүргүзүшкөн.

Мына ошентип, Борбордук Азия аркылуу Пржевальскийге чейин да көптөгөн саякатчылар өздөрүнүн маршруттарын салышкан. Бирок, бул да, Борбордук Азия илим үчүн кеңири ачылган эле дегендикке жатпайт.

Анткени, окумуштуулар, адистер ошол кезде иштегендерди эске алганда да анын бүткүл зор территориясы жөнүндөгү аздыр-көптүр туура түшүнүктү алуу мүмкүн эмес болучу. XIX кылымдын орто ченине карай Борбордук Азия жөнүндө жыйналган фактылар жана маалыматтар географиялык карта түзүү үчүн да, Азиянын дал борборунда болуп жаткан жок дегенде эң башкы жаратылыш процесстерин аздыр-көптүр терең түшүнүү үчүн да таптакыр жетишсиз болгон.

Мына ошондуктан XIX кылымдын орто ченинде географтардын алдында Борбордук Азиянын географиясын ар тараптан же биз азыр айтып жүргөндөй комплекстүү изилдөөнүн мурдагыдай эле оор милдети турган. Бул милдетти чечүүдө биздин мекендешибиз Николай Михайлович Пржевальский баарынан көп иш жасаган.

## Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКИЙДИН ӨМҮР БАЯНЫНЫН БАРАКТАРЫ

Николай Михайлович Пржевальский мурдагы Смоленск губерниясынын Кимборово кыштагында бай эмес, бирок мурдагы тектүү дворяндын үй-бүлөсүндө 1839-жылы 31-мартта (12-апрелде) туулган.

Николай Михайловичтин ата-энеси — Михаил Кузьмич менен Елена Алексеевна Кимбороводон алыс эмес жерде өзүлөрү үчүн «Отрадное» деген чакан чарбак курушкан, Николай өзүнүн балалык кезин мына ошол жерде өткөргөн.

Ден соолугунун начардыгынан аскер кызматынан эрте кол үзгөн отставкадагы поручик — атасы дүйнөдөн кайтканда Николай жети жашта болгон. Николай иниси экөө энесинин колунда калган, энеси үй чарбачылыгын жүргүзүп, балдарды тарбиялоону бир тууганы Павел Алексеевич Каретниковго тапшырган.

Николай бардык оюндарын жана бош убактысын өзүнөн бир аз эле кичүү иниси Владимир жана алардын үйүндө жүргөн Васька деген бала менен өткөргөн. Васька аны менен дайыма бирге жүрүп, Николайдын бардык оюн-шоогуна катышкан.

Балдардын андай оюн-шоогуна Елена Алексеевна да, Павел Алексеевич да эч бир тоскоолдук кылган эмес. Ошондуктан, Николай Михайлович кийинчерээк эскергендей, бирге ойногон жолдоштору менен бардык ысык-суукка бышыгып чоңойгон. Алар токойго же өзөнгө кайсы убакта болсо да кете алышкан. Балдардын бак-даракка чыгып шоктонушун, жаанда калып суу болушун же кышкысын кар кечип ойношун эч ким кой-ай деген эмес. Алардын жаа тартып машыгууларына же аңчылыктын — болочоктогу атактуу саякатчынын жана чыгаан мергенчинин эң жакшы көргөн кесибине көнүгүүсүнө эч ким жолтоо кылган эмес.

Жаратылышта такай болуу баланын эркин чыйралтып, денесин бышыктырган, бекем мүнөзгө, тайманбастыкка жана көздөгөн максатына жетүүдө тырышчаактыкка үйрөткөн. Ал анда ар нерсени билүүгө умтулуучулуктун жана байкагычтыктын өнүгүшүнө көмөк берген.

Элдик жомоктордун эң мыкты айтып берүүчүсү — нянясы Макарьевна Николай Михайловичке бала кезинде эле анын ди-

линде жаратылышка карата кызыгуусун ойготкон, жомоктун каармандары орус талаалары менен токойлорунун айбандары жана канаттуулары болгон.

Николай Михайловичтин бала чагында чоңойгон бардык шарттары, айлана-чөйрөсү анын мүнөзүндөгү жаратылышты сүйүү сыяктуу эң маанилүү сапаттын өнүгүшүнө эң жакшы таасир тийгизген. Муну менен бирге өспүрүм Пржевальскийдин нянясы жана өзүнүн үйүндө жүргөн адамдар менен дайыма карым-катнашта болушу анын жөнөкөй орус адамдарына жасаган мамилесине чоң таасир көрсөткөн. Бул карым-катнаш анда аларга адам катары, алардын нукура адамдык сапаттарына элдик акылмандуулукка терең урматтап мамиле жасоо сезимин пайда кылган. Ушундан улам Николай Михайлович кийин, атактуу саякатчы болуп калган кезинде кезектеги ар бир экспедициясынан кийин өзүнүн экспедиция отрядынын мүчөлөрүнө — жөнөкөй орус солдаттарына[1] алардын өз милдеттерин аткаруудагы берилгендигине, кайраттуулугун жана чыдамдуулугун, алардын өтө оор абалдан чыгуу аргасын таба билгичтигин урматтагандыгын билдирген кызуу алкоо сөздөр менен кайрылгандыгы бекеринен эмес.

Бирок өспүрүм Пржевальскийдин мүнөзүн жана дил сапаттарын тарбиялоо ийгиликтүү болгону менен ага билим жагдайы тескерисинче болгон. Павел Алексеевич Каретников эң сонун тарбиячы жана аңчылык ишинде баш-көз болгону менен илим жагына такыр жок болгон. Мына ошондуктан балдарын окутуу үчүн Елена Алексеевна семинарчыларды чакыртууга аргасыз болгон. Тилекке каршы, алардын баары жаман насаатчылар болуп чыккан. Мына ушул себептен аларды тез-тез алмаштырып турууга туура келген. Бирок мындан иш баары бир оңолуп кеткен эмес.

Ошондой болсо да Николай он жашка чыкканда гимназиянын экинчи классына кирүү үчүн жетишерлик сабаттуу болгон. Мындай ийгиликке жетишүүдө бурсанын окуучуларынын үйрөткөн акыл-насааты эмес, Николайдын өзүнүн сейрек учурай турган жөндөмдүүлүктөрү башкы роль ойногон.

Николай гимназияда негизинен өзүнүн чоң жөндөмдүүлүгүнүн, биринчи кезекте укмуштуудай зээндүүлүгүнүн аркасында оңой эле окуган. Ал жолдошторунун арасында балбан жана акылдуу бала катары урмат-сыйга ээ болгон.

Дээрлик жарым жылга созулуучу жайкы каникул убагында Николай үйүнө, «Отрадноеге» кете турган. Ал жерде таң эртеңден түн бир оокум болгонго чейин токойлорду, талааларды жана саздарды аркы-терки кыдырып, кызыгуу менен аңчылык кылган жана балык уулаган. Бул саякатка чыгууга даярдануу

---

[1] Пржевальский биринчи эле экспедициясынан тартып өзүнүн экспедициялык отрядына катуу тартипке көнүп калган жана курлды колдоно билген аскер адамдарын гана алууну чечкен, бул өзү айткандай, экспедицияны ар кандай кокустуктардан сактаган.

үчүн жакшы машыгуу болгон, саякатка чыгуу жөнүндө ал ошол кезде эле ойлоно баштаган.

Николай Михайлович гимназияны мыктылардын бири болуп бүткөн. Бирок ал өзү кийин айткандай, гимназиядан «өтө аз билим» алып чыккан. Анткени, гимназиядагы окутуучулар составы өтө начар болгон. Анын үстүнө сабактардын көбү жана окутуунун жаман методу канчалык каалап, аракет кылсаң да бир нерсени жетиштүү окуп-үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Гимназиядагы ал-абалдын өзү да көңүл жылытарлык эмес эле, анткени анда орой жөрөлгөлөр жана уруп-согуп жазалоолор үстөмдүк кылган.

Пржевальский гимназияны 1855-жылы, Крым согушу жүрүп жаткан кезде бүткөн. Дал мына ушул 1855-жылы Севастополь кампаниясы башталган. Севастополду коргоп жаткандардын баатырдык эрдиктери тайманбаган жана кызуу кандуу уландын кыялдарын (анын мүнөзүндөгү бул белгилер өзүнүн ата-бабасынан мураска калган) ээликтирген. Николай Михайлович Москвага жөнөйт жана бириктирилген запас полктордун бирине өз ыктыярдуу кызмат өтөөчү болуп орношот.

Бирок ал салгылашка кирген эмес, анын согуштук эрдиктер жөнүндөгү ою жүзөгө ашпай калган. Мунун бардыгынын ордуна армияда оор жана көңүлсүз кызмат өтөөгө туура келген. Пржевальский дворянин жана ыктыярдуу кызмат өтөөчү катарында Николай заманындагы катардагы укуксуз солдаттын, адатта өзүнүн үй-бүлөсүнөн жана чарбачылыгынан бүтүндөй жыйырма беш жылга кол үзгөн дыйкандын тагдырын өз башынан өткөргөн жок. Бирок солдаттарга көрсөтүлгөн ырайымсыз таш боордук, катаал тартип, курчап турган айлана-чөйрөнүн жагымсыз кырдаалы (мындагы полк офицерлеринин көпчүлүк бөлүгү, Николай Михайлович мүнөздөгөндөй, «шумдар, аракечтер, кумарчылар» болгон) ага капаландырган таасир калтырган.

Адептик жактан таза жана мүнөзү бекем бул адам ичкилик бака-шакасынан жана карта ойноодон оолак турган. Аны буга тартуу үчүн жасалган бардык аракеттер оңунан чыккан эмес. Иш ал тургай рота командири Николайды ичкилик ичүүгө мажбурлоого аракеттенгенге чейин барган. Бирок Николайдан кесе жооп алгандан кийин ал:

— Тууган, сенден бир нерсе чыгат,— деп урматтоо менен айткан.

Пржевальскийдин ал кездеги турмушун көркүнө чыгарган жана жеңилдеткен бирден-бир нерсе — бул анын жаратылышка чыгууга мүмкүнчүлүк берген бош минуталары эле. Николай Михайлович кызмат өтөгөн жерлердин ичинен мындай минуталар алардын полку Кременец шаарына жакын жерде — Карпат тоолорунун чыгыш тармактарынын этегинде турган убакта көбүрөөк болгон. Николай Михайлович ал жерде жүргөнүндө жаратылыштын мезгилдик кубулуштарын байкап жана гербарий

чогултуунун өз убагында кереги тиет деген бекем ишенич менен коллекция үчүн өсүмдүктөрдү чогултуп, бирде ошол жердин жака-четиндеги дүпүйгөн токойлуу тоолорду, бирде талаа-түздөрдү жана саздарды тез-тез кезип өтүүчү.

Алыскы экспедицияларга чыгуу жөнүндөгү тилегин эсинен чыгарбай, ал саякаттар жөнүндөгү адабияттарды окуп, мүмкүн болуучу жолдорду жана маршруттарды ойлонуштуруп, ага ар дайым даярданып жүрө берген.

Пржевальский армияда беш жыл кызмат өтөгөндөн кийин армияда кызмат өтөө ылайыксыздыгын билип «Эмгегимди жана убактымды туура максаттар үчүн жумшоого мүмкүнчүлүк бере турган иштөөчү бир кыйла кеңири майдан тандап алышым керек» деген жыйынтыкка келген. Ал Амур жакка которуу жөнүндө өтүнүп, начальниктерине рапорт менен кайрылган, анткени ал анда илимий-изилдөөчү экспедициялык ишке аралаша аламын го деп үмүттөнгөн. Анын өтүнүчүн канааттандырышкан эмес. Солдат үчүн жол берилбес эркин ойлоочулук катары аны үч күн камап коюп кыйыктоо бул өтүнүчкө кайтарылган жооп болгон.

Терс жооп алган Николай Михайловичтин ындыны өчүп калган эмес. Ал Генеральный штабдын академиясына өтүшүм гана эми полкто кызмат өтөөдөн кутулушумдун бирден-бир жолу болушу мүмкүн деп чечкен.

Чечкиндүү адам катары Пржевальский академияга кирүү экзамендерин тапшырууга даярдана баштаган. Ал гимназияда окутуу жагы начар жолго коюлган сабактарды өзгөчө өздөштүрүп, окуу китептеринин үстүндө күндөп-түндөп отурган.

Николай Михайлович экзамендерди ийгиликтүү тапшырган. Академияга өткөндөн кийин программанын бардык талаптарын толук аткарып, күчүн да, убактысын да аябай, тырышып окуган. Бирок ал тарыхты, географияны жана изилдөө иштерине пайдалуу башка айрым сабактарды чоң кызыгуу менен кунт коюп үйрөнгөн.

1863-жылы жазында академияны бүтүп, поручик деген чин алып, Николай Михайлович академияга өткөнгө чейин кызмат өтөгөн полктун өзүнө... полктун адъютанты болуп келет. Бирок полктогу өз убагындагы строй кызматындай эле, штаб кызматы да, анын көңүлүн тез эле иренжиткен. Мына ошондуктан, өзүнүн көңүлүн чөгөт кылган кызмат жагдайынан алыс болуу үчүн Николай Михайлович бош убактысында аңчылык кылган же китеп окуган, кээде отпуск алып, аны аңчылык кылуу, зоологияны, ботаниканы үйрөнүп жана саякаттар жөнүндөгү китептерди окуу менен «Отрадноеде» өткөргөн.

Алыскы өлкөлөргө экспедицияларга барууну эңсеген көп адамдар сыяктуу эле Пржевальскийди Африка кызыктырган, анын изилдене элек чытырмандарында белгилүү саякатчы жана гуманист англис Ливингстон ал жылдарда кыдырып жүргөн. Бирок Африка Россиядан алыс эле. Ал жакка экспедицияны

уюштуруу өтө көп акчага турмак, поручиктин жарыбаган маянасын алып турган Пржевальскийде анчалык акча, албетте жок эле. Анда бул жагынан кимдир бирөө жардам берет деп ойлошко да негиз жок болучу. Кыскасы, ал Африканы ишке ашпаган ой бойдон кандай болсо, ошондой бойдон калат деп түшүнгөн. Географиялык ачылгалардын тарыхын мыкты билген Николай Михайлович өзүнүн күчүн жана билимин ийгиликтүү жумшай турган Африкадан кем эмес кызыктуу жер бар деген чечимге негизсиз келген эмес. Бул көз кайкыткан катаал чөлдөрү жана тайпак тоолору бар Азия эле, анын ички аймактары жөнүндөгү билим Марко Полонун заманынан бери анчалык илгерилей элек болучу.

Бул Азиядагы Япон деңизинин жээктеринде Россиянын жаңы жер ээликтери — илимге жалпы жонунан гана белгилүү Уссури крайы созулуп жаткан эле. Бул орус эли өздөштүрүүгө тийиш болгон край болучу. Өзүнүн бактысын мына ошол жерде сынап көрүшүнө мүмкүнчүлүк бар.

Мына ушул чечимге келген Пржевальский Азия жөнүндөгү географиялык атайын адабияттарды окуп-үйрөнүүгө бардык күч-аракетин багыттап, өзүнүн иштөө системасын дароо өзгөрткөн. Карл Риттердин «Азия» жана Александр Гумбольдттун «Жаратылыш көрүнүштөрү» сыяктуу эң сонун чыгармалары — эки белгилүү географтын, анын өзүнүн замандаштарынын эмгектери эми анын колунан түшпөгөн китептери болуп калды.

Пржевальский муну менен бир убакта полкто кызмат өтөөдөн кутулуу жана өзүнүн билимин чындап толуктоо үстүндө иштөө, илимге белгисиз өлкөлөргө саякатка чыгууга толугу менен даярданууга мүмкүнчүлүк бере турган кандайдыр бир маанилүү маданий борборго которулуу жаатында чечкиндүү кадамдарды алдын ала жасайт.

1864-жылдын аягында досторунун жардамынын аркасында Пржевальскийдин тагдырында чукул бурулуш болот: ал Варшава юнкерлер окуу жайына тарых жана география сабактарынан окутуучу болуп дайындалат.

«Бул жерде,— деп жазат Николай Михайлович өзүнүн өмүр баян очеркинде,— саякатка чыгуу жөнүндөгү көксөгөн тилегиме эртедир-кечтир жетээриме ишенип, эки жыл жана бир нече ай бою ботаниканы, зоологияны, физикалык географияны ж. б. илимдерди катуу окуп-үйрөндүм, ал эми жайкысын өзүмдүн туулуп-өскөн кыштагыма барып, ал жерде да жогорку эле ишимди улантып, гербарийлер чогулттум. Ошол эле убакта окуу жайында соңку үч кылымдын ичиндеги географиялык ачылгалар тарыхы жөнүндө көпчүлүк алдында лекция окуп турдум жана юнкерлер үчүн география окуу китебин жазып чыктым... Мен өтө эле эрте турчумун жана лекциядан бош дээрлик бардык убактымды китеп окуу менен өткөрүп жүрдүм, анткени Чыгыш Сибирге жиберүү жөнүндө кайрылгандан кийин өзүмдүн келечектеги саякатымдын планын белгилеп алган элем».

Варшавада жашаган бүткүл мезгили Пржевальский үчүн анын өмүрүндөгү эң бактылуу мезгилдин биринен болгон. Ал армиядагы аракечтердин жана кумарчылардын көңүл чөгөт чөйрөсүнөн кеңири кызыкчылыктары бар маданияттуу жана билимдүү адамдардын чөйрөсүнө туш келген. Бул жерде эң мыкты лектор катары анын таланты толук даражада ачылган, бул юнкерлер окуу жайында да, ошондой эле варшавалык илимий коомчулук тарабынан да анын кадыр-баркынын өсүшүнө жана урматтоого ээ болушуна өтө көмөк берген.

Пржевальскийдин тарых жана география сабактарынан окутуучу катары жана лектор катары иш-аракети анын адабий шыгынын өнүгүшүнө көмөктөшкөндүгү үчүн да кыйла мааниге ээ болгон. Мына ушунун аркасында саякаттары жөнүндө Пржевальский кийинчерээк жазган отчеттор адабий жогорку артыкчылыктары, планынын тизмектүүлүгү, логикалуулугу жана ал тургай илимий татаал маселелердин баяндалышынын жөнөкөйлүгү менен да айырмаланган.

Николай Михайлович Варшавада турган кезинде ошол убактагы бардык илимий адабияттарды кылдаттык менен окуп-үйрөнүп, акыры саякатка чыгууга эркин даярдануу мүмкүнчүлүгүн алган, бул мезгил анын турмушуна кубаныч алып келген.

География, ботаника, зоология тармактарынан кеңири билимдүү болгондугу, өзүнүн көп нерсени билгендиги жана жалпы




Н. М. Пржевальскийдин саякаттарынын схемасы.

кругозорунун кеңейгендиги Пржевальскийдин дээрлик өзүнүн гана эмгегинин натыйжасы экендигин бул жерде айта кетүү орундуу. Ал биринчи кезекте келечектеги экспедициялык иштерге кереги тиер илимдин тармактарындагы билгендерин толуктап, өзүнүн билимин ар дайым өркүндөтө берген. Ал сөздүн толук жана түз маанисинде өз алдынча окуган адам болгон. Сейрек кездешүүчү өз алдынча үйрөнчүк жөндөмдүү, туруктуу жана адаттан тышкары максатка умтулуучу болгон. Анын бардык аракеттери жана ой-тилеги бир гана максатка — профессионал саякатчы, илимге дареги аз белгилүү өлкөлөрдү изилдөөчү болууга багындырылган.

Варшавадагы турмушу жана иши жалпысынан ага кубаныч алып келгени менен, юнкерлер окуу жайында иштөө кантсе да анын экспедицияга чыгууга жолун жаап коё тургандыгын Пржевальский түшүнгөн. Ошентип ал өзүн Генеральный штабга которуу жөнүндө кайрадан өтүнө баштаган, анткени Россиянын Ыраакы Чыгыштагы ээликтери карамагында болгон Чыгыш Сибирь аскер округуна орношуучу жолдомону ошол жерден гана ала алат болучу.

Өзүн жакшы билген жана баалаган көрүнүктүү аскер ишмерлеринин колдоосу аркасында Пржевальский, акыры Чыгыш Сибирде кызмат өтөөгө уруксат алган. Бул 1866-жылдын аягында болгон.

1867-жылдын башында, Сибирге кетээрдин алдында Николай Михайлович Петербургда орустун атактуу саякатчысы — Орус география коомунун физикалык география бөлүмүнүн председатели П. П. Семенов (кийинки аты — Тян-Шанский) менен жолугушкан. Семенов Пржевальскийдин Борбордук Азияга экспедицияга баруу жөнүндөгү тайманбаган долбоорлоруна өтө жактыруу менен мамиле жасаган. Бирок адегенде Николай Михайловичке өзүн үйгө жакын бир жерде, мисалы, Уссури крайында жүргүзүлүүчү изилдөөчүлүк иште көрсөтүүгө кеңеш берген.

П. П. Семеновдун каалоосу Пржевальскийдин өзүнүн планына толугу менен төп келгендигин эске сала кетебиз.

Николай Михайлович Иркутскиге келээр замат дароо өзүн Уссури крайына командировкага жиберүүсүнө аракеттене баштаган. Командировка жөнүндөгү маселе чечилгенге чейин Пржевальский География коомунун Сибирдеги бөлүмүнүн китепканасын тартипке келтирүүгө үлгүргөн; ошол эле убакта Приморьенин, Приамурьенин жана Уссури крайынын тарыхы, географиясы жана экономикасы жөнүндөгү китепкананын бардык китептери менен кол жазмаларын окуп-үйрөнүп чыккан.

1867-жылы майда Пржевальскийдин Уссури крайына бара тургандыгы жөнүндөгү командировка күбөлүгүн даярдоо аяктаган.

## УССУРИ КРАЙЫН КЫДЫРУУ

«Өзүнүн көптөн көксөгөн тилеги жүзөгө ашкан күн ар бир адам үчүн кымбат жана унутулгус»... деп жазган Пржевальский Уссури крайына, өзүнүн өмүрүндөгү биринчи саякатына жөнөп жатканында. Акыры, анын ойлогону ордунан чыкты! Ал «көп бөлүгүнө билимдүү европалыктын буту али тие элек жерди изилдөөгө» кетип бара жаткандыгына «өтө кубанган».

Пржевальский Ыраакы Чыгышка келээрден бир аз мурдараак ал жакта тарыхый маанилүү окуялар болуп өткөндүгүн: Россия менен Кытайдын ортосунда жер бөлүштүрүлүп, биротоло чек коюу аяктагандыгын бул жерде эске сала кетүү керек. Уссури крайы Россиянын ээлиги деп таанылган.

Россиянын Ыраакы Чыгыштагы бардык ээликтеринин ичинен өзүнүн жалпысынан тоолуу экендигине карабастан Уссури крайындагы жерлер калк отурукташтыруу жана чарбалык өздөштүрүү үчүн бир кыйла ыңгайлуу болгон. Мына ошондуктан Түштүк Европа сыяктуу эле кендиктерде жайгашкан, бирок андан климаты, өсүмдүктөрү жана жаныбарлары менен өтө айырмаланган окумуштуулар үчүн жердин өтө кызыктуу бул аймагы Уссури крайында Пржевальскийге изилдөөчү катары өзүнүн күчүн сыноону өлкөнүн коомчулугу, атап айтканда Орус географиялык коомунун зор кызыгуу билдиргендиги толук түшүнүктүү.

Николай Михайлович Уссури крайына командировкасын 1867-жылы марттын аягында (жаңы стиль боюнча апрелдин баш ченинде) Петербургдан келип токтогон жер Иркутскиден алды. Иркутскиден чыккандан туура бир айдан кийин, ал Амурдун оң жээгине жайгашкан Хабаровкага (азыркы Хабаровск ш.) келип жетти. Анын саякаты мына ушул жерден башталган.

Пржевальский кургактагы жолду эмес, суу менен жүрүүчү маршрутту тандап алууга аргасыз болду. Бул аны дарыяга, кайыкка айланчыктатып жана жолдун жан жагына керектүү экскурсияларды кыйындатып, анын аракеттерин абдан чектеди. Бирок башка арга жок болучу.

Июлда, Николай Михайлович жүрүшкө чыккан кезде Приамурьеде жана Уссури крайында нөшөрлөгөн жамгырлар менен катуу суу ташкындоо сезону башталып калган. Ал кезде казакорустарынын станицаларын — калк жайгашкан негизги пункттарды жана Хабаровкага жакын жерлерди, Амурду бойлой жана андан ары, Уссуринин өзүн байланыштырып турган жалгыз аяк бардык жолдор — кургактагы бирден-бир жолдор менен жөө да, атчан да өтүүгө мүмкүн эмес эле, анткени ал жалгыз аяк жолдордун бардыгы суу жайпап кетүүчү шалбаалар аркылуу өткөн.

Пржевальскийдин Хабаровкадан Уссуринин жогорку агымындагы акыркы пункт Буссе станицасына чейин сүзүп жетиши 23 күнгө созулду. Ушул күндөрдө такай күн жаап турган. Суунун ташкындоосунун айынан Николай Михайлович жана анын

жолдошу — препоратор Николай Ягунов бир күн бою кайыктан бир да жолу чыкпай калган учурлары болгон. Бирок аба ырайы бир аз жылт эте калса эле алар жээкке чыгышып, зарыл керектүү байкоолорун жүргүзүп, гербарий үчүн өсүмдүктөрдү чогултушкан жана кийин алардын кебин жасоо үчүн канаттууларды атып алышкан.

Пржевальский менен Ягунов жээк бойлой келе жатышканында жолдо учураган станицалардан улам которуштуруп алып турган, алардын калакчы-жардамчылары кайык менен улам алга жөнөй беришкен.

Уссури боюнча улам өйдөлөгөн сайын анын жээктеринин жалпы көрүнүшү да өзгөрүп отурган, ошондуктан алар боюнча дарыянын төмөнкү, ортоңку жана жогорку агымдарынын чек араларын болжол менен аныктоого мүмкүн болгон. Дарыянын төмөнкү агымында, бөтөнчө анын сол тарабында билинер-билинбес дөңсөөлөр же релкалар деп аталган, көпчүлүк учурда кууш жана узун жолдор менен бөлүнгөн көп сандаган чоң жана кичине көлдөрү бар кеңири созулуп жаткан дээрлик тептегиз түздүк басымдуулук кылган.

Бойлоруна чилим жана чөмүш баштар өскөн бул көлдөр чөптөр гүлдөп турган кезде, алардын саздуу-жакаларында адегенде жазында көз жоосун алган көгүлтүр түсү менен айлана-чөйрөдөгү мейкиндиктин баарын туташ каптап турган чекилдек, андан соң жайында — көл бетин айланта эң кооз кызгылтым түскө орогон эң зор шыраалжын гүлдөп турган учур өзүнчө бир ажайып кооз көрүнөт.

Рельефке, кыртышка жана нымдуулугуна жараша сол жээктеги түздүктүн өсүмдүктөрү абдан өзгөрүп кетет. Эгерде суу ташкындоолорунун убагында суу каптап калуучу оёндорго бийик өсүүчү таруу куурайлар (2 м ден бийик) басымдуулук кылса, дөңсөө участоктордон калың чыккан табылгаларды, ит мурундарды жана ал тургай дубдардын, липалардын, кайыңдардын, байтеректердин айрым топторун көрүүгө болот. Топурагы кургак жерлерде жана көп сандаган лилиялар (кооз жана даур лилиялары), чымылдыктар, крестовниктер, кичи күнсулуу, галиум, чырмооктор жана башкалар өскөн релктерде токой жана бадал өсүмдүктөрү дагы көп учурайт.

Уссуринин оң тарабындагы түздүк бир аз токойлуу, бир аз шалбаалуу мүнөздө болуп, анчалык жазы эмес, анткени анын бир бөлүгүн Уссуринин Амурга куя беришине жакын жаткан жерде Хехцир тоо кыркасы ээлеп турат. Бул тоо кыркасы көлөмү жана бийиктиги жагынан (1200 м ге чейин) анчалык чоң эмес, бирок түндүк, ошондой эле түштүк флорасынын өкүлдөрү аралаш өскөн токойлорунун түрдүк составынын молдугу менен эң сонун. Түндүк өсүмдүктөрүнө — кедр карагай, пихта, лиственница, түштүк өсүмдүктөрүнө ильм, липа, ясень, клён, дуб, жаңгак, пробка (баркыт) дарагы кирет. Майда токойлорунун составы да өтө ар түрдүү, алардын арасынан лещинаны, жас-

минди, сиренди калинаны, жимолостту, элеутерококкту (маньчжур аралиясын) кезиктирүүгө болот.

Ортоңку агымында Уссуринин жээк бойлору тоолуу келет: Бийик аскалары кээ бир жеринде сууга жакындап же түз эле типтик кирип турат. Тоолор айрым жерлеринде гана жээктен алыстап кетет. Бул жердеги токойлордо да Хехцир тоо кыркасы жөнүндө сөз болгондо эске түшүрүлгөн жыгачтын түрлөрү өсөт, бирок бул жерде аларга алма, гилас, терек, кара кайың аралашып кетет.

Токойлор дарыядан канчалык алыстаган сайын, ошончолук калың жана чоң боло баштайт. Бирок тоолордон бир аз ылдыйлап түшкөндө дароо эле калың чыккан киши өтө алгыс таруукуурайлар, камыштар өскөн көп сандаган көлдөр жана өлөң чептөр өскөн саздуу кудурлөр, башкача айтканда «...Уссуринин төмөнкү агымында ушунчалык бай коркунучтуу чытырмандар жана алар аркылуу кээ бир жерлеринде аралап өтүүгө таптакыр мүмкүн эмес жерлер кездешет», — деп эскертет Пржевальский.

Уссури өрөөнүнүн төмөнкү бөлүгүндөгүдөй эле жогорку бөлүгүндө да түздүктөр басымдуу: сол тарабында — дал Ханка көлүнө чейин созулуп жаткан саздуу түздүк, оң тарабында — токойлуу түздүктөр бар.

Уссуринин жогорку бөлүгү аркылуу сүзүп өтүү биринчи кезекте аба ырайынын оңолушу менен байланыштуу Пржевальскийге кыйла жагымдуу минуталарды алып келген. Булутсуз, айлана мемиреп турган эртең мененки убак өзгөчө көңүлдүү. Андай учурларда жей турган балыгын илип алуу үчүн сууга минута сайын сайылып түшүп, ободо чабакчылар тынымсыз арыбери учуп жүрүшкөн. Жээкте көк кытандар каалгый басышып, ал эми кумдуу боорлордо кичинекей чулдуктар безилдеп чуркашып, көп сандаган өрдөктөр кез-кезинде топ-топ болуп, бир тараптан экинчи тарапка учуп кетип турушкан.

Бирок күн улам бийиктеп көтөрүлгөн ар бир саат сайын аба да улам ысый баштаган. Куштардын сайраган үндөрү бириنен соң бири басылат. «Мунун эсесине,— деп жазат Николай Михайлович,— курт-кумурскалар дүйнөсү баш көтөрүп чыгуучу, ошентип дарыянын кумдуу жээктеринде көп сандаган көпөлөктөр учуп жүрүшкөн». Алардын ичинен ал чоңдугу алакандай, көгүш түс басымдуулук кылган ар кыл түстөгү эң кооз жана ошону менен бирге өтө сак Papylio Maacki деген көпөлөктү бөлүп көрсөтөт. Бирок ошол көпөлөктөр менен бирге, деп өкүнөт саякатчы, «аба ырайы тынч күндөрдө күндүр-түндүр мазаны ала берүүчү тумандай каптаган чымын-чиркейлер пайда болот».

Акырындап ысык да кайтып, кечки салкын башталат. Ошентип, түнөк жөнүндө ойлонор да убак келет, алар түнөө үчүн дайыма кумдуу жээктен кургак жер табууга аракеттенише турган.

Казак-орустар жай жана кечки тамакты даярдап бүтүшкөнчө Пржевальский менен Ягунов өз иштери менен алек болушкан.

Ал эми иш ар дайым көп боло турган: гербарий үчүн жыйналган өсүмдүктөрдү кургатуу, канаттуулардын эки-үч кебин бузбай катыруу, күн бою көргөн кызыктуу жана маанилүү нерселерди күндөлүккө жазуу...

Мына ошентип, Ханка көлүнөн агып чыккан бирден бир Сунгача дарыясы Уссуриге куйган жерден 12 чакырымчалык алыстыкта жайгашкан Буссе станицасына да келишти.

Пржевальский Сунгача дарыясы боюнча жогору Ханка көлүнө чейин рейстик чакан кеме менен барган. Сунгача өтө кызык дарыя болуп чыкты. Жазылыгы 40—60 метр келгени менен дарыянын тереңдиги 4 метрден 10 метрге, ал эми кээ бир жерлеринде ал тургай 20 метрге чейин жетет. Анын үстүнө терең жерлери түздөн-түз жээктен башталат, ошондуктан бул дарыянын нугун каньон түрүндөгү терең кемерге салыштырууга болот. Анан Сунгачанын ушундай терең жана кууш нугу өзүнүн бүткүл созулушунда сегиз цифрасына окшош чукул имерилиштерди жасап, ал имерилиштер дарыяда сүзүү жолун дээрлик үч эсе узарткан.

Сунгача төмөнкү жагында көп жерин токой, көбүнчө дуб каптаган болор-болбос көтөрүңкү түздүк аркылуу, жогорку жагында саздуу, өтө суз жерлер аркылуу агып өтөт. Бул түздүктүн көңүлсүз суз томсоргон ландшафты кээде Сунгачанын жээк бойлорундагы көлдөрдө жана булуңдарында өсүүчү нелюмбиялар (лотостор) көрүнө калганда капилеттен жандана түшөт. Виктория-региянын жакын тектеш нелюмбиянын ачык жашыл түстөгү тегерек калың чоң жалбырактары (алардын даиметри 70 см ден ашык) жана эң чоң (ачылган желекчелеринин диаметри 25 см ге чейин жетет) кооз кызгылт гүлү бар.

Сунгача жана анын жээктери тиричилик кайнаган жерлер. Көп учурларда өрдөктөр жана көк кытандар кеменин тумшук алдынан учуп чыгышкан. Жанына жакындатпаган кара каздар да, биз аларга элүү кадам чукулдап калганда гана оболоп учуп кетишкен. Ал тургай ошол айланадагы саздарда анда-санда гана ээрчишип жүрүшкөн өтө сак каркыралар да кемени көрө замат учушпастан, анын артынан узата карап, эмнегедир элтеңдей кыйкуулап кала беришкен. Пржевальский эки-үч жолу жээктен суу ичүүгө келген эчкини (тоо эчки), ал эми бир жолу ал тургай аюуну да көрдү. Уссури боюнча кайык менен өткөрүлгөн татаал саякатынан кийин күн чайыттай ачылып, аба ырайы жакшы болгон бул учурга туш келген кемеде сапар улоосу Пржевальский үчүн жагымдуу жана татыктуу эс алуу катары кабыл алынган. Анын үстүнө айлана-чөйрөнү курчап турган жаратылыштын өзү — жаныбарлар жана канаттуулар дүйнөсү бейкапар жүргөн эл жашабаган түздүктөрдү аралап өткөн анчалык жазы эмес дарыя, ал өзү айткандай, ага «өзгөчө жана кызыктырарлык түрдө таасир эткен, мындай көрүнүштү албетте, азыр Европанын эч бир жеринен табууга болбойт».

Тилекке каршы, бул эс алуу көпкө созулган жок — саякатчы үчүнчү күн дегенде Ханка көлүнүн жээктеринде болду.

Үч тарабынан — түштүгүнөн, чыгышынан жана түндүгүнөн сормо саздар менен курчалган бул көлдүн аянты бир кыйла чоң —4000 чарчы км ден ашык эле. Бирок терендиги болгону 1—3 метр гана болгон. Орто жерине барган ченде гана 10 жана андан бир аз көбүрөөк метрге жеткен. Бир аз катуурак шамал болсо эле көл толкуп чыгып, кеме жүрүшү үчүн коркунучтуу болуп калган. Бирок анын тайыздыгы кемелердин жүрүшү үчүн коркунучтуу болгону менен балыктардын жашоосу үчүн табылгыс жер. Көлдүн тайыз, жакшы жылыган суусу, ошондой эле кум-баткактуу таманы жана саздуу жээктери балыктардын жашоосу жана урук таштоолору үчүн эң ыңгайлуу болгон.

Ханка көлүндө балыктардын отуздан ашык түрү жашайт, алардын ичинде лосось жана осетр сыяктуу бөтөнчө баалуу түрлөрү бар. Анын үстүнө осетрлердин кээ бирөөлөрү айрым учурларда үч-төрт пудга (48—64 кг), ал эми калуга — осетр тукумуна кирүүчү белугалар түрүнө жатуучу узундугу 4 метрден ашкан балык отуз пудга (жарым тоннага) жетет.

Балыктардын урук таштоо үчүн Ханка көлүнө өтө көп барышы көл муздан бошонгон кез апрелдин аяк ченинен башталат. Мына ушул учурда суусу мол кең Уссуриге келген балыктардын ченемсиз зор тобу кууш нуктуу Сунгачага өтүп, мунун натыйжасында май айында бул дарыяда балык кыжылдап толуп кетет. Ушул кезде көп учурда таң каларлык окуялар да болот. «Бул жолу, Сунгачанын баш жагына келип калганыбызда,— деп жазат Николай Михайлович,— салмагы 18 фунт (7 кг) келген бир сазан кеменин палубасына, жүргүнчүлөр кечки чайын ичип отурган столдун алдына ыргып келип түшкөнүн өз көзүм менен көрдүм».

Пржевальский 1867-жылдын жайынын аягын жана күзүнүн башын дыйкандарды каттоо жана жергиликтүү жаратылышты изилдөө, адаттагысындай эле, канаттуулардын күн көрүүсүн өзгөчө ыракаттануу менен изилдөөнүн үстүндө иштеп, Ханка көлүнүн боюнда өткөрдү. Бул жерден ал Ханка боюндагы түздүктүн адырлуу талаасын кесип өтүп, түштүккө — Новгород гаванына (Посьет булуңу) жол тартты.

Ханка талаалары, деп белгилейт саякатчы, бүткүл Уссури крайы боюнча келечектеги калктуу пункттарды жайгаштыруу үчүн эң мыкты жер. Андагы жер кыртышы жакшы жана жайыттары мол. Эң маанилүү дагы бир жагы — Ханка талааларын суу каптап кетпейт.

Талаанын калың чөптөрү көптөгөн канаттуулар: кыргоолдор, бөдөнөлөр, торгойлор жана Уссури крайынын башка эч бир жеринде учурабаган тоодактар үчүн баш калкалоочу ишенимдүү жай болуп саналат.

Пржевальский 1867-жылдын күзүндө жана кышында Япон деңизинин жээктерин изилдөөнүн үстүндө иштеди. Ал жээктеги эң маанилүү булуңдардын, бухталардын жана гавандардын өзгөчөлүктөрүн кылдаттык менен изилдеп чыкты, кемелердин ток-

топ турушу үчүн аларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле крайдын экономикалык өнүгүшү үчүн алардын маанисин талдап жана салыштырып көрдү.

Саякатчы Новгород гаванында бир айга жакын убактысын өткөрдү, андан соң жээктен четтеп, Түштүк Уссури крайынын али аз белгилүү бөлүгү менен таанышып чыгуу үчүн чакан ат кербенин курап, чыгыш тарапка жөнөдү. Бүткүл бул маршрут адегенде Пограничный тоо кыркасынын (түштүктө), андан соң Сихотэ-Алиндин чыгыш тармактарынын жалгыз аяк тоо жолдору менен катаал кыш мезгилинде өттү.

Жол боюндагы, өзгөчө жээк тилкесинен обочороок жердеги тоолор жалбырактуу жыгачтардын чытырман токойлору менен капталган, бул токойлордо жапайы эчкилер, чаар ала марал, антилопалар (кыязы, анчалык чоң эмес кулжалар болсо керек) изюбрлер, жапайы чочколор, кашкулактар, аюулар, енот сыяктуу иттер, илбирстер, сүлөөсүндөр, мадылдар жана жолборстор — тайганын башкы көркү: күчтүү, денеси чоң болгону менен өзү шамдагай жана узун куйруктуу жырткыч жашайт.

«Мен,— деп жазат Пржевальский,— бир жолу жолборстун эркегинин терисин көрдүм, анын узундугу куйругун кошо эсептегенде он бир жарым фут (3,4 м) экен. Бул жалпы цифранын сегиз футу (2,4 м) денесине жана үч жарым футу (106 см) куйругуна туура келет.

Тайга боюнча өзүнчө жалгыз сейилдөөнү жакшы көргөн Пржевальскийди эзелки калыбында турган Уссури тайгасы абдан суктанткан. «Кайда карабагын адамдын колу тийген кенедей да жышаан көрүнбөйт: баары эзелки калыбында, жымжырт, кол тийбеген бойдон турат. Кээде тыяктан, кээде быяктан кылт койгон жаныбарлар гана бул токойлорго да турмуш, бирок жапайы, өзүнчө бир түрдүү турмуш кайнап тургандыгын жолоочуга эстетип турат»... дейт ал.

Жээк боюндагы бардык өрөөндөрдүн (Сихотэ-Алиндин түштүк жана чыгыш капталдарынан деңиз тарапка агып чыгуучу дарыялардын өрөөндөрүнүн) ичинен Пржевальскийге баарынан көп жакканы Сучан өрөөнү болду, ал ушул өрөөндө да дыйкандарды каттоону жүргүзгөн. Анын узундугу 60 километрден ашык. Ал үч тарабынан бийик жана типтик тоолор менен курчалып, деңиз тарабынан гана ачык болгон. Бул жердин топурагы семиз болгон жана стол сыяктуу тептегиз рельефтүү өрөөн иштетүү үчүн өтө ыңгайлуу эле. Сучан өрөөнүнүн кооз өзгөчөлүктөрүнүн бири — анда кыргоолдордун өтө көптүгү, алар адамдар турган үйлөргө жакын жерлерге жакалай жүрүшүп, «ар кандай дан эгиндерин жана ал тургай картошканы да аябагандай жок кылып кетишет»,— деп Пржевальский өзүнүн буга таң калгандыгын билдирген.

Пржевальский Сучандан Ольга бухтасын көздөй жөнөгөн. Ага баруучу жалгыз аяк жол Сихотэ-Алиндин капталдай тараган тармактарына кыркалай чыккан түнт тайга аркылуу өтүп,

бирде бийик тоолорго көтөрүлүп, бирде төмөн түшүп же типтик аскаларды айлана деңиз жээгин жакалай өткөн кечмеликтер аркылуу ийрилип жүрүп отурат. Николай Михайлович деңиздин жымжырт ээн булуңдарынан өздөрүнүн фонтандарын атырылтып чыгарып коюп жүргөн киттерди көргөн. Деңиз жээгинде жалама аскалардын этегинде океандын ак толкундары дайыма көбүктөнө урунуп тургандыгына суктанган.

Ал Ольга бухтасында зарыл болгон байкоолорун жүргүзүп жана дыйкандарды каттоосун аяктап бүткөн соң Сихотэ-Алиндин чыгыш капталдарынан Тынч океанды көздөй агып чыккан Тазуши дарыясынын куймасын көздөй түндүк-чыгыш тарапка кеткен. Посьет булуңунан баштап ал басып өткөн жолдун боюндагы өсүмдүктөр кыйла аз жана бир түрдүү (дуб токойлору гана) болуп чыкты, анан Ольга бухтасына жакындай баштаганда гана кедрлер менен карагайлар, аларда негизинен тоолордун түндүк капталдарынан көбүрөөк кездеше баштады.

Мына ушундай токой Тазуши өрөөнү боюнча да жогорулай созулуп жатат. Бирок ал анын өйдөңкү жагына барганда дуб, липа, кайың, ильма аралаш чыккан карагайдын ийне жалбырактуу түркүмдөрү менен алмашат. Бул жердеги токойлор калаган чийдей — көп сандаган жапайы жаныбарлар, алардын ичинде киштер да жашаган эзелки чыныгы тайга. Бул тайга Сихотэ-Алиндин батыш капталына чейин да уланып кетет, саякатчы өйдөңкү Уссуринин бассейнине мына ушул каптал аркылуу түшкөн.

Пржевальский 1868-жылы январдын орто ченинде дээрлик үч айга созулган кышкы кыйын саякатын аяктап, Буссе станицасына кайтып келген. Ал мына ушул саякатынын убагында Сихотэ-Алинди ашып, тоо жолдору аркылуу 1140 км жол арыткан. Ал экспедициясы башталгандан тартып бардыгы 2250 км жол басып өткөн.

Ошентип Николай Михайлович кайрадан Ханка көлүнүн жээгине келди. Кыш мезгилинде Ханканын жээктери көңүлсүз жана томсоруп ээн. Сунгача түздүгүндө да ошол эле көрүнүш. Айлана жымжырт. Кез-кезде гана Сунгачанын кар жатпас жерлеринде кыштаган дырдыгый өрдөктөрдүн бир нечеси шуу учуп өтөт, же каракурлардын тобу көрүнө калат. Анда-санда чочугансып, түндүктөгү тундрасынан жер түбүндөгү биякка эмне келгени белгисиз кар үкүлөрү көзгө чалдыгат. Бул кезде мында айбанаттар да сейрек, түлкү, кашкулак, енот, арс чычкан, ач күсөн гана кездешет.

Февралдын баш ченинен тартып тиричилик жандана баштайт. Адегенде ак куйруктуу суу бүркүтү, андан соң тээ көз жеткис ободон томсорогон түздүктү жаңырта «жагымдуу обон салып», келе жаткан көктөм жарчысы куркулдак ак куулар пайда болот. Алардан соң кара каздар, анан узун шыйрактуулардын эң чыдамсыздары — даур жана уссури каркыралары келет.

Ошону менен эле келгин канаттуулардын учуп келиши ты-

йылбайт. Күн сайын улам жаңылары учуп келе беришет. Алардын арасында жырткычтары да — күйкө шумкар, куш, кара айры куйрук, ошондой эле соно, каракур, көк кытан, ак чардак, каздар, дале кайта элек түнкү ызгаарды тоотпогон көзгө сүйкүм түштүк кушу кызыл шыйрак, ибис кездешет. Марттын акыркы аптасы башталгандан тартып келгин куштар каптап келе баштайт, ал эми апрелдин баш ченинен тартып кечээ эле жымжырт жаткан түздүктөр адам таанығыстай өзгөрөт. Талаа-түздү каркыралардын кыйкуусу, сансыз өрдөктөрдүн каркылдаганы, каздардын үнү, чулдуктардын сайрашы, каракурлардын куркулдаганы, ызгыттардын чый-чый эткени жаңыртат. Келгин куштар уламдан улам көп келе берет.

Мындан көп өтпөй эле күзгүсүн жана жазгысын маал-маалында **Уссури бассейнинен түштүккө, кайра түндүккө жайыт** издеген тоо эчкилеринин жер которуулары башталат.

Пржевальский 1869-жылдын жай айларында Ханка бассейнинин батыш жана түштүк бөлүктөрүндө иштеген. Ал бул крайдагы катташууга боло турган жаңы жолдорду издеп, тоолорду жана өрөөндөрдү басып өтүп, же дарыялар жана өзөндөр боюнча кайык менен кыдырып чыккан. Бирок Николай Михайлович өзүнө берилген тапшырмаларды аткаруу менен эле чектелип калган жок. Ал мурдагыдай эле канаттуулардын жана жаныбарлардын жашоосуна кылдаттык менен байкоо жүргүзгөн, крайдын климатына жана аба-ырайына тийиштүү байкагандарынын баарын күндөлүгүнө жазган, бул жерге дыйканчылык жана мал чарбасын уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп билген.

Убакыт дегениң тез өтөт экен... «Июль аяктады, аны менен бирге менин да алтындай жакшы күндөрүм бүттү! — деп саякатчы кайгыруу менен өз күндөлүгүнө жазган.— Ханка көлүнөн кеме менен өтүп, мен кайрадан Сунгачанын башталган жерине келдим... Ал жерден эртеси Уссуриге, Амурга жана андан ары Иркутск аркылуу Россияга кетишим керек».

Н. М. Пржевальскийдин Уссури крайы боюнча саякаты мына ушундайча аяктаган.

Николай Михайловичтин Уссури крайы боюнча саякаты өтө үзүрдүү болуп чыккан. Ал ошол жерге аяк койгон биринчи окумуштуу болбосо да, биз аны орус Ыраакы Чыгышынын ушул бөлүгүнүн биринчи изилдөөчүсү болгон деп атасак толук жөндүү болот. Анткени Пржевальский өзүнүн маршруттары менен орустун башка саякатчылары ага чейин барып кайткан аймактарды гана эмес, өзүнө чейин эч ким болбогон жерлерди да камтыган. Ал Ханка көлүнүн батыш жана түштүк жээктерин да изилдеп, Посьет булуңунан Тазуши дарыясынын куймасына чейин өзүнөн мурдагы саякатчылардай деңиз жолу менен эмес, кургактагы тоолор жана токойлор аркылуу өтүүчү жалгыз аяк жолдор менен чоң жана кыйын жолду басып өткөн. Ал Сихотэ-Алинь тоо кыркасын эки жолу ашкан. Николай Ми-

хайлович өзүнүн рельефи боюнча татаал Находка бухтасынан Тазуши дарыясына чейинки жерлердин топографиялык схемасын чийген жана Сихотэ-Алинь тоо кыркасынын чыгыш капталын картага түшүргөн.

Пржевальский Уссури крайынан эң сонун, бай коллекция алып келген, бул коллекцияда өсүмдүктөрдүн 300гө жакын түрү (бардыгы 2000 нуска), катырылган 310 канаттуунун кеби, сүт эмүүчүлөрдүн 10 териси, канаттуулардын 42 түрүнүн 550 жумурткасы жана ар түрдүү өсүмдүктөрдүн 83 түрүнүн уруктары болгон. Ага илим үчүн Уссури крайында жашаган кара коёнду жана курма түрүндөгү өсүмдүк — диморфантты ачуу бактысы туш келген.

Пржевальский ыраттуу илимий системага салып, фактыга негизделген көп материалдарды чогулткан жана Уссури крайынын биринчи жолу толук жазылган баяндамасын берген. Ага Европанын ушундай эле кеңдиктеринде жайгашкан райондорунан өтө айырмаланган бул крайдын жаратылышынын эң башкы жаратылыштык закон ченемдүүлүктөрү менен өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жардам берүүчү эң кызыктуу жана маанилүү жалпылоолор менен корутундулар таандык.

Мында Пржевальскийдин бардык кыйынчылыктарга карабастан 15 ай бою күнүнө үч маал системалуу түрдө жүргүзгөн метеорологиялык байкоолорунун биринчи даражадагы мааниси бар.

Уссури крайынын климатынын башкы белгилерин карап көрүп, ал крайдын бир кыйла түштүк тарапта, түндүк кеңдигинин 42-жана 48° унун ортосунда жайгашкандыгына карабастан, Уссури крайынын климаты Батыш Европанын гана эмес, ошондой эле чыгыш Европанын да ошол эле кеңдикте жайгашкан жерлеринин климатынан алда канча катаал экендигин айтат. Уссури крайындагы жылдык орточо температура, мисалы, Россиянын Европалык бөлүгүнүн чыгыш жагында 10—15° тан түндүгүрөөк тарапта жайгашкан шаарларда байкалганга жакын. Ал эми кышкы орточо температурасы түндүк кеңдиктин 64° унун алдында жайгашкан Архангельскидегиге караганда дээрлик 4° ка төмөн.

Николай Михайлович Уссури крайы үчүн узакка созулган, аяздуу кыш, ачык-жарык күз жана кеч келүүчү жаз мүнөздүү деп тыянак чыгарат. Бул климат, крайдын деңиз боюнда жайгашкандыгына карабастан деңиз климаты эмес эле континенттүү климаты,— деп ал корутундулайт. Муну менен бирге тумандуу жана жаан-чачындуу жайы (ал ысык болсо да) анын климатын деңиз боюндагы өлкөлөрдүн климатына окшош кылып коёт.

Уссури крайынын климатынын өтө катаалдыгынын себебин Пржевальский материктин жээгине муздак суу агымын алып келген Япон деңизинин жагымсыз таасири, бул агымдын терс таасиринин бошоңдошуна көмөк көрсөтпөгөн үстөмдүк кылган

шамалдын багыты жана акырында, нымды кармап жана сактап, жаан-чачындын мол болушуна алып келген (бул токойлор жана саздар) саздар жана түнт токойлор менен капталган «өлкөнүн иштетиле элек жери» деп туура түшүндүрөт.

Климаттын өзгөчөлүктөрү өз кезегинде Уссури крайындагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн таң калтырарлык өз айырмалуулугун, түндүк жана түштүк формаларынын кайталангыс айкалышуусун шарттаган, бул жөнүндө Пржевальский ачык-айкын жана образдуу мындайча деп жазат: «Түндүктүн жана түштүктүн формаларынын мындай аралашып кетишин көрүп көнбөгөн көзгө кандайдыр таң каларлык сезилет, мындай аралашып кетүү бул жерде өсүмдүктөр дүйнөсүндө жана жаныбарлар дүйнөсүндө да учурайт. Өзгөчө жүзүмдөрү чырмалып өскөн карагайлардын түрү, же кедр жана пихта менен катар өсүп турган пробка дарагы грек жаңгагы таң калтырат. Машке сизге аюуну же булгунду таап берет, бирок ошонун эле жанынан чоңдугу жана күчтүүлүгү боюнча Бенгалия жунглисинин жашоочуларынан кем эмес жолборсту кездештирүүгө болот».

Командировкалык күбөлүк пункттарынын бири боюнча Пржевальскийге Уссури крайынын калкынын саны жана абалы жөнүндө маалыматтарды чогултуу тапшырылган болучу.

«Өз кызыкчылыктары жана даярдыгы жагынан алганда Николай Михайлович нагыз жаратылыш изилдөөчүсү болгон. Бирок ал экономикалык-статистикалык изилдөөлөрдү да эң жакшы аткарып, атайын тапшырманын чектерин кыйла кеңейткен. Чындыгында ал турмуштук жана этнографиялык кызыктуу сүрөттөөлөрдү келтирүү менен Уссури крайынын социалдык-экономикалык абалынын салыштырмалуу кеңири жана чыныгы көрүнүшүн көз алдыга тарткан».

Пржевальскийди Уссури крайынын табигатынын берекелүүлүгү зор жаратылыш байлыгы жана ошондой жердеги мээнеткечтердин, орус да, жергиликтүү да мээнет ээлеринин эң начар абалы таң калтырган. Бул жөнүндө ал Маяковскийдин сөзү менен айтканда «кабак кашым дебеген» кайдыгер статистикче эмес, абдан наараазы боло, алардын кыйынчылыктары менен кырсыктарынын себептерин таап, алардын турмушун жеңилдетүүчү жолдорду көрсөтүүнү көздөп жазган.

Мына ушунун баары Пржевальскийдин Уссури крайынын ар уруктуу жана ар түспөлдүү калкынын айыл чарбасын, турмуш-тиричилигин, кесипчилигин баяндап жазуусуна өтө баалуу жана өтө кызыктуу тарыхый документ катары кароого бизди мажбурлайт.

Уссури крайынын орус калкы ал кезде өтө аз санда болчу. Негизинен алар Забайкальеден көчүрүлгөн казак-орустар — 5000ден бир аз көбүрөөк, анан дыйкандар —214 үй-бүлө же болбосо эркеги жана аялдары болуп 1259 киши эле. Дыйкандарга бир аз сандагы отставкадагы солдаттарды, матросторду

жана дагы мөөнөтүн өтөгөн сүргүндөгүлөрдү кошушкан (кошо отурукташтырышчу). Казак-орустар Амурдун оң жээгин бойлото, негизинен Уссурини бойлой отузча станицаларда, дыйкандар болсо Ханка көлүнүн батыш жээгинде, талаа тилкесинде, Сучанда, Ольга бухтасынын тегерегинде жана жээктин айрым жерлеринде пайда болгон 13 (айрымдары эң эле кичинекей болгон) кыштакта жайгаштырылган.

Край кеңири жана бай, бирок анын калкы саны боюнча анча көп болбосо да (орустарды, жергиликтүүлөрдү да, башка жактан келгендерди да кошкондо) абдан азап тартып жатат. Азап тарткан себеби Пржевальскийдин байкоолору көрсөткөндөй, крайдын жаратылыш байлыктарынын же жырткычтык менен, же болбосо билбестик менен пайдаланылгандыгында; ал эми алардын билгичтик менен ийгиликтүү өздөштүрүлүшү жөнүндө кызматтагы милдети боюнча кам көрүлүшү керек. Эң сонун эмен токойлорун башка жактан келишкен промыселчилер бир-эки жылдан кийин ал жыгачтардын чириндилеринен козу-карын териш үчүн аёосуз кыйышкан. Жапайы айбандарга аңчылык кылуу барып турган варвардык жол менен жүргүзүлгөн. Жашынган жерлеринен жаныбарларды кууп чыгаруу үчүн жаңы отурукташкандар чөпкө өрт коюшкан, мындан көптөгөн жаныбарлар өрттөн кырылары, баалуу токой өрттөнөрү менен эсептешишкен эмес. Жерди айдоого өздөштүрүү да өтө начар жүргүзүлгөн. Тажрыйбасы жетишсиздиктен дыйкандар жергиликтүү шарттарга ылайыкташа алышкан эмес, ошондуктан алардын жазында жакшы чыккан эгини жайында нымдын артыкбаш болгондугунан өспөй же аны жаан чиритип, же курт жеп кеткен.

Баарыдан да Пржевальскийди уссурийлик казак-орустардын өзгөчө оор абалы таң калтырды. Алар Уссуриге Забайкальеден 1858—1862-жылдарда көчүрүлүп келинген. Каалаtermas да, каалабаса да алар өсүп өнгөн жерин таштап, алыстагы таанибаган аймакка жөнөөгө мажбур болушкан. Өзүнүн ордуна кандайдыр бир кедейди жалдап, мындай сүргүндөн байлар гана кутула алышкан.

«Кадыресе, мындай учурда өзүн сатканга жерсиз, жалгыз баштар, томаяктар гана макул болушкан, анткени алар жаңы аймакка да жакыр бойдон келишкен,— деп жазат Николай Михайлович. — Алар гана эмес,— деп ал андан кийин түшүндүрө бир аз байыраактары да өзүлөрү менен мал жана ар түрдүү буюмдарды жетиштүү санда алышса да, оор жана узак жол тартууда, ар кандай кырсыктардын натыйжасында, алардын баарынан ажырап калышкан».

Көчүп келгендер зордук менен көчүрүлгөндөрүн ушунчалык оор кабыл алышкандыктан аларда жаңы жерлерине карата кандайдыр бир душмандык көз караш пайда болгон.

«Мурдагыдай эле азыр да Уссуринин бардык жеринде ар түрдүү кыйынчылыктар жөнүндө муңдуу наараzылыктар менен

мурдагы жерлери жөнүндө кайгылуу эскерүүлөр угулат» — деп окуйбуз биз Пржевальскийден.

«Бул жерде кандай жашоо болсун,— деп арызданышкан ага казак-орустар,— кышында жегенге эч нерсе жок, ачкадан өлө бер, жайында болсо чымын-чиркейден (кара чымын, сайгак, чиркей) өзүңө да, малга да жашынар жер жок».

Жыл сайын кыштын орто ченинен тартып калктын көпчүлүк бөлүгү ачкадан өлбөс үчүн казынадан (мамлекеттен) бир аз санда эгин карызга алышчу, анын унунан нан жапканда ар түрдүү отоо чөптөрдүн уругун, ал тургай топуракты да кошушкан. Бул нанга негизги жардамчы туз кошуп демделчү кирпич чай, же болбосо жылуу сууга аралаштырылган кара буудайдын уну — чаңытма эле. Бирок көптөгөн адамдарда чаңытма жана чай жок болгондуктан, столдорунда кайыңдын же эмендин кургатылган чириндилеринен даярдалган оозго алгыс суюктук — шульта турган.

Ачарчылык жана ар кандай кыйынчылыктар менен күрөшүү адамдардын кебетесинен да көрүнгөн. «Өңдөрү купкуу, жаактары шимирилген, бет сөөктөрү оркойгон, кээ бирде түйрүлгөн эриндер, көпчүлүк бөлүгү орто бойлуу жана оорулуу кебетелүү — бул казак-орустардын кебетесинин мүнөздүү белгилери мына ушулар»,— деп Николай Михайлович жүрөгү ооруп жана кайгылуу жазат өзүнүн күндөлүгүнө.

«Бул жерден сиздер сакалы көкүрөгүнө түшкөн келишимдүү улуу орус мужигин же болбосо кызыл жүздүү жаш жигитти көрө албайсыздар — деп улантат, саякатчы. — Жок! Казак-орустун балдары да, кандайдыр бир илең-салаң, оюнга көңүлсүз аталарынын тирүү бир түрү. Волганын жээктеринде көп угулчу орустун ырларын Уссуриден бир да жолу уккан жокмун; сизди ташып бара жаткан арабакеч «ак эмес кар» же болбосо ушул сыяктуу башка бир нерсени ырдап да койбойт; жада калса бул жерде кадыресе орустун аттарга кыйкырганы да жок; анын ордуна кандайдыр бир өзгөчө: цсши, цсши, цсши... дегени, да акырын, жарым үн менен айтылып, кээ бирде дене боюңду дүркүрөтүп, ушунчалык жагымсыз угулат.

Уссури крайында ошол мезгилге чейин пайда болгон бардык орус кыштактарынын ичинен, Воронеж, Тамбов жана Астрахань губернияларынан көчүп келгендер негиздеген Ханка көлүнүн батыш жээктериндеги үч кыштактагы гана абал, Пржевальскийдин жыйынтыктоосу боюнча бир кыйла дурус болгон. Бул кыштактын дыйкандары эгин эгип, огород күтүшкөн, дарбыз менен коон өстүрүшүп, өгүздөрдү кармашып, алар менен жер иштетишкен, кой бага баштешып, акырындык менен балык улоону өздөштүрүшө башташкан.

Бул алыскы чоочун аймакта да дыйкандардын турмуш-тиричилиги Борбордук Россиядагыдай эле болгон, анткени алар өзүлөрү менен бирге бардык салттарды жана ырым-жырымдарды ала келишкен. Бардык майрамдарын алар туулган жерин-

дегидей таптак өткөрүшкөн. Кыштактын көчөлөрүнөн ар бир дем алыш сайын «чиркөөгө сыйынууга шашып бара жатышкан жасанган уландар менен кыздарды көрүүгө болот, алар анда тизилип алышып, кыштакты аралап басышат, бирок ырды сейрек угууга болот» — деп белгилейт Пржевальский.

Калган кыштактар бүт дээрлик жарды. Жардылыктан жана жайсыздыктан алар айрым учурда оор таасир калтырышат, себеби көчүп келгендердин көбүнүн үйлөрү «же чатыры жок, же болбосо ураган жана кир».

Мындан жүз жылдан бир аз мурунураак Пржевальский тарабынан жазылган бул саптарды окуганда, Уссури крайындагы орус калкынын жакырчылык абалынын түздөн-түз күнөөкөрлөрү — саякатчынын өзү да эскерген падышанын шалаакы чиновниктерин — кайра-кайра суук сөз менен эске түшүрөсүң. Чындыгында эле Россиянын Ыраакы Чыгышындагы жаңы жерлерге өлкөнүн борбордук райондорунан чыккандарды жана Забайкальенин казак-орустарын отурукташтырууга, анын үстүнө күч менен отурукташтырууга мүмкүн беле? Андагы дыйкандар кыртышта нымдын артыкбаштыгы менен эмес жетишсиздиги менен күрөшүп көнүшкөн. Же болбосо дыйкандардын үстүнө эгин айдоону билбеген жүздөгөн штрафник-солдаттарды; (анын үстүнө алар үй-бүлөсүз жана көпчүлүк учурда эмгексиз жашоодон бузулгандар болгон) келтирүүнүн муктаждыгы ушунчалык керек беле? Анысы аз келгенсип дыйкандардын үстүнө жерден эчак айрылышкан же болбосо дыйкандын эмгеги менен такыр тааныштыгы жок каторгага айдалган адамдарды алып келүүнүн эмне зарылчылыгы бар эле?

Пржевальский Уссури крайынын жергиликтүү калкы — ал ошол мезгилде жакырчылыкта, укуксуздукта жана караңгылыкта болушкан гольддор менен орочтордун турмушун өтө кызык жана эң ачык кылып баяндап жазган. Ал иштин жайын билгендик менен алардын чарбачылыгы, коомдук жана үй-бүлөлүк турмушу жөнүндө жазат, турмуш-тиричилигинин эсте каларлык сүрөттөөлөрүн берет.

Мына ушулардын баары бир кыйла баалуулукка ээ. Анын үстүнө азыркы кезге салыштырганда гольддор менен орочтордун тагдырында Совет бийлигинин жылдарында кандай зор өзгөрүүлөр болгонун терең жана толук түшүнүүгө бизге мүмкүнчүлүк берет. Биздин Мекендин калкынын саны боюнча чакан бул элдери жакырчылык менен укуксуздук деген эмне экенин эчак эле унутуп коюшпастан, өлкөнүн мурда артта калган башка майда элдери менен бирдикте жогорку социалисттик маданиятка жетишишти.

Бир кезде текши сабатсыз болгон аларда азыр өздөрүнүн интеллигенциясы бар. Анын катарларынан Советтер Союзунда кеңири белгилүү болгон нанай жазуучусу Григорий Ходжер же сүрөтчүсү нанай Андрей Бельды сыяктуу улуттук жазуучуларын жана сүрөтчүлөрүн көрүүгө болот.

Николай Михайлович гольддор менен орочторду чоң сүйүү жана жылуу сезим менен сүрөттөп жазат. Гольддор (азыркы аттары — нанайлар, б. а. жер адамдары), анын жазгандары боюнча жаратылышынан жумшак мүнөздүү, балдарын абдан сүйүшөт, балдары да ата-энесин жакшы көрүшөт.

Бардык иштерди гольддор биргелешип, макулдашуу боюнча чогуу чечишкен. Аялдар эркектердин кеңешмесине катышышкан эмес. Бирок да үй турмушунда эркектерге көз каранды болушса да аялдар эне жана үйдүн тейлөөчүсү катарында эркектер менен дээрлик бирдей укуктан пайдаланышкан.

«Жалпысынан гольддор ак пейил, жумшак мүнөз, тынч калк, аларга чын пейилден жакшы келечек каалоого болот» — деп алардын укуксуз жетишсиз оор турмушун байкап, Пржевальский кейиш менен жазган.

Гольддор Уссурини, анын айрым куймаларын жана ошондой эле Амурдун төмөнкү агымын жээктеп отуруктапшкан. Алардын кыштактары кичинекей, үчтөн онго чейин үйү болгон. Үйлөрү топурактан салынган, планда төрт бурчтуу келип, чатыры эки жакка тик жантайма болгон. Үйдүн жанында кургатылган балыкты жана балыктын запасын келемиштерден сактоо үчүн жыгач устундардын үстүнө орнотулган кампа турган.

Гольддордун жайындагы ошондой эле жазындагы жана күзүндөгү башкы кесиби — балыкчылык, кышында — айрыкча булгунга аңчылык кылуу болгон.

Балык кармоонун жолдору өтө ар түрдүү жана бир чети өзгөчө эле. Мисалы, жазында үйөр жүрүп бүткөндө, балык урук таштоо үчүн дарыя боюнча жыш өрдөп баратканда, аны илмектүү аспаптар менен кармашкан. Балык өтүп бара жатып илмектерге сайылып калат да, жулкунуп жатып, терең сайылып алат, анын үстүнө жулкунганда балык башка илмекчелерге сайылып бошоп кете албай калат. Балыкты кармоонун мындай жолу балыктар бири-бирине тыгыз жанашып өтүп бараткандында гана мүмкүн.

Жазгы суу кирген учурда балыкты учундагы жибин тартып койсо жабылып кала турган тегерек торчо менен кармашат. Күзүндө суу тартылганда жайма торду колдонушат.

Жайында балыкты узун сап жыгачка (2 м ге чейин) ашталган, үчүлүк айры түрүндөгү дегээ менен уулашат. Үчүлүк түрүндөгү дегээ балыкка сайылгандан кийин сабынан оңой эле чыгып кетет, бирок балык кете албайт, анткени дегээ жыгач саптын бөлөк учуна жип менен байланган.

Өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн сууда өткөрүшүп, гольддор өздөрү үчүн эң ыңгайлуу кайык-оморочканы жаратышкан. Ал ичке, бирок бекем таяктардан жасалып, жыгачтын кабыгы менен капталган. Анын узундугу 5—6 м, бирок ал абдан жеңил жана сүзгөнгө элпек. Гольддун тажрыйбалуу (ишенимдүү) колунда, ал бир узун калак менен эки тарабын тең жирегенде оморочка «куштай учат». Эгерде ылдам жүрүүнүн кажаты жок

болсо гольд күрөк сыяктуу эки кичине калак алат да алар менен сууну шашпай шилейт.

Уссури крайында балык кармоонун эң кызуу кези сентябрдын ортосунда, кета (Тынч океандын лосось балыктарынын бири) дарыяны өрдөп урук таштоого бараткан мезгилде болот. Так ошол мезгилде гольддор балыкты өзүлөрү үчүн да, кышында чанага чегүүчү жана мергенчиликке пайдаланган иттери үчүн да бир жылдык кылып жыйнап алышат.

Балыкты кышка даярдоодо аялдар иштешет. Ар бир балыкты алар жара бөлүшөт да, туздабай туруп, күнгө кургасын үчүн илип коюшат. Күнгө ушинтип кургаган балык алардын тилинде юкола деп аталат.

Көчүп келген орустар кетаны гольддорчо кургатышпастан туздашат. Туздалган түрүндө ал даамы боюнча семгага окшош, бирок бир аз катуураак.

Гольддор иштеген маанилүү дагы бир чарбачылык — аң уулоо, биринчи кезекте булгунга аңчылык кылуу. Аңчылык мезгил биринчи кар түшкөндө башталып, бүт кыш бою созулат. Аңчылык кылуу үчүн гольддор Сихотэ-Алинь тоолоруна кетишет.

Гольддор мыкты аңчылар, эреже катары булгундан бир далайды кармашат, аларды кармоо чоң чеберчиликти жана чыдамдуулукту талап кылган. Жыл аңчылык кылуу үчүн ийгиликтүү же ийгиликсиз болгонуна жараша, ар бир аңчы кыштын аягына чейин 5 тен 20 га чейин булгун кармашат. Бул чыныгы байлык. Бирок мергенчи бардык олжосун соодагерге ал койгон баа боюнча өткөрүп берет. Көпөстөн күн мурун карызга алган ок-дары, туз жана тамеки, таруу жана арак үчүн өткөрүп берет.

Орочтор же болбосо таздар (орочтор удегейликтерге жакын эл, өздөрүн нани деп аташат) жөнүндө Николай Михайлович, алар Япон деңизине куйган суулардын жана Уссуринин ири куймаларынын жээктеринде жашашат деп жазат. Ал аларды «селсаяктар», башкача айтканда көчмөндөргө жана отуруктууларга бөлөт. «Селсаяктар» өмүр бою өзүнүн үй-бүлөсүн бир жерден экинчи бир жерге көчүрүп жүрүшөт. Алар жыгачтын кабыгынан жасалган алачыктарда жашашат. «...Адатта бүт үй-бүлө алачыктын орто чениндеги отту тегеректеп жарым-жартылай жылаңач отурушат, алачыктагы түтүндөн көзүңдү ача албайсың» — деп жазат Пржевальский.

Орочтор алачыктарын азык көп болгон жерге, балыгы мол дарыянын боюна, же жаныбарлары көп токойдун аянтчасына орнотууга аракет кылышат.

Орочтун турмушунда кандайдыр бир жерден жапайы чочкону же бугуну өлтүрсө, «селсаяк» орочу ошол жерге көчүп келет да аны бүт жеп түгөткөнчө ошол жерде жашайт, жеп түгөткөндөн кийин дагы жаңы жерге көчүп келет. Ошентип улам бир жерге алачык куруп, бүт өмүр бою көчүп жүрөт.

Үйлөрүндө орочтор кышында гана, булгунга аңчылык кылган учурда жашашат. Аң уулоого аялдар жана балдар менен калуучу чалдардан башка бүт эркектер кетет.

Орочтордун аялдары ар кандай жасалгаларды жакшы көрүшөт. Алардын ар биринин оң таноосу менен кулактарына жоон шакектер өткөрүлүп, аларга жыйырма тыйындык монетадай чоңдуктагы жез же күмүш чолпулар илинип турат. Андан башка, ар бир салааларында, айрым учурда жез же күмүш бир нече шакектер, билектеринде да ушундай эле, же сейрек учурларда айнектен билериктер болот.

Гольддор сыяктуу эле орочтордо, жада калса отуруктуураларында да эгин айдоо жок. Алар жалаң балык кармоо жана аң уулоо менен күн көрүшөт. Булгундун жана башка териси баалуу айбандардын терилерин да көпөстөргө ошолор койгон баа боюнча жыл бою карызга алган азык-түлүк жана аңчылык жабдыктары үчүн өткөрүп беришет. Албетте караңгы жана коргоосуз ороч эч качан карыздан кутула алган эмес жана гольд сыяктуу эле өмүр бою көпөскө кулдай эле көз каранды болгон.

Уссури крайынын калкынын турмушун жана тиричилигин айкын, кызыктуу фактылар келтирип жазуу илимий гана мааниге ээ болгон жок. Ал алдыңкы орус адамдарынын көңүлүн Уссури крайындагы жаңы көчүп келгендер сыяктуу эле жергиликтүү калктын да коркунучтуу оор абалына бурган. Бул падышачылыкты айыптаган документ сыяктуу болуп калды.

Бул саякатынын натыйжаларын Пржевальский «Уссури крайына 1867—1869-жж. жасалган саякат» деген китебинде жарыялаган.

Пржевальский чогулткан фактыга негизделген материалдардын илимий баалуулугу, анын изилдөөлөрүнүн методикасы, кызыктуу жана чечкиндүү жыйынтыктары менен жалпылоолору Россия окумуштуулары тарабынан жогору бааланган. Пржевальскийден орус илими кандай ишти да болбосун ага тапшырууга боло турган таланттуу изилдөөчүгө ээ болгонун баары көрүштү.

Ошондон кийин Пржевальский жаңы экспедициянын, эми азыр Борбордук Азияга долбоорун географиялык коомго сунуш кылганда, Географиялык коом аны олку-солкусуз кабыл алып, экспедиция үчүн бир топ каражат бөлдү жана аны уюштурууу боюнча кыйла көмөк көрсөттү.

## МОНГОЛИЯГА ЖАНА ТАНГУТТАР ӨЛКӨСҮНӨ САЯКАТ

Борбордук Азияга өзүнүн биринчи саякатынын планын Пржевальский Орус географиялык коомунун жетекчилеринин бири П. П. Семенов менен бирге иштеп чыккан. Бул планда Сары дарыянын (Хуанхэ) баш жагындагы үйрөнүлө элек аймактарды, бул дарыянын орто агымындагы зор ийрилиште жай-

ланышкан Ордос платосун, Кукунор көлүнүн бассейнин жана Тибет тайпак тоосунун түндүк чет жакасын изилдөө каралган.

Үч жылга болжолдонгон маршрут Монголия менен чектелип турган орус шаары Кяхтадан[1] башталды.

Пржевальский Кяхтага 1870-жылы ноябрдын башында келди.

Борбордук Азиянын босогосунда турган Россиянын чыгышындагы маанилүү соода шаарынын турмушун кызыгуу менен байкап: «Бөлөк аймактардын жакын экендиги Кяхтада биринчи жолу эле сезилди дейт Николай Михайлович. — Шаардын көчөлөрүндө чубашкан төөлөр, күнгө тотуккан, бет сөөктөрү уркуйган монголдор, узун чачтуу кытайлар, түшүнүксүз бөлөк тил — мына ушунун баары биздин Мекенден жана анда кымбат эмне болсо ошондон ажырата турган кадамдын алдында турганыбызды айкын айтып турду...»

Кяхтада Николай Михайлович кармалбады. 17—29-ноябрда эле анын анча чоң эмес төө кербени Кяхтаны Ички Монголиядагы Калган менен туташтырып турган кең соода трактысына чыкты.

Николай Михайлович өзү жана анын жаңы жардамчысы Михаил Александрович Пыльцов төө чегилген араба менен келе жаткан[2].

Төөлөр канчалык жай басышса да Кяхта саякатчылардын көзүнөн тез эле далдаада калды, курчап турган жаратылыш аларга токой менен жашыл шалбааларга бай келген өздөрүнүн туулган орус Забайкальесинин эң жакшы жерлерин элестетип жатты.

Экспедиция Ургага бир жума дегенде жетти. Урга (азыркы Улан-Батор, Монгол Эл Республикасынын борбору, азыркы кездеги мыкты жашоо шарттары түзүлгөн, жакшы жашылдандырылган шаар) ал кезде анча деле чоң эмес болчу. Анын калкы бар болгону 30 миң кишиге жетип, шаардын монголдорго таандык болгон бөлүгүндө жашаган монголдордон жана жалаң гана

---

[1] Экспедициянын маршруту Россия менен чектешип туруучу Сырткы Монголия же болбосо Халха Монголия (азыр Монгол Эл Республикасы) жана Халха Монголиянын чыгыш жагындагы ички Монголия (азыр Кытайдын түндүгүндөгү ички Монголия Автономиялуу району) аркылуу өттү. Кяхта Халха Монголиянын чек арасына жакын жайланышкан.

[2] Уссури аймагына саякаттоо боюнча жолдошу, эң мыкты иштерман Николай Ягуновду бул жолу Пржевальский өзү менен бирге ала алган жок. Ал жөнүндө камкордук кылып, кийинчерээк Ягунов аскердик билим алгандан кийин экспедицияларына катыштыруу үчүн, Николай Михайлович Ягуновду Варшава юнкердик окуу жайына орноштурган. Бирок, Николай Михайловичти терең капага салып, анын бул максаты аткарылбай калды: Висла суусуна түшүп жатып Ягунов чөгүп кетти. Николай Ягуновдун ордуна, өзүнүн биринчи Борбордук Азияга жасаган экспедициясына, Варшава юнкердик окуу жайынын бүтүрүүчүсү Михаил Александрович Пыльцовду, өзүнүн мурдакы эң сүйүктүү окуучуларынын бирин чакырды. Бул тандоо эң орундуу болуп чыкты. Пыльцов өзүнө берилген ишти эң мыкты аткарып саякаттын башынан аягына чейин Пржевальскийге жакшы жана ишенимдүү шерик болуп жүрдү.

чиновниктерден же соодагерлик жасап, шаардын башка бөлүгүн ээлеген кытайлардан турган.

Жүз-жүздөп иретсиз салынган топурак үйлүү ал кездин Ургасы, Пржевальскийди өзүнүн жагымсыз кейпи жана антисанитардык (ыплас) абалы менен, ал түгүл анын борбору базар аянты да таң калтырган. Ошону менен бирге, өз мааниси боюнча ламаизмди тутунган (буддизм дининин бир түрү) монголдор үчүн ал Лхасадан кийинки диний экинчи борбор эле. Ошондуктан, Урганын монгол бөлүгүндөгү алтын жалатылган чатырлуу кечилканалар менен сыйынуучу жайлардын өтө көптүгү жана шаардын монгол калкынын басымдуу бөлүгүн түзгөн ламалардын (будда кечилдеринин) көп санда болушу таңкаларлык деле эмес болгон.

Ургадан ары токой жана шалбааларга өтө бай Сибирдин ландшафтынын тышкы көрүнүшү күтүүсүз тез өзгөрүп, саякатчыларды Куньлундун батыш этегинен Хинган тоолоруна чейин кең тилке болуп созулуп жаткан, Монголияны Маньчжуриядан бөлүп турган, Азиянын улуу чөлү Гоби туш тарабынан курчап калат. Тактап айтканда, Урганын жанында кадимки чөл али жок. Ал эки жүз километр түштүгүрөөктөн пайда боло баштайт. Азырынча саякатчылардын алдында боз үйлөрү талаанын кең аймагында чачыранды болуп жайгашкан, монгол-көчмөндөргө тиешелүү малдары ээн-эркин жайылып оттогон калың чөптүү талаанын өтмө тилкеси созулуп жатат. Андан арыраак түштүктө гана бул бир аз дөбөлүү келген, айрым жерлеринде кеңдик боюнча созулган жапыз аскалуу тоолор кесип өткөн бир түрдүү талаа чөлгө айланат.

«Гоби» деген ат монголдун суусуз жер дегенди түшүндүргөн «говь» деген сөзүнөн келип чыккан. «Гобиден же бир дарактьь, же бир бадалды көрө албайсың,— деп белгилейт Пржевальский. — Бул жерден жапыз гана чөптөрдү — кунарсыз, кызыл түстөгү кыртышты жаба албаган татаал гүлдүүлөрдүн жана дандуу чөптөрдүн бир нече түрлөрүн, таана менен шыбакты көрүүгө болот.

Зым сыяктуу катуу, нымдуу жерде өскөн жалтырак чий, шор кыртышта өсүүчү төөнүн жакшы көргөн тоюту бударгана (ичке күүдүрөк) да сейрек кездешет».

Ургадан Калганга чейин 1000 чакырым[1]. Кяхта-Калган трактынын бир кыйла көп бөлүгү Гобинин чөлдүү бөлүгүндө. Бирок, айлана-чөйрөнүн чөл сымал мүнөзүнө карабастан, бул тракт тиричиликсиздей эмес эле. Болжол менен анын ар бир жыйырма чакырым жеринде почта станциялары орун алган. Чындыгында, булар кадимкидей эле, монголдун башка боз үйлөрүнөн эч айырмаланбаган, жандарында кудук казылган почта станциялары болгон.

Улуу чөлдү кесип өткөн жолдун дал өзүндө, ар дайым ушул

---

[1] 1 чакырым — 1067 м.

мезгилде, кышында, ары-бери жол тартуу өкүм сүрүп турган: Калгандан Кяхтага чай тарткан кербендер биринин артынан бири өтүп жатты. Кербендер ушунчалык көп болгондуктан, экспедиция аларды бир эле күндүн ичинде ондогон жолу кездештирип жатты.

Токтолбос жашоону жолго жанашкан Гобинин чөлдүү аймактарынан дагы байкоого болгон. Бардыгынан көбүрөөк саякатчылардын көзүнө каргалар, тартынбастыгы менен адепсиздиги эч ойго келбегендей, олбурлуу жырткыч куштар чалдыгып жатты. Бир аз көз жаздымында калса эле, алар жүктүн каптарын тытып-жыртып, азык-түлүктү талап, ал эмес төөнүн өркөчтөрүн дагы тытмалап жиберишкен. Чөлдүн ушул канаттуу каракчылары менен бирге чөлчүлдөр (булдуруктар), Борбордук Азия чөлдөрүнүн эң мыкты сайроочулары жана башка куштардын сайрагандарын туурагандыгы жагынан устат-монгол торгойлору да кездешет.

Сүт эмүүчүлөрдөн Пржевальский чоңдугу келемиштей болгон, коёндун жакын тукумдашы кичинекей жаныбарлар даур жөрмөлөгүн жана көп учурда алыстагы дөбөнүн чокусунан кербендерге көз салган жейренди (элик сыяктуунун тукумунан) гана көргөн.

Декабрдын аяк ченинде саякатчылар алды жактан тоо кыркаларынын бүлбүлдөгөн караанын көрүштү. Бул монгол тайпак тоосунун көтөрүңкү келген түштүк-чыгыш чети эле. Экспедиция тайпак тоонун чекесине жеткенде анын көз алдына «сыйкырдуу түш сыяктуу» капыстан эле төмөн жактан тоо кыркалары, тик аскалар, капчыгайлар менен терең кууш өрөөндөр тартылып, алардын ары жагындагы мунарыктан күмүштөй ийрилген суулар менен тепчилген накта Кытайдын калкы жыш отуруктакашкан өрөөндөрү көрүндү. Ушул жерде, Монголия менен Кытайдын чегинде Калган (Цзянцзякоу) шаары жайгашкан, ал тоо боюнча созулуп жаткан атактуу Кытай дубалына баруучу жолду тосуп турган.

Экспедиция жаңы эле басып өткөн Монгол тайпак тоолорунда катуу шамал болуп, 37° га жеткен суук саякатчылардын беттерин каарып жатса, алар узун кууш капчыгай менен түшүп келген Калганда, календарда декабрь болгонуна карабастан, аларды жадыраган жаз тосуп алды.

Пржевальский Калгандан Кытайдын аймагында саякат кылууга зарыл болгон Кытай паспортун алуу үчүн Пекинге барды. Ал Пекинде экспедициянын керек-жарагын толуктап, дагы айрым уюштуруу маселелерин чечүүгө тийиш болгон.

Бул маселелер Пекинде чечилип бүткөнчө, Николай Михайлович жаратылышы менен таанышкысы келип, Гобинин четки чыгыш бөлүгүнө (ички Монголиянын чегинде) эки айлык жүрүшкө барып келген, ал мындан сырткары Далайнор көлүндө куштардын жазгы учуп өтүшүнө байкоо жүргүзүүнү көздөгөн.

Жүрүш оңой болгон жок. Жаз мезгили болгондугуна кара-

бастан Гобинин бул бөлүгүндө аба ырайы суук жана өзгөрүлмө эле. Айрым учурда бороонго айланган катуу шамал тынымсыз согуп турган, аба болсо өтө кургактыгы менен айырмаланган.

Пржевальский Қалганга апрелдин аягында кайтып келди. Бир нече күндөн кийин 3(15)-майда, керек-жарактарын толук чогултуп бүтүп, анын экспедициясы Қалгандан чыгып кетти да, кайрадан Монгол тайпак тоосуна көтөрүлүп, планда белгилендей, почтонун жолу боюнча батышка, Ички Монголиянын башкы шаары — Кукухото шаарын (азыркы аты Хух-Хото) карай жол тартты.

Экспедицияда төрт эле киши: Н. М. Пржевальский, М. А. Пыльцов менен дагы эки казак-орус болгон. Жүк сегиз төөгө жүктөлдү. Төөлөрдөн башка мине турган эки ат менен Фауст деген ит бар эле.

Адегенде экспедиция, кытай калкы бир кыйла көп жашаган жана монголдордун көчтөрү дагы көп кездешкен дөңсөөлүү талаа менен жүрдү.

Бир аз убакыттан кийин экспедиция Монгол тайпак тоосунун түштүк четин курчап турган жапыз тоолорго жетти. Гобинин ачык аймактарындагыга караганда чындап эле жылуураак келген тоо арасында лещинанын, сары ит мурундун, жапайы өрүктүн, бөрү карагаттын, кызылгаттын, долононун, шилбинин, арчанын бадалдары көгөрүп турду.

Тоо кыркаларынын биринен Пржевальский Азиянын бийик тайпак тоолорунун эң бир сонун жаныбары — аргалини биринчи жолу көрдү. Аргали адам жеткис аскалуу тоолорду мекендеген аркарлар. Коркунуч туулган учурда секиргенде жерге жумшак урунуш үчүн аргали мүйүздөрүнө таянып түшөт деген ойдон чыгарылган сөздөр болсо керек деп эсептейт Николай Михайлович. Анын айтуусунда, ал эч качан мындайды көргөн эмес. Аркарлар бийиктиги 6—8 м болгон аскалардан секирген бардык учурларда алар дайыма буттары менен эле түшүшкөн.

Май айында баштан аяк аба ырайы суук, шамалдуу болду. Суук шамалдар мурдагыдай, апрелдегидей эле күч менен бирде түндүк батыштан, бирде түштүк-батыштан согуп турду. Көп учурда каардуу бороон жүрүп, эртең мененкисин аяздан кыртыш тоңуп калган. Бирок, мезгил-мезгили менен алардын түндүк кеңдиктин 41° да жүрүшкөндүгүн саякатчыларга элестеткен өтө ысык күндөр да болуп турган.

Баотоу шаарынын жанынан экспедиция Хуанхэден өтүп, Сары дарыянын чоң имерилишинин түндүк-батышында жайгашкан кенен плато-ордоско келишти. Ордостун жеринин бети түздүктүү келген, бирок айрым жерлеринен гана аны жапыз тоолор кесип өткөн. Ордос аймагынын көпчүлүк бөлүгүнүн өсүмдүктөрү талааныкы. Бирок, анын ортосунан чөл ландшафттары, ал эми Сары дарыянын бурулушунун дал өзүндө кузупчилер — эшилме кумдар да кездешет.

«Бул, тиричиликтен таптакыр айрылган кум деңизинде адам оор абалга туш болот,— дейт Пржевальский Кузупчи кумдары жөнүндө.

— Бул жерде эч кандай дабыш, жада калса чегирткенин чырылдаганы да угулбайт — айлана көрдөй жымжырт». Бирок, ушул бир караганда жансыз көрүнгөн, эшилме кумдун арасынан кээде бадалдарды анча чоң эмес дарактар жузгун менен гречишниктерди да көрүүгө мүмкүн болгон жашыл оазистер кездешет.

Пржевальский дал ушул жерден, эшилме кумдун арасынан, Николай Михайловичтин бүткүл ботаникалык коллекциясынын сыймыгы болуп калган мүйүздүү пугионий сыяктуу, кайчылашкан гүлдүү өтө сейрек кездешүүчү өсүмдүктү тапты. (Биринчи жолу XVIII кылымда орус окумуштуусу Паллас тарабынан табылган жана кандайдыр бир себептер менен Лондон жана Штутгарт музейлерине барып калган эки кичинекей бутакчадан башка, бул өсүмдүк дүйнөнүн башка музейлеринин бириндe да жок.)

Ордоско өтө мүнөздүү, ошону менен бирге эң баалуу өсүмдүк катары, Пржевальский, кумдак чополуу топуракта өсүүчү дарылык касиетке ээ лакрица тамырын атаган.

Пржевальский Ордостон жейренге абдан окшош, же монголдор атагандай, хара-сультаны — кара куйрук антилопаны биринчи жолу көрдү.

Ордос байыркы замандан бери түрдүү баскынчылардын күрөшүнүн аренасы болуп келген. Монголдор бул жерге биринчи жолу XV к. келген. Андан кийин алар негизинен Хуанхэ өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө жашаган. Бирок Пржевальский ал жерге келген мезгилде, анда монголдор жок болгон. Ал келерден эки жыл мурда, XVII кылымдан тартып Кытайда бийлик кылган Цин (маньчжур) династиясынын эзүүсүнө каршы күрөшкөн дунгандардын көтөрүлүшчүл жоокерлеринин изин кууп келген ар кошкондордун отряддары бүт районду талап-тоношкон эле.

Ордостон Николай Михайлович Хуанхэнин батыш жээгине өтүп, Ордос менен Кытайдын башка батыш провинцияларынын калктарындай эле, бир топ запкы көргөн монголдордун калк сейрек жашаган жапайы, кунарсыз чөлү — Алашанга туш келген.

Алашань чөлүнүн жылаңач кумдары ондогон жана жүздөгөн километрге созулуп жатат. Кум массивдеринин өтө чоңдору монголдордо «тэнгри» б. а. асман деген өзгөчө атка ээ болгон.

Чөл өсүмдүктөрүнүн түркүмү өтө жарды келет. Пржевальский чөп сымал өсүмдүктөрдүн бир нече ондогон түрүн көрдү. Дарактар өтө сейрек кездешип, дарактан көрө бадалдарга көбүрөөк окшошуп кетет.

Алашань чөлүнүн бир кыйла кызыктуу өсүмдүктөрүнүн катарына сөксөөлдү кошууга болот, монголчо зак деп аталат. Бул

жапыз (бийиктиги 2—3 м) дарак. Сөксөөлдүн жыгачы өтө морт, буюм жасаганга жараксыз, бирок абдан жакшы күйөт. Анын бутактарындагы жалбырак ордуна сөңгөккө жабышкан кабыкча эле бүдүр өскөн, узун кылдуу щетканыкындай сапсайган, ширелүү шиңгилдерин төөлөр өтө жакшы жешет. Сөксөөлдүн баалуулугунун дагы бир жагы, анын тамыр тармагы кумдарды жакшы бекитип, алардын сапырылышына тоскоол болот.

Алашандын чөл флорасынын дагы бир белгилүү өкүлү — сульхир, же гоби кумарчини. Бул чөп сымал шор өсүмдүк. Жергиликтүү калк кургатып алышып, анын даамдуу, жегиликтүү үрөндөрүнөн ун тартат. Сульхир — накта «кудайдын белеги» дейт Пржевальский.

Алашань чөлүнүн чополуу жерлеринде, адатта, бударгана, таттуу-туздуу мөмөлөрүн адамдар менен жаныбарлар жакшы жеген хармык шор өсүмдүгү, талаа чернобыльниги (шыбак), тикендүү чырмоок, жапыз бадал-карагандар өсөт.

Алашань чөлүнүн фаунасы дагы жарды. Хара-сультадан башка, сүт эмүүчүлөрдөн карышкырды, түлкүнү, коёнду, чанда-чанда кирпичеченди жана кум чычкандарынын эки түрүн кездештирүүгө болот. Куштардан, кыштоо үчүн чөлгө учуп келишкен чөлчүлдөр, кара жана молдо торгойлор, ошондой эле кара каш торгой, чөл чакчыгайы менен таранчылар, ал эми жайкысын каркыралар дагы кездешет. Канаттуулардын ичинен монголчо холо-джоро, б. а. «боз жорго» деп аталган сай сагызган өтө кызыктуу, бул атты ушул канаттуу жоргодой болуп өтө тез чуркаганы үчүн алган.

Алашанда каркыра, сары, айры куйруктардын негизги азыгы болгон тегерек баш кескелдирик жана түрдүү майда кескелдириктер сыяктуу кескелдириктер өтө көп болгон. Кескелдирикке тоюнуш үчүн чөлгө Хуанхэден чардактар да учуп келишет.

Алашань чөлүн чыгыштан жана түштүк-чыгыштан бийиктиги 3000—3500 м ге чейин жеткен тоолор чектеп турат. Алар бардык жагынан өйдө тик көтөрүлүп, чөлдү чыгышынан чектеген мисалы Алашань тоо кыркасы сыяктуу өзгөчө чыгыш тарабында жапайы, альпылык көрүнүшкө ээ. Өзүнүн салыштырмалуу бир топ бийиктигине карабастан, ушул тоо кыркасы эч бир жеринде кар сызыгына жетпейт жана сууга абдан жарды келет. Бул Алашань тоо кыркасынын жазылыгынын кичинелигинен жана Пржевальскийдин аныктамасы боюнча «накта дубалдай» болгондугунан жааган жаан, анын тик беттерине токтобостон өтө тез агым менен коңшулаш чөлгө агып түшүп сиңип кетишинен болгон.

Алашань тоолорунда, аларды изилдеп жана куку-ямандарга аңчылык кылып Пржевальский эки жума жүрдү. Куку-ямандардын Алашань тоолорунда болушун Пржевальский экспедициянын Түндүк Тибетке жакындагандыгынын түздөн-түз күбөсү катары баалаган.

Бирок бул жолу Николай Михайлович Түндүк Тибетке бара алган жок. Анын мүмкүн болгон катаалдыктагы үнөмдөөсүнө карабастан, экспедиция үчүн алган каражаттар түгөнүп бараттты. Анын үстүнө, ага Пекинден берилген кытай паспорту, экспедиция келип токтогон Ганьсу провинциясынын чек арасына чейин эле жарактуу болучу. Баарынан дагы, бүткүл кырсыктарды толуктагансып Пыльцов ооруп калды. Пржевальскийге канчалык оор жана өкүнүчтүү болбосун, иштерин токтотуп, артка бурулуп, Пекинге барууга туура келди, бул жерден ал саякатты улантуу үчүн орус элчилигинен бардык керектүү нерселерди алууга үмүттөндү.

Экспедиция артты карай Алашанга келген жол менен кетти. Монгол тайпак тоосуна демейдегидей эле суук, температурасы 30°дан төмөн болгон кыш келди. Экспедициянын абалы төөлөр менен аттарга тоюттун өтө начарлыгы жана отко отун табуунун эң оор болгондугу менен өзгөчө татаалданды.

Кукухото шаарына чейин эки күндүк жол калганда экспедицияны дагы бир кырсык басты: экспедициянын төөлөрү жоголуп (же уурдалып) кетти. Бактыга жараша, ушундай болорун алдын ала билгенсип, жол буюмдарынын өтө керектүү болбогон бөлүгүн Пржевальский Алашанда эле сатып жиберген. Бирок, акча болгону менен жаңы төөлөрдү ошол замат эле сатып алууга мүмкүн болбоду. Акыр аягында төөлөрдү сатып алышты, бирок алар ошончолук начар, арык болгондуктан Калганга экспедиция алар менен зорго жетти. Бул жаңы 1872-жылдын астында болду.

Эки айдан кийин, эс алып жана экспедициянын керек-жарактарын толуктап алып, Пржевальскийдин экспедициясы Калганды дагы артка калтырып, кайрадан Монгол тайпак тоосундагы баягы эле жолго, өткөн жылы Алашанга барган жана ал жактан кайрылып келген жолго түшүштү.

Экспедициянын катарында айрым өзгөрүүлөр болду: өз милдеттерин аткара албаган эки казак-орусту башкалары менен алмаштырышты. Жаңы казак-орустардын бири он тогуз жаштагы орус жигит Панфил Чебаев, экинчиси — бурят Дондок Иринчинов болгон.

«Жолдошум (М. А. Пыльцов) экөөбүз бул мээрман адамдар менен тез эле ынак дос болуп жакындашып кеттик,— деп Николай Михайлович экспедициянын жаңы катышуучуларына татыктуу баасын берген. — Чексиз кайраты жана ишке берилгендиги менен бүткүл экспедициянын ийгилигине бардык мүмкүнчүлүгү менен шарт түзгөн өзүмдүн сапарлаштарым жөнүндө ыраазычылык эскертүүлөрүмдү табытка жатканга чейин сактаймын».

Алашань чөлүнүн чыгыш четинде турган Динъюань шаарынан Пржевальский азыркы Кытайдын Цинхай провинциясынын түндүк-чыгышында жайгашкан Кукунор көлүнө барууну белгилеген. Дал ушул убакта ал тарапка Пекинден кайрылып, тан-

гуттардын чоң кербени бара жаткан (алар жөнүндө алдыда дагы сөз болот).

Өзүнүн Кукунорго карата жол көрсөткүч кишиси жок болгондуктан Пржевальскийге бул өтө керек эле.

Тангуттардын кербени менен экспедициянын жолу мурда Николай Михайлович болгон түндүк жана ортоңку аймактарына караганда эшилме кумдар бир кыйла чоң аянтты ээлеген Алашань чөлүнүн түштүк бөлүгү аркылуу өттү. Бул жердеги эшилме кумдар, монголдор айткандай «тэнгри» эле, муну «асмандай чексиз кумдар» деп түшүнүү керек.

Мына, тээ алыскы түштүктөн, Алашань чөлүнүн түштүк-батыш жээгин чектеген, эч ким изилдей элек тоолордун карлуу чокулары саякатчылардын көз алдында жаркырады. Бул Наньшань тоо кыркасынын чыгыш бөлүгү болчу. Азырынча, ал жөнүндө али билбегендиктен Пржевальский аларды Ганьсу тоолору деп атады.

Наньшань тоо кыркаларынын чыгыш бөлүгү Тынч океандын муссондорунун алыстан тийгизген таасиринде болгон, ошондуктан бул жерде, Пржевальский туура болжолдогондой флора өтө бай дагы, көп түркүмдүү да болуп чыкты.

Пржевальский Чыгыш Наньшанды үйрөнүүгө көп көңүл бурду, токой алкагынын өсүмдүктөрүнөн тартып анын вертикалдык алкактар боюнча өсүмдүктөрүн илимде биринчи болуп талдап жазып чыкты.

Чыгыш Наньшандын токойлоруна талдоо жүргүзүп жаза баштаганда, Николай Михайлович дагы бир маанилүү тактоо жасайт: «...бул сөздүн биздеги маанисине ылайык келген чыныгы токойлорго, Наньшань тоолорунан чыгышка, б. а. Хуанхэ дарыясын карай агып түшкөн Тэтунг дарыясынын оң тарабында турган түштүк тоо кыркалары гана бай келет».

Бул токойлордон Пржевальский кызыктуу өзгөчөлүктөрдү байкады. Мисал үчүн, байтерек, кызыл карагай, карагай, дупүйгөн теректер менен катар эле күтүүсүздөн ал кызгылт кабыктуу кайыңды (гималай кайыңы), ошондой эле биздин кадимки четиндин жанында өсүп турган ак мөмөлүү четинди тапты. Токой алкагынын жогорку тилкесинде, негизинен тоолордун түштүк беттеринде, чындыгында альпы бадалдарынын аймагында, жергиликтүү элдердин арасында ыйык деп эсептелген жана кудайга сыйынуу учурунда пайдаланылган дарак сымал арча жөнүндө айтат. Пржевальский жасмин, ит мурун, бөрү карагат, крыжовник, шилби, тикендүү дан куурай өтө эле көп өскөн токойлуу алкактын бадалдарынын да көп түрдүүлүгү жана түрлөрүнүн көптүгү менен айырмаланган, окумуштуулардын ою боюнча дарылык касиети бар ышкын алардын арасында эң эле баалуусу болгон.

Николай Михайлович токой алкагынан жогору альпы бадалдары менен шалбааларынын алкагын бөлгөн. Мындан ал ушул алкакка мүнөздүү болгон рододендрон (Пржевальский бул

жерден рододендрондун жаңы төрт түрүн тапкан), төө куйрук караган (так эле ал Алашань тоо кыркаларынан көргөндөй), табылгы, тал жана бир катар башка өсүмдүктөрдү атаган.

Альпы бадалдары жайгашкан алкактан жогору Николай Михайловичтин байкоолору боюнча, түрлөрүнүн түркүмдүүлүгү жана чөбүнүн калыңдыгы жагынан ченемсиз байлыгы менен саякатчынын көңүлүн чындап эле кубанычка бөлөгөн альпы шалбааларынын алкагы жатат. Бул жерде түрдүү кызгалдактар, шыраалжын, көк базин, сары казтаман, кылканактуу соссюреясы жана дагы башка көптөгөн чөп өсүмдүктөрү өскөн.

Болжол менен 3660 м бийиктикте, суук болуп жана тез-тез эле аба ырайы бузулуп, шамал согуп турган тилкенин өсүмдүктөр каптоосу бир топ эле жакыр. Ал эмес, бул жерге төмөнкү алкактан өтүп келген шалбаа чөптөрү өтө кыска болуп, андан кийин таптакыр жоголуп, ордун мохтор менен эңгилчектерге өткөрөт.

Чыгыш Наньшань тоолорундагы жаныбарлар дүйнөсү өсүмдүктөр дүйнөсүнө салыштырганда түрлөрүнүн составы боюнча да, башынан саны боюнча да бир топ жарды келет. Муну, Пржевальскийдин жыйынтыгы боюнча бир гана нерсе бул жерди адам байырлаганы менен түшүндүрүүгө болот. Тангуттар ар дайым аңчылык кылгандыктан ири жаныбарлар бул жерде дээрлик сейрек, Бирок кээде кабарга менен кукуяманды, бугу менен эликти кездештирүүгө болот. Мында кемирүүчүлөр: тибет суурлары, тибет боз жөрмөлөгү, сокур жана талаа чычкандары көп. Сибирдикинен өтө айырмаланган коёндор, тыйын чычкандар да бар. Жапайы мышык, аюу, түлкү, кадимки жана кызыл карышкыр сыяктуу жырткычтар да жашашат.

Наньшань тоолорунун канаттуулар дүйнөсү жөнүндө айтып жатып, Пржевальский жаныбарлар дүйнөсүнө караганда анын бир топ бай жана ар түрдүүлүгүн көргөзөт. Анын үстүнө бул жерде Сибирдин да, Кытайдын да, Гималайдын да, Тянь-Шандын да фауналарынын өкүлдөрү бар.

Канаттуулардын арасында өтө кызыктуулары аз эмес. Таранчылар тобундагы мисалы, сууга сүзгөндү, чумкуганды, ал гана эмес тамак издеп, узун тырмактары менен таштарга жармашып тоо суусунун түбү менен басканды билген суу чымчыгы (оляпка) бир укмуш. Жырткычтар тобунан канаттарынын узундугу 3 м ге жеткен чоң кар жорусу өзгөчөлөнүп турат, ал эми тооктор тобунда болсо көгүш түстүү кулактуу эң сонун кыргоол өзүнө көңүл бурдурат.

Чыгыш Наньшань тоолорунун ар түркүн эң көп канаттууларынын ичинен Пржевальский, биздикинен чоңдугу менен да, кочкулураак түсү менен да айырамланган, окумуштууларга али белгисиз болгон чилдин жаңы түрүн тапты.

Пржевальский Наньшань тоолорунда бир нече ай жүрдү. Ушул убакытты, бардык жергиликтүү элдей эле, ал талоончулардан кооптонуп, чоң коркунучта өткөрдү. Бирок, Пржеваль-

ский басып өткөн жолдордун бардыгында тең, кээде андан да озуп, ага ар кандай сактоочу жарлыктан жакшыраак кызмат көрсөткөн айындар тарап жаткандыктан экспедицияга кол салууга эч ким батынган эмес. Биринде, аны ыйык, ошондуктан аны ок өлтүрө албайт экен дешсе, экинчисинде, аны сыйкырчы деп, керек болгон учурда анын буйругу боюнча эч кимге көрүнбөс миңдеген жоокерлер пайда болуп, ал үчүн салгылашат экен деп ишендиришкен, үчүнчүсүндө, Пржевальский менен анын сапарлаштарынын таң каларлык атуу чеберчилиги жана мээлегенди жазбай аткан укмуштуудай мылтыктары жөнүндө аңгемелер ооздон оозго өтүп жатты. Акыркы шарт, б. а. атканды эң мыкты билгендик менен жакшы курал, экспедициянын мүчөлөрү кылган теңдеши жок эрдик менен бирге талоончуларды токтотуп турган эң негизги шарт болучу. Жээктерине 1872-жылдын октябрынын орто ченинде кырсыксыз жеткен Кукунорго карай жолду Пржевальскийге анын эр жүрөктүүлүгү жана чечкиндүүлүгү ачып берди деп айтууга болот.

«Менин өмүрүмдөгү тилегим орундалды... — деп ал аябагандай кубаныч менен күндөлүгүнө жазган... — баштан өткөн бардык кыйынчылыктар унтулуп, биз жолдошубуз менен бирге кубанычка бөлөнүп, улуу көлдүн жээгинде, анын кереметтүү күңүрт-көгүш толкундарына маашырланып карап турдук».

Николай Михайловичтин кубанычын түшүнүү оңой. Тибеттин четки тоолоруна жапжакын, деңиз деңгээлинен 3200 м бийиктикте жаткан Кукунорго жетип, анын «кереметтүү күңүрт-көгүш толкундарына» маашырлана карап туруу — бул дүйнөдөгү эң бийик тайпак тоонун босогосуна — саякатчынын бүткүл өмүрүндөгү негизги максаттарынын бирине жана тилегине жакындашы эле.



Гобидеги сөксөөл араларындагы конуш.

Бул максаттын жакын экендигин бардыгы: Кукунор талааларынын асмандагы торгойдун безенгени да, Тибеттин чөл чымчыктарынын (тоо булдуругу) пайда болушу да, сөксөөл сай сагызганынын, мукурлардын, ошондой эле боз жөрмөлөктөрдүн сырткы кейпиндеги, адаттарындагы жаңы өзгөчөлүктөр дагы кабарлап жатты. Баарынан да, анын Тибеттин босогосунда турганын, Кукунор талааларында Тибеттин эң бир мүнөздүү жаныбарларынын бири — куландын (жылкы тукумундагы жаныбар) жүргөндүгү бекемдеп жатты.

Кукунорго келгенде, Пржевальский тангуттардын, X кылымда Алашань менен Түндүк Тибетте 1227-жылга чейин жашап келген Си-ся (кытайчадан которгондо — Батыш мамлекети) маданияттуу чоң мамлекетти түзүшкөн тангуттардын тукумдарынын жайгашкан борборлорунун бирине туш болду.

Тангуттар — элдердин тибет-бирма тобуна кирүүчү эл. Николай Михайловичтин баяндамалары боюнча алардын бою орто же ортодон жогору, дене түзүлүшү бакжагай болгон. Бет түзүлүштөрү боюнча бир нече кылым коңшу жашаган монголдорду да, кытайларды да элестетпейт. Пржевальский аларды көбүнчө цыгандарга окшош деп эсептейт.

Тангуттардын кийими — ноотудан же койдун терисинен тигилген жайкыга чепкен, ал эми кышкыга ичик; «бул жергиликтүү климат менен, өзгөчө нымдуу жайы жана суук кышы менен шартталган» — деп белгилейт Пржевальский. Чепкен, ал түгүл ичик да, жылаңач денеге кийилет. Аялдар да эркектердикиндей эле кийим кийишет.

Көчмөн тангуттарга топоздун жүнүнөн одуракай токулган чатырлар турак үй катары кызмат кылган. Токойлуу аймактарда гана дыйканчылык менен кесиптенген айрым тангуттарда чатырдын ордун тегизделбеген жыгачтардан эпсиз салынган морсуз үйлөр алмаштырган.

Тангуттардын негизги кесиби — мал чарбасы: топоз менен кой, кээде жылкылар менен уйларды багуу.

Тангуттар кара-тангут жана сары тангут болуп бөлүнүшөт. Кара-тангуттар менен сары тангуттар Борбордук Азиянын ар кайсы жерлеринде жашашат. Пржевальский ушул саякатында таанышкан Кукунор менен Цайдамдын тангуттары кара-тангут дегенди түшүндүргөн хара-тангуттар эле. Алар сары тангутарга салыштырганда бойлуу[1] жана терилеринин өңү бир кыйла карараак. Мындан тышкары, хара-тангуттар чачын өрбөй, башын устара менен такыр кырдырышкан. Көчмөн турмушта жашашкан малчылар болгондуктан, алар өзүлөрүн борбордук бийликтерден көз каранды эмес алып жүрүшкөн, бир топ эле жоокер келишип, бейпил жаткан монгол калкына кол салып турушкан. Жоокерлик мүнөзүнө карабастан, кудай-

---

[1] Сары тангуттар Синин шаарынын аймактарында жайгашкан (Синин шаарынан түштүк-чыгышка). Алар жөнүндө мындан ары сөз болот.

га сыйынууга хара-тангуттар абдан ынтызар болушкан, бардык тангуттар сыяктуу эле өтө ырымчыл келишип, өзүлөрүнүн лама-шамандары кесип кылган сыйкырчылыкка ишенишкен.

Николай Михайлович Кукунордо жүргөн кезинде ага Кытайдагы Тибеттин элчиси Камбы-нанту абдан кызыктыруучу сунуш менен кайрылды. Камбы-нанту Лхасадан Пекинге карай 1862-жылы чыккан эле, бирок кайтып келе жатканда, дунгандардын көтөрүлүшүнүн айынан Ганьсу провинциясынан ары барууга мүмкүнчүлүгү болбой дээрлик он жыл бою кармалып калды. Басып өткөн жерлеринде калктын арасында аты легендага бөлөнгөн Пржевальскийдин эр жүрөктүүлүгү менен таймanбастыгы жөнүндө көп уккан Камбы-нанту орустун саякатчысынан, анын коргоосу менен, акырында, үйүнө кайтып жетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү ишеничтүү жол шеригин көрдү. Көрсөткөн кызматынын акысы катары далай-ламанын элчиси экспедициянын Лхасага чейин жетишине Пржевальскийге жардам берерин сунуш кылды.

Пржевальский үчүн Тибеттин башкы шаарына чейин далай-ламанын өзүнүн официалдуу өкүлү менен кайталангыс бирге баруу бактысы туш болду. Башкача сөз менен айтканда, европалыктардын киришине иш жүзүндө тыюу салынган тибеттиктердин ыйык борборунун эшиги алар үчүн ачылган болучу.

Николай Михайлович баары бир Камбы-нантунун сунушунан баш тартууга мажбур болду. Лхасага чейин али көп бар эле, ал эми экспедиция үчүн элчиликтен (Пекинден) алган акча түгөнүп бараткан. Жумшак айтканда, экспедициянын жабдылышы аны экинчи жолу иштин эң маанилүү учурунан аксатты.

Калган каражаттар менен анын аткара ала турган эң орчундуу иши. Янцзынын (Көгүлтүр дарыянын) баш жагына жетүү болгон. Бул деле болсо чоң жетишкендик болмок, деп ойлонгон ал, анткени Тибет тайпак тоосундагы ар бир кадам, ал түгүл кичинекей кадам да илим үчүн эң өзгөчө мааниге ээ болгон. Бул чоң коркунучтар менен байланышкандыгына карабастан, ал эмнеси болсо да Янцзынын баш жагына барууну чечти, кантсе да бул жолу ал жергиликтүү бийликтерден жол көрсөтүүчү киши алган эле, ал эми бул милдетти бир кыйла эле жеңилдеткен. Кукунордон чыгып Николай Михайлович түштүк-батышка бет алды, Кукунор кырка тоолорун ашып өттү дагы Цайдамда болуп калды.

Цайдам — түндүгүнөн Наньшань жана Алтынтаг кырка тоолору менен (Алтынтаг Пржевальскийдин кийинки саякатында ачылган), түштүгүнөн Тибет тайпак тоосунун түндүк четин жээктеген Бурхан-Будда кырка тоосу менен чектелген узундугу 800 км ге жакын, ал эми жазылыгы 100дөн 300 км ге чейин жеткен тоо арасындагы суу агып чыкпаган зор чуңкур. Цайдамдын түбү көпчүлүк жерлеринде калың, музга окшош

кабыкчаны пайда кылган тузга каныккан дээрлик туташ саз болгон. Ушундан анын «Цайдам» деген аты (монголчо «шор») келип чыккан.

Бурхан-Будда кырка тоосуна Цайдам аркылуу жол табылбаган соң, Пржевальский аны көздөй, кээ жерден тоңгон топурак басып, кээ жерден төө менен иттердин жаралуу буттарын жеген такыр тузду басып, түздөн-түз эле барууга мажбур болду.

Цайдамдын таза жана тунук күзгү абасында Бурхан-Будда тоолорун саякатчылар жүз элүү чакырымдан эле көрүштү. Бирок, анын этегине жеткенге чейин, кербен Цайдамдын шор жерлеринде көпкө илээледи. Бирок анын кыркаларындагы өр жол жалпысынан жантайма жана узун болгону менен — отуз чакырымга жеткен,— Бурхан-Будда кырка тоосуна чыгыш укмуштуудай оор болду. Кычкылтектин жетишсиздигинен адамдар менен мал-жандардын демдери кыстыгып, тез чарчап жатышты.

Пржевальскийдин сөзү менен айтканда, Бурхан-Будда кырка тоосу «Түндүк Тибеттин бийик, муздак жана чөлдүү тайпак тоосунун зор кароолундай» болуп турат. Анын эң бийик чокулары 5000 м ден кем эмес көтөрүлүп турат. Эгерде Цайдамдын түбүнөн ал болжол менен 2000 м ге көтөрүңкү болсо, Бурхан-Будда кырка тоосуна түштүктөн кошулган Тибет тайпак тоосунун түздүктөрүнөн болгону бир нече жүз же эң жогору болгондо 1000 м ге көтөрүлгөн — бул тайпак тоо деңиз деңгээлинен ушунчалык бийиктикте турат.

Бурхан-Будда кырка тоосу, өзгөчө анын дээрлик суусуз түндүк капталдары, катаал да, кунарсыз да көрүнөт. Түштүк беттеринде таптакыр суу жок эмес, ошондуктан анда шалбаалар да бар. Бирок Пржевальскийди капа кылганы, алардагы чөптүн, баарын жапайы жаныбарлар жана кан соруучу чымын-чиркейлерден корголотуп Цайдамдан бул жерге монголдор айдап келген малдар жеп койгон экен.

Бурхан-Будда кырка тоолорунун кырына чыгып Пржевальский Түндүк Тибеттин асманынын астында турду. Андан түштүктө жүздөгөн чакырымга созулуп, Бурхан-Будда кырка тоосуна жарыш чыгыштан батышка созулган, ошондой эле кеңдик боюнча багытталган, өтө зор тайпак тоо кыркасы жатты.

Эң жакынкысы, өзүнүн тышкы көрүнүшү боюнча Бурхан-Буддадан бир аз эле айырмаланган Шуга кырка тоолору болгон. Ошондой эле каңгыраган тоолор, ошол эле бирде көгүш, бирде саргыч болуп такыр чопонун, шагыл менен ачык тоо тектеринин түстөрүндөй кубулган жылаңач беттер. Анын кырларында гана зор аскалар калдайып, айрым чокуларында агарып кар жатты.

Шуга кырка тоолорунан түштүгүрөөктө турган кийинки тоолордун кыркасы — Баян-Хара-Ула. Бул тоо кыркасынын

артыкчылыгы, өзүнө жакын жаткан башка тоолорго караганда бийиктигинин жапыз болгонуна карабастан, Кытайдын эки улуу дарыяларына суу бөлгүч болуп кызмат кылганында эле: анын түндүгүндө Хуанхэнин башаты, түштүгүндө болсо, бул жерде монголчо Мурусу деп аталган, Янцзынын жогорку агымы жатат. Баян-Хара-Ула тоолору башкалардан дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү — анын түштүк жактары, Пржевальский буга чейин Түндүк Тибеттен көргөн бардык жерлерден түшүмдүүлүгү менен айырмалангандыгында болгон.

Ал эми жалпысынан алганда Шуга жана Баян-Хара-Ула кырка тоолорунун ортосундагы мейкиндик, саякатчынын айтуусу боюнча «деңиз деңгээлинен 14500 футка (4400 м ден жогору) жогору көтөрүлгөн коркунучтуу чөл экен». Бул территориянын бардыгы ар кайсы жеринде чачыранды жаткан, курчап турган жерден 300 метрче бийик көтөрүлгөн жапыз тоолору же дөбөлөрү бар тегиз эмес плато түрүндө болчу. Ал, бул плато Түндүк Тибеттин чөлдөрүнүн жалпы тибин түзөт деген жыйынтыкка келген. Бул жердин климаты укмуштуудай катаал болгон. Кышы бою, айрым учурда жазда да катуу суук менен кардуу шамал басымдуулук кылган, жайында, болсо жамгыр, кээде чоң мөндүр аралаш жамгыр төгүп турган. Күзүндө гана аба-ырайы ачык, бейпил жана жылуу болгон.

Түндүк Тибет чөлдөрүнүн чополуу, кум менен шагыл аралаш топурагы кунарсыз келет, туздун ак тактары бар такыр топуракты жаап турган чөптөрдүн эрбейген түптөрү менен сары-кызыл эңилчектерди чанда-чанда гана көрүүгө болот. Булактар чыккан жерлерде гана шалбааны түзүүчү жапыз, шамал өтө кургаткандыктан бут тийгенде эле дандары чаңдай үбөлөнүп кетүүчү өтө эле сейрек чыккан өсүмдүктөр каптоосу пайда болот.

Платодогу абанын сейректиги ушунчалык зор болгондуктан дейт Пржевальский, кичине эле жерге басуу, же жапыз эле тоого чыгуу абдан чаалыктырат. Бүткүл организмде, айрым учурда баш айландырганга чейинки алсыздык сезилген. Колубут калтырап, кустурган. Атмосферанын өтө сейректиги уктаганга да тоскоолдук кылган, деп наалыйт Николай Михайлович. Жаткан абалда думугуу айланы кетирет, чыканактап же отурган абалда уйку келсе, ал өтө тынчсыз жана кыска болуп эс алдырбайт. Өтө бийиктикте отту тамызыш да оңой эмес: аргал начар күйөт, суу 80—85°C температурада кайнай баштагандыктан этти да бышыруу мүмкүн эмес.

Бурхан-Будда тоо кыркасынан баштап түштүккө карай, Тангла тоо кыркасынан ылдыйлаганга чейин, б. а. 800 чакырым аралыкта, Түндүк Тибеттин территориясында калк жашабагандыгы бекеринен эмес деген жыйынтыкка келет Пржевальский. Ал тургай кербендердин кадимки эле жүрүштөрү бул жерде бир топ опурталдуу. Адамдар кырсыкка учураганда бардыгын таштап, өзүлөрүнүн жанын сактоону гана ойлоп калган учур-

лар да болгон. Мисалы, 1870-жылы Лхасадан чыккан 1000 төө жана топоздору бар 300 кишиден турган чоң кербен ушундай абалга туш болгон. Капысынан түшкөн оор кардын, андан соң кескин башталган сууктун айынан экспедициянын унаа-жандыктары ачкадан кырыла баштайт. Төөлөр менен топоздордун бардыгы дээрлик өлүштү. Сууктан 50гө жакын адам өлгөн. Калгандары зорго аман калган.


Жапайы топоз.

Түндүк Тибетте экспедицияда жүргөн эки жарым айы, Пржевальскийдин Борбордук Азияга биринчи саякатынын үч жылынын ичиндеги эң эле оор мезгили болгон. «Биздин жашоо толук маанисинде өмүр үчүн күрөш болучу» — деп эскерет Николай Михайлович.

«Бирок, өзүнүн бардык кунарсыздыгына жана катаал климаттык шарттарына карабастан, Түндүк Тибет чөлдөрү жаныбарлар дүйнөсүнө укмуштуудай бай экендигин адамды таңгалдырат — дейт саякатчы өзүнүн байкоолору жөнүндө. Түндүк Тибет чөлдөрүн, монголдор бекеринен «Гуресу гадзыр» — «Айбанаттар жери» деп атабаса керек.

«Өз көзүң менен көрмөйүнчө,— дейт Пржевальский — жаратылыш таарынткан ушул жерлерде, кээде миңге чейин топтолгон, өтө көп сандагы айбандар жашай алат дегенге ишенүү мүмкүн эмес». Андан ары ал «...орундан орунга которулуу менен гана, ушундай топтор чөлдүн начар жайыттарынан өзүнө жетишерлик азык таба алышат» деп айткан.

Түндүк Тибет чөлдөрүндө айбанаттардын мындай молдугунун башкы себептеринин бири, анда адамдын жоктугу деп эсептейт Николай Михайлович.

Түндүк Тибеттин фаунасынын негизги өкүлдөрүнүн ичинен Николай Михайлович жапайы топозду, ак төш аргалини, оронго жана ада антилопаларын, куланды, ак саргыч карышкырды, аюуну (тибеттик), түлкүнү, корсакты, коёнду, суурду, боз жөрмөлөктү эске түшүрөт.

Бул жаныбарлардын айрымдары — Түндүк Тибеттин катаал ландшафттарынын чыныгы көркү. Пржевальскийди өркөчүнүн тушунда бийиктиги 1,8 м ге, салмагы 650 кг га жеткен, өзүнүн ушундай оор салмагына жана копол көрүнүшүнө карабай аркарлардан кем калбастан, тоолорго жана аскаларга эң сонун тырмышып чыгып кеткен жапайы топоздун күчү менен сулуулугу суктандырат.

Ал эң бир сонун ийилген мүйүздүү жана сыймыктуу басыгы бар ак төштүү аргалиге да суктанат.

Албетте, зоологиялык коллекция топтоо анын илимий-изил-

дөө иштериндеги эң маанилүү максаттарынын бири болгондуктан, Николай Михайловичтей шыктуу жана адис мергенчи топозго да, ак төш аргалиге да жана Түндүк Тибет тайпак тоосунун башка айбанаттарына да аңчылык кылбай коё алмак эмес.

Баян-Хара-Ула кырка тоосунан ашып өтүп, Пржевальский 1873-жылы 10 (22)-январда Көгүлтүр дарыянын башына жетти. Бул анын ушул экспедициядагы Ички Азия боюнча жер кыдыруусунун жетип турган чеги эле.

Лхасага чейин дагы 800 чакырым, же болбосо 27 күндүк жол калган. Бул бүткүл өмүр бою барууну эңсеген баягы Лхаса болгон. Бирок, ушул экспедицияга арналган анын карамагындагы бардык каражаттары дээрлик сарпталып бүтүп калган эле, ал эми экспедиция башынан өткөргөн зор кыйынчылыктар экспедициянын төөлөрү ушунчалык арыктаткандыктан, калган он бир төөнүн үчөө өлүп, калгандары буттарын араң-араң сүйрөп калышкан.

Дагы кайрадан, эңсеген максатына бир аз гана жетпестен, Пржевальскийге алга карай жүрүшүн токтотуп жана артка бурулуп, Ургага кайтууга туура келди. Артка карай адегенде мурдагы жолу менен, б. а. Кукунор менен Алашань аркылуу жүрүштү, анан Алашандан гана, окумуштуулардын эч кимиси каттай элек ортоңку Гоби менен, анын эң жапайы жана чөлдүү бөлүгү аркылуу миң чакырымдык жүрүш жасап, Ургага түз багыт алышты.

Кайра кайтканда Пржевальский кээ бир жерлерде, мисалы, Кукунордо канаттуулардын жазгы жер которуштурушун байкоо үчүн же Алашань тоолорунда — аңчылык кылуу үчүн бир топ узак убакытка токтоп илимий иштерин улантып жатты.

Алашань тоолорунда экспедиция чоң кырсыкка учурап кала жаздады. Бул какыраган тоолордо суудан эч кандай коркунучтун болушу мүмкүн эместей көрүнгөн. Бирок, тескерисинче болуп чыкты.

«1 (13)-июнь күнү эртең менен, тоонун чокулары адатта, жамгырдын жарчысындай болгон булуттарга чулгана баштады — деп жазган ушул окуя жөнүндө Пржевальский. — Бирок, түш ченде кадыресе күн ачылып калды, ошондуктан биз жакшы аба ырайын күтө баштадык, капыстан эле, үч сааттай убакыттан кийин, булуттар тез эле тоолорду каптады, анан акырында, жаан чакалап төккөндөй куя баштады. Бул жамгырдан чатырыбыз тез эле суу болуп калды, биз болсо, анын ичинде отурган бойдон, бизге кирген сууну кичине арыкчалар менен башка жакка агызып турдук. Бул бир саатка жакын созулду: булут добулдукундай болбогону менен нөшөр токтогон жок. Суунун зор массасын топурак сиңирип үлгүрө албай жатты же тоонун тик капталдарында да токтобой, бат эле бардык сайлардан, капталдагы капчыгайлардан, ал эмес типтик аскалардан суулар агып, алар биз турган капчыгайдын түбүнөн кошулуп, тө-

мөн карай шаркыраган бойдон жана үрөй учурган ылдамдыкта агып жатты. Катуу добуш алыстан эле бул мүнөт сайын көлөмү өсүп жаткан агымдын жакындаганын бизге кабарлады. Заматта эле капчыгайдын терең таманы кофедей киргил, тик эңкейиштен аябай шар аккан сууга толуп кетти. Көптөгөн чоң таштар менен майда таштар агып жөнөдү, алар капталдардагы аскаларга ушунчалык күч менен урунгандыктан, жер тим эле, вулкан атылгандагыдай титиреп жатты. Суунун үрөй учурган добушунан таштардын зор бөлүктөрү бири-бирине урунганы жана капталдагы жээктерге урунганы угулуп турду. Көп деле катуу болбогон кашаттардан жана капчыгайлардын жогорку бөлүктөрүнөн суу көптөгөн майда таштарды агызып келип, алардын зор массаларын өзүнүн нугунун бир бул, бир тигил капталына ургулап жатты. Дарактардын бардыгы тамыры менен жулунуп, сынып жана майда-майда бөлүктөргө бөлүнүп, капчыгайда өскөн токой жок болуп калды...

Бирок да нөшөр жаан басаңдабады, ал эми биздин жаныбыздан аккан бууракандаган суунун кудурети барган сайын көбөйгөндөн көбөйө берди. Тез эле капчыгайды терең таманы таштарга, ылайга жана дарактардын сыныктарына толуп кеткендиктен, суу өзүнүн нугунан чыгып, али суу жете элек жерлер менен агып жөнөдү. Бизди чатырдан 3 саржандан алыс эмес жерде, өзүнүн жолундагылардын баарын күч менен кыйратып, бууракандап агып жатты. Дагы бир мүнөт дагы бир ашык футка суу жүрсө — биздин коллекциялар, биздин бүткүл экспедициянын эмгектери кайрылгыс жоголмок... Суунун ушунчалык тез пайда болгондугунан улам аларды сактап калууну ойлоонун кереги да жок эле; өздөрү гана жакынкы аскаларга чыгып качканга үлгүрүшсө болмок. Кырсык ушунчалык күтүүсүз, ушунчалык жакын, ушунчалык чоң болгондуктан мен селдейип катып калдым, мен өз көзүмө өзүм ишенгим келген жок, коркунучтуу кырсыкка бетме-бет турганым менен, анын чындап эле болушунан дагы эле күмөн санадым.

Бирок бактыбыз бар экен, аман калдык. Биздин чатырдын маңдай жагында кичине жарча бар эле, ошого толкундар таштарды ыргыта баштап тез эле ушунчалык чоң үймөктү топтогондон, ал суунун андан аркы кысымын токтотту — биз аман калдык.

Алашань чөлү дагы өзүнүн мүнөзүн билдиргенге шашкансыды. Июлдун адам чыдагыс ысыгы көлөкөдөгү 45°C жеткен учурларда, анда басып жүрүш да өзгөчө оор болду. Экспедиция көпкө кудук издеп жүрүшүп адашып, түздөн-түз өлүм алдында калган учурлары да болгон. Ушундай күндөрдүн биринде,— бардыгынын жакшы көргөн Фауст деген ити өлүп калды.

«Фаустту жүктөрдүн үстүнө жаткырып алып,— деп эскерет Николай Михайлович,— бизди бир нече жолу алдаган жол көрсөткүчүбүз айткан жерде кудуктун бар же жогуна толук ишенбестен улам арылап жүрө бердик. Ушул учурдагы биздин

абалыбыз чындап эле коркунучтуу эле. Суудан бир нече стакан эле калган; кургап калган тилибизди жок дегенде аз да болсо суулаш үчүн биз оозубузга бир ууртамдан гана алып турдук, бүткүл денебиз отко салгандай күйүп баратты: эстен тангандалыкка аз эле калып, башыбыз айланып жатты».

Хурху кырка тоосуна, б. а. Пржевальский ачкан Монгол Алтайынын четки күн чыгыш учуна чейинки жолдун кийинки бөлүгү да оор болду. Күн аёосуз куйкалап турду, көп учурда бороонго айланган ысык шамалдар да согуп жатты, дээрлик күн сайын закымдар — алсыраган жолоочуларды гүлдөгөн оазистердин элеси менен азгырган, чөлдүн ушул кырсыктуу азезилдери көрүнүп турду.

«Бул жерден жер шартын эң мыкты билген коштоочусуз өтүп кетүүгө мүмкүн эмес — жолоочуга кадам сайын өлүм коркунучу туулат» — деп эскертет Пржевальский.

Экспедиция өткөн Гобинин ортоңку бөлүгүнүн абсолюттук бийиктиги 1200 дөн 1700 м ге чейин өзгөрүп турат. Бул жердин бардыгы, таптакыр суусуз бийик плато болуп эсептелет. Ал эмес булактар да өтө аз. Бул жерде Гоби катаал, дээрлик жансыз. Бирок, Пржевальский мындай нерсеге көңүл бурат. Жаан жаап өтөөрү менен, күндүн ысык нурунун таасири астында буга чейин солуп турган чөптөр жанданып, жейрендер жайылган, торгойлор учуп келген жашыл оазистер пайда болот, малдары менен монголдор көчүп келе калышат, ошентип Азиянын улуу чөлүнүн ушул бурчунда жашоо кайнап чыгат. Бирок бул узакка созулбайт. Топуракка сиңген нымды күн куйкалап тийип тез эле буулантып жиберет, чөптөр саргайып, монголдор көчүп жөнөшөт, күлүк жейрендер качып, торгойлор учуп кетет, ошентип кыска мөөнөткө ойгонгон чексиз Гобинин бул бурчу кайрадан каңгырап жымжырт болуп калат.

Биз айткандай, жылдын суук мезгилинде гана бузула турган бул жердеги жашоонун улануусу кардын натыйжасында суу проблемасы анчалык курч болбогондуктан адамдардын үйүр-үйүр малдары менен көчүшү, ошондой эле жапайы айбандардын миграциясы негизинен жакшыраак жайыттарды издөөдөн улам болот.

Өзүнүн байкоолорунун негизинде, Пржевальский Гобинин ортоңку бөлүгү жашоого жарактуу деген жыйынтыкка келет. Бул жерде адамдар көп кездешет, алардын турагынын жанында ар дайым койлордун, төөлөрдүн, жылкылардын, бодо малдардын үйүрлөрү жүрүшөт. Саякатчыны дагы эле өтө таң калтырган нерсе, бул жерде, Түндүк Тибеттегидей эле, бардык жаныбарлар, үй жаныбарлары сыяктуу эле жапайылары да жайдын аягында укмуштай семирген. Буга, бир жагынан, арасында көпчүлүгү өтө жогорку тоюткорлук касиеттери менен айырмаланган кургак талаа менен чөлдүн чөптөрү, экинчи жагынан, чөлдөрдө кан соргуч чымын-чиркейлердин жоктугу көмөк берет.

Экспедициянын кербени Ургага жакындаган сайын Гоби чөлүнүн катаал түрү акырындап өзгөрүп жатты. Өсүмдүк талаа жана шалбаа өсүмдүктөрү менен алмашты. Жейрендер эми айрым чакан топ болбой, чоң үйүр болуп жүрүп калышты. Бардык жерде оготоно боз жөрмөлөктөрү ары-бери жүгүрүшүп, тарабагандар ышкырып, ал эми булуттун астынан торгойдун мукам сайраганы угулуп жатты.

1873-жылдын сентябрынын башында Азиянын тереңиндеги элсиз чөлдөр менен тоолор боюнча дээрлик үч жылдык чаалыктырган саякаттан кийин, артына 11100 чакырымга жакын жол таштап, анын ичинен басып өткөн жолдун жарымына (5300 чакырымына) көз болжоо картасы тартылып, Пржевальский өзүнүн кербени менен Ургага келди.

«Ушул экспедиция жөнүндөгү өзүнүн отчетунда,— Николай Михайлович,— биринчи жолу өз эне тилибизди укканыбыздагы, бир туугандай адамдарды көргөнүбүздөгү жана европалык жашоо-шартка жеткенибиздеги мүнөттүн элесин айтып бере албайм — деп айткан». (Ургадагы орус элчилиги жөнүндө айтылган. — *Б. Ю.)*

Бир нече күнгө чейин саякатчылар өздөрүнө келе албай жатышты. Баары тең адаттагыдан бир башкача көрүндү: жыгач буюмдар, күзгүлөр, тарелкалар, айры-кашыктар... Экспедициянын катышуучуларынын ар биринин кейпи укмуштай жаман эле: бардык кийими менен бут кийимдери самсаалап-салбырап, жамаачыланган. Алардын жүздөрүндө терең чарчоонун, оор сыноолордун белгиси жаткан. Бирок ийгиликтүү аткарылган милдеттин кубанычы бардык кайгы менен кыйынчылыктарды унуткарып койгон.

«Биздин саякат аяктады! Анын ийгилиги, биз Монголиянын чегин биринчи аттап жаткандыгы үмүттөрүбүздөн да ашып түштү» — деп Николай Михайлович чоң кубаныч жана улуу сыймык менен өзүнүн отчетунда жазган.

Өзүнүн Түндүк-Тибет тайпак тоосунда болгондугуна ал өзгөчө кубанган. Бул, узундугу боюнча анча чоң болбосо да, анын маршрутунун илим үчүн эң кызыктуу жана эң маанилүү бөлүгү болгон.

Маршруттун негизги бөлүгү Монголиянын территориясы аркылуу — зор аймакты ээлеп чалкып жаткан жана өзүндө жашап жаткан калктын монголдордун атын кабыл алган зор өлкө аркылуу өткөн. Узак убакыт бою Пржевальский монголдордун жашоосуна байкоо жүргүзүп, алардын тиричилиги, маданияты менен таанышкан.

Бул жерден Николай Михайловичтин азыркы кезде өз алдынча социалисттик мамлекет болгон Монгол Эл Республикасы жана Кытай Эл Республикасынын составына кирген Ички Монголия Автономиялуу району жайгашкан аймактарда саякатта болгондугун дагы бир жолу эскерте кетүү зарыл. Анда да, мында да монголдор жашайт, бирок алардын тилдеринде

да, сырткы кейпинде жана жашоо салттарында да өз ара айрым айырмачылыктар бар.

Пржевальскийдин маршруттары, басымдуу түрдө ошол кезде ал жерде жашаган халха-монголдор деген элдин атынан Халха Монголия деп аталган, азыркы Монгол Эл Республикасынын аймактарында өткөн. Халха-монголдор аянты жагынан өтө зор (бир жарым миллион чарчы километрге жакын) өлкө — Халха Монголиянын ар түрдүү райондору боюнча таркалган монгол тилиндеги бир нече этнографиялык топтон турат, ошону менен бирге алардын ортолорунда тилдеринин жана башка айырмачылыктарынын болгондугуна карабастан, Пржевальскийдин айтуусу боюнча, алар монголдордун арасындагы бир кыйла накта түрү болуп эсептелген.

Пржевальский, накта монголдун үлгүсү катары Халхада жашоочуларды алыш керек деп жазат (б. а. Халха Монголияда, же Түндүк Монголияда, азыркы Монгол Эл Республикасында). Так эле Халханын монголдорунда нагыз монгол тукуму көбүрөөк сакталып калган дейт ал; аларда кытайдын, тибеттин же дагы башка кандардын аралашмасы жок. Жаактары оркойгон жайык, жалпак бет, жалпайган мурун, кичинекей жапкак көздөр, кайраттуу кара чачтар, сейрек сакал-мурут, кара тору, күнгө тотуккан тери, анан акырында, орточо же узун бойлуу чың, бакжагай тулку — халхалыктын сырты кейпинин мүнөздүү белгилери мына ушулар болгон. Буга дагы жаратылышынан алар «чөлдүн бардык кыйынчылыктарына укмуштай чыдамкай» — дегенди кошууга болот.

Ал кездеги монголдордун кийими халат сыяктуу чепкенден, көк дабадан (матанын түрү) тигилген, өтүктөн жана жээги өйдө кайрылган калпактан турган. Ошол убакта монголдордо (көчмөндөрдө) көйнөк, ич кийимдер болгон эмес. Кышкысын жылуу шым, тон жана жылуу тумак кийишкен. Аялдардын халаты эркектердикинен бир аз айырмаланып, куру жок болгон. Үстүнөн жеңи жок шырымал күрмөгө окшош нерсе кийишкен.

Көчмөн монголдордун негизги турагы «анын ата мекенинин бардык булуң-бурчтарында» бирдей болгон боз үй болучу. Ал тегерек формада болуп, үстүндө түтүн чыгуучу жана күндүн жарыгы тийүүчү чамгарагы жана конус түрүндөгү жабуусу бар. Монголдордун көчмөн турмушунда боз үй эч нерсеге алмашкыс. Ал өтө жеңил, аны тез чечип, төөгө жүктөөгө жана ошондой эле тез чогултуп, жаңы конушка тигүүгө болот. Кышкысын ал суук менен шамалдан, жайкысын ысык менен жамгырдан жакшы коргойт.

Монголдордун негизги азыгы кирпич чай болгон. Чайга туз, сүт, куурулган таруу, сары май же койдун майы кошулган. Бул ар дайым болчу тамакка кээде койдун эти кошулчу. Бирок карапайым эл аны анда-санда гана жечү. Кой этинин жетиштүү болушу жетиштүү жашоонун чени болгон. Ал башка тамак-аштарды баалоодо колдонулуучу чен дагы болгон. Жергилик-

түү бир нерсени мактагысы келгенде монгол ар дайым: «койдун этиндей даамдуу» — деп айткан.

Пржевальский монголдун айлакердигин, анын өз жаратылыш шарттарынын түрдүү абалдарына таң каларлык билгичтик менен калыптана алышын белгилейт. Ошону менен бирге ал монголдун, европалык көз караштa жөнөкөй нерселердин көпчүлүгүн түшүнбөстүгүн белгилеген. Бул азыркы биздин оюбузча, монгол элинин башка дүйнө менен көп кылымдар бою каттоосуз болгону менен, анан дагы, жашоонун жердеги жыргалынын баарынан кечүүгө үгүттөгөн буддизмдин таасири менен түшүндүрүлөт.

Монголдордун жаратылыштан шыктуулугун, анын өтө эле чектелген билими менен түшүнүктөрүн кеңейтүүгө умтулуусун, анын Пржевальскийдин баяндама жазгандарынан көрүнгөндөй, башка дүйнөдөн келген жаңы буюмдарга жана жаңы адамдарга, ушул жолу Пржевальскийдин өзүнө жана анын жолдошторуна көрсөткөн айрыкча терең кызыгуусу айкындайт.

Пржевальскийдин Монголия жана тангуттардын өлкөсү боюнча үч жылдык саякатынын жыйынтыгы өтө маанилүү. Саякатчы Борбордук Азия боюнча 11100 чакырым (11842 км) жол жүргөн. Анын ичинен 5300 чакырымын (5654 км), б. а. бүткүл бара жаткан жолун, көз болжоо менен картага түшүргөн. Ал 18 пункттун кеңдигин жана 146 пункттун бийиктигин аныктаган, мунун баары Борбордук Азиянын рельефи жөнүндөгү окумуштуулардын билгендерин алда канча кеңейтти.

Николай Михайлович, саякат учурунда күнүнө 3—4 жолу метеорологиялык байкоолорду үзгүлтүксүз жүргүзгөндүктөн, Борбордук Азиянын ички бөлүктөрүнүн климаты боюнча өтө чоң жана баалуу материал топтогон.

Анын зоологиялык коллекциясы жаныбарлардын 42 түрүнө таандык болгон сүт эмүүчүлөрдүн 130 тери жана теричелерин, сойлоочулардын он чакты түрүн (70 даанача), балыктардын 11 түрүн жана курт-кумурскалардын, чымын-чиркейлердин 3000ден ашык даанасын камтыйт. Ботаникалык коллекция болсо 500дөн ашык түрдөн турат (4000 ден ашык даана өсүмдүктөр).

Николай Михайлович, ага чейин эч бир изилдөөчү батынбаган Гобинин туурасы боюнча 1000 чакырым басып өтүп, Гобинин ортоңку бөлүгүнүн жаратылышынын мүнөздөмөсүн берген.

Николай Михайлович өтө баалуу жалпы физика-географиялык изилдөөлөрдү да жүргүзгөн жана монголдор, тангуттар, дунгандар жана далдар жөнүндө кызыктуу этнографиялык маалыматтарды чогулткан.

Пржевальскийдин, түндүктө Далайнор көлүнөн, түштүктө Янцзынын баш жагына чейинки Борбордук Азиянын кеңдик боюнча зор аймагын камтыган Борбордук Азияга жасаган биринчи саякатын, анын замандаштары чыныгы илимий эрдик деп аташкан.

## ТАБЫШМАКТУУ ЛОБНОРГО ҚАРАЙ

Пржевальскийдин Борбордук Азияга экинчи саякаты 1876—1877-жылдары ишке ашкан. Өзүнүн жаңы экспедициясынын алдына, Николай Михайлович, катаал Такла-Макан чөлүнүн кайсыл бир түпкүрүндө жашынган сырдуу Лобнор көлүн табууну, андан соң Лхасага жана баш жагында тибеттик Цангпо деген ат менен Түштүк Тибеттин баш жагынан аккан Брахмапутранын жээктерине барууну камтыган, Тибет тайпак тоосундагы изилдөөлөрдү улантууну максат кылып койгон.

Экспедициянын маршрутунун башаты Чыгыш Тянь-Шанда (Қытай) Или суусунун баш жагында жайгашкан Қытайдын Қулжа (Инин) шаарынан башталмак.

1876-жылдын 12-августунда экспедиция Қулжадан чыкты. Бул сапар анын экспедициясы жетишердик дурус жабдылган болчу. Анын карамагында ар түрдүү экспедициялык буюмдар жүктөлгөн 24 төөдөн жана 4 аттан түзүлгөн кербен бар эле. Экспедициянын тобуна, алдыдагы экспедицияда өзүлөрүнүн эң жакшы жагынан көрсөткөн Панфил Чебаев менен Дондок Иринчиновду кошкондо 10 адам катталган. Чыны, кийин жаңы топтун ичинен айрымдарын алмаштырууга, ал эми экспедициянын башчысынын эки жардамчысынын бирөөнү гана — Федор Леопольдович Эклонду калтырууга туура келди[1].

Башталышында Пржевальский, ал жөнүндө айрым учурда Ломбардияны — Түндүк Италиянын бай жана ажайып кооз аймагын элестетет деп айтып жүрүшкөн Или дарыясынын өрөөнү менен жогору карай жөнөдү. Саякатчылардын жолуна биринен сала бири, бак-чарбактуу жана күмүштөй теректер өскөн кооз, таза кыштактар кездешип жатты. Бардык жерде арыктар (сугат каналдары) менен кесилип өткөн талаалар көрүнүп, ал эми шалбааларда койлордун, бодо малдын жана жылкылардын чоң-чоң үйүрлөрү жайылып жүрдү.

Илинин өрөөнүнөн экспедиция мөмөлөрү жерге калың төшөлүп, камандар менен аюуларга ширин жем болгон жапайы алма менен өрүктөрдүн токойлоруна ченемсиз бай келген Күнгес дарыясынын (Текес менен бирге Или дарыясын түзгөн) өрөөнүнө өттү.

Күздүн башында экспедициянын кербени Чыгыш Тянь-Шань тоо кыркаларынын арасында жаткан бийик тоо ичиндеги Юлдуз платосуна чыкты. Бул чымын-чиркейлери жок ажайып шалбаалары менен даңкталган мал чарбачылыгынын аймагы эле. Юлдузда Николай Михайлович аңчылык кылып үч жумача жүрдү. Бул жерде ал Ovis polli деген аркарларды биринчи жолу көрүп, өзүнүн коллекциясы үчүн атып алды, бул жөнүндө Марко Поло өз китебинде эскере кеткен.

---

[1] М. А. Пыльцов отставкага чыккан, ошондуктан Николай Михайловичтин кийинки саякатына катыша албай калган.

Юлдуздан экспедиция, Лобнорго суу берген Кончедарья агып чыккан Баграшкуль көлүнө, Чыгыш Тянь-Шандын түштүк капталынан агып түшкөн Хайдыкгол дарыясынын өрөөнүнө багыт алды. Кончедарыя Пржевальский үчүн, жетүүнү өзүнүн экспедициясынын негизги максаттарынын бири катары эсептеген Лобнорго карай ачылчу дарбаза сыяктуу болгон.

Хайдыкголдун төмөнкү агымында Карашаар жайгашкан, ага да Николай Михайлович барууну белгилеген. Карашаар Кашкардын борборлорунун бири болгон, анын башчысынын буйругу боюнча 1857-жылы, мында европалыктар үчүн жабык өлкөгө жашыруун өтүп келген немец окумуштуусу Адольф Шлагинтвейттин башы алынган.

Ал убакыттардан кийин өткөн жылдардын ичинде Кашкарда айрым өзгөрүүлөр болду. 1865-жылы ал жерде Орто Азиядан келген Якуббек деген бирөө пайда болгон. Чыгыш Түркстанда Якуббек, 1644-жылдан бери Кытайды башкарган Цин династиясына каршы Кытайдын мусулман элдеринин көтөрүлүшүнүн башында турган. Амалдуу жана бийликти сүйгөн Якуббек Карашаарда бийликти алууга, андан кийин Чыгыш Түркстандын бир катар шаарларын басып алууга жетишти, анан 1867-жылы Жетишаар деп аталган мамлекеттин өз алдынчалыгын жарыялады.

Николай Михайловичти Шлагинтвейттин тагдыры күтмөк эмес. Якуббек Россиянын досу болбогон менен, орус өкмөтүнүн Пржевальскийге Лобнорго саякат жасашына уруксат берүүсү жөнүндөгү өтүнүчүнө оң жооп берди.

Жетишаардын аймагында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшүнө Пржевальскийге уруксат берүү менен бирге, Якуббек экспедициянын артынан (аны кайтарат деген шылтоо менен) көзөмөл коюуга көрсөтмө берген. Бул начар жымсалданган полициялык көзөмөл Николай Михайловичтин Жетишаар боюнча жүрүшүнө жана анын ишине, өзгөчө жергиликтүү калк менен мамилелешкенине, этнографиялык материалдарды жыйнаганына чоң тоскоолдук кылды.

Карашаарга — Якуббектин резиденциясына — Пржевальскийди киргизишкен жок, ошондуктан ал Карашаардан алыс эмес Кончедарыя суусунун жанында турган Курля шаарына барууга мажбур болду, анда ал Лобнорго куюучу Таримге карай багыт алды.

Тарим — Такла-Макан чөлүнүн эң чоң дарыясы. Таримден түштүктү карай Куньлундун этегине чейин жыланач кумдар, ал эми эшилме кумдар аз болгон түндүктө — конус сыяктуу чопо дөбөлөрү зор канаттардай таажыланган тамариск менен сөксөөлдүн сейрек бадалдарын жамынып, борпоң тузга каныккан чополор созулуп жаткан.

Таримдин өзү болсо, Пржевальский экспедициясы менен кечип өткөн жеринде бир кыйла тез агымга ээ болуп, орто жеринин тереңдиги 3—4 м ге чейин жеткен жерлерде жазылыгы

100—120 м ге жетет. Тарим Лобнорго эмес Карабуран көлүнө куярын Пржевальский аныктады. Андан чыккандан кийин суу кумдар жана чөлдүн кактаган ысыгы менен теңдешсиз күрөштө алдан тайып токтойт да, жайылып, жарым саз-жарым көл Лобнорду пайда кылат. Таримдин жээктериндеги өсүмдүктөр да коңшулаш чөлдөрдөй эле дээрлик кунарсыз. Жалгыз гана тограк (түркүн, жалбырактуу терек) Таримдин өзүндөй эле анын салаалары менен айрыктарын ичке тилке болуп жээктей көзгө токтомсуз, чаң баскан токойлорду пайда кылып, кандайдыр бир түнт чөл дарыясынын жээктеринде өсүүгө ыңгайланышып алган. Бирок тограктан сырткары, аз санда жийде, жиңгил, кендирлер да кездешет.

Тограк токою таң каларлыктай суз. Ал, жадегенде Чыгыш Тянь-Шань менен Куньлунь кырка тоолорунун ортосунда көз жеткис мейкиндик болуп чалкыган Лобнор чөлүнөн чыгып келгенде да жолоочунун кубанычтуу сезимин козгобойт. «Лобнор чөлү Алашанга караганда да жапайыраак жана катаалыраактай сезим калтырат,— деп белгилеген Николай Михайлович. Анда айбанаттар өтө сейрек, бир аз көбүрөөк кездешкендери жапайы чочколор менен коёндор, бирок алар да дарыянын жанынан кездешет. Ошондой эле түлкүлөр менен карышкырлар да бар».

Бирок, көрүнүп тургандай, Лобнор чөлүнүн так ушул жапайылыгы жана түнттүгү айрым жаныбарлар үчүн ыңгайлуу. Таримдин чытырман камышында жолборс сыяктуу айбандын, ал эми балыкка бай көлдөрүндө кундуздун болушун жалгыз гана ошону менен түшүндүрүүгө болот. Өзүнүн жапайылыгынан Лобнор чөлү жапайы төөнүн дагы жашоо аймагы болуп калган.

Адамдын жашоосу үчүн Таримдин жаратылышы өтө ыңгайсыз. Бирок ал жерде да адамдар жашайт, Пржевальскийдин саякатына чейин алар жөнүндө эч бир маалымат болгон эмес. Бул чөл дарыясына адамдар мындан жүз жыл мурда байырлай башташкан, бирок аларга чейин Таримде бирөөлөр болгондугун же болбогондугун Пржевальский аныктай алган жок.

Лобнордогу келгиндерге андан кийин Чыгыш Түркстандын бардык булуң-бурчтарынан сүрүлгөндөр жана качкындар келе баштаган. Ар түрдүү элдердин күчөтүлгөн аралашуусу жүрүп жатты, анын натыйжасында таримдиктер пайда болду.

Ар түрдүү элдердин интенсивдүү аралашуусу таримдиктердин сырткы кейпинин жалпы мүнөзүн шарттаган,— деп эсептейт Пржевальский. Ал «...таримдиктер, күмөнсүз, арий тукумуна тиешелүү болушуп (б. а. элдердин индо-иран тобуна *Б. Ю.)*, өзүлөрүнүн бет-түзүлүштөрүнүн өтө ар түрдүүлүгү менен айырмаланышат» деген. Бул жерден сарттардын (отурукташкан өзбектердин — *Б. Ю.)*, кыргыздардын, тангуттардын, монголдордун жана ал эмес европалыктардын типтерин кезиктирүүгө болот.



Аялдар отун үчүн аргали чогултууда.

Таримдин калкынын көпчүлүгү кубарган жүзү, кабырылган көөдөнү жана күчсүз дене түзүлүшү менен айырмаланышат. Эркектери орто жана көбү узун бойлуу болушуп, аялдарынын бою бир кыйла кыска болот. Бул элдин тили өзбек тилине жакын. Дини мусулман, кудайга сыйынган айрым салттардын кошулмасы бар. Таримдиктерде динге өтө берилүү жок. Тиричиликте, үй турмушунда таримдиктердин аялдары — үйдүн ээси, бирок күйөөсүнүн күңү.

Таримдиктер өзүнүн турак-жайын жыгач керегеге шыкалган камыштан жасашат. Ошол эле камыштан жасалган шыпка түтүн чыга турган тешик калтырышат. Үйдүн жанына мал үчүн камыштан тосмо жасашат. Ушундай он чакты үй, жайгашкан орду негизинен туруктуу болбогон кыштакты түзүшөт, себеби кышында кыштактар отуну жана мал үчүн тоюту көп жерлерге, ал эми жайында — балык кармаганга ыңгайлуу болушу үчүн көлдөрдүн жанына жайгашат. Көпчүлүк учурда кыштактар өзүнүн ордун анын жашоочуларынын биринин ооруп калышына байланыштуу которот, бул негизинен, дээрлик бардык учурда оорулууну өлүмгө алып келген чечекке байланыштуу болот. Кимдир бирөө ооруп калды дегенче, анын айылдаштары, оорулууга бир аз азык таштап, ошол замат бүткүл кыштагы менен, шордууну тагдырдын жазмышына таштап көчүп кетишет.

Таримдиктердин кийими чепкен менен шымдан турат. Чепкендин ичинен узун көйнөк кийилет. Кышкысын кой терисинен жасалган тон кийишет. Байыраак адамдарыныкы тонунан баш-

ка чапаны, чалмасы, өтүгү болот. Кембагалдары суук мезгилде өтүктүн ордуна кийиз байпактын сыртынан өзүлөрү ултарган чарыктарды кийип жүрүшөт. Кышында башына жээктери кайрылган тери тумак, жайында — кийиз калпак кийишет.

Аялдары кацавейканы элестеткен (орустардын сырт кийими) чапан, чапандын ичинен — көйнөк жана багалеги өтүккө салынуучу дамбал кийишет.

Кол өнөрчүлүктөн таримдиктер токуучулукту гана билишкен — кездемени койдун жүнүнөн же кендирдин жибинен токушкан. Айрымдары өтүкчүлүк жана темир устачылык менен тааныш.

Тарим элинде жерди иштетүү начар өнүккөн. Алардын наны болбойт, анын ордуна кендирдин куурулган түбүн жешет. Мал чарбачылыгы өнүккөн — камыш тоюткор катары пайдаланылып, кой жана бодо малдар багылат.

Таримдиктердин негизги кесиби — балык кармоо. Ага Тарим өрөөнүнүн түзүлүшү түрткү болот. Тарим төмөнкү агымында тегерегинде чөлдүн бетинен бир топ эле жогору, болгондо да өзүнүн шилендилеринен түзүлгөн нук менен, ошондой эле шилендилерден пайда болгон, нукту жээктеген кырлардын курчоосунда агат. Кырлардын кээ бир жерлерин жырып жиберип таримдиктер жасалма көлдөрдү пайда кылышат. Бул көлдөргө суу менен кошо балыктар дагы кирет. Көлдө балык көп болуп калганда жырылган жерди бүтөп салышат, ал эми көлдөгү суу кургаган кезде балыктарды кармап алышат. Көлдүн ачылган таманына тез эле камыш өсүп чыгат, аны таримдиктер толугу менен өзүнүн жөнөкөй чарбасында пайдаланышат.

Курля шаарынан, Таримдин өрөөнүн жакалап, Пржевальский түштүккө жергиликтүү элден жапайы төөлөрдүн жашаган жерлери жөнүндө сурамжылаганда анын бар экендигин билип алган. Алтынтаг кырка тоолорун көздөй сапар тартты. Экспедиция Курлядан түштүктү карай жүрүп олтуруп, 1876-жылдын аягында Алтынтагдан Лобнор чөлүнө агып келүүчү дарыянын жээгинде жайгашкан, аны менен аты уйкаш Чарклык кыштагына келди. Ушул жерден Николай Михайлович үч казак-орус жана Эклон менен буга чейин илимге белгисиз Алтынтаг кырка тоосуна өзүнүн эң сонун экскурсиясын ишке ашырды.

Алтынтагды Пржевальский 300 чакырым аралыкта изилдеп, анын ушул аралыкта Лобнор чөлүнөн 2—3 миң м жогору турган Тибет тайпак тоосунун бийик көтөрүлгөн түндүк чети экенин аныктады. Николай Михайлович ошол кезде эле Куньлунь Тибет тайпак тоосунун түндүгүнөн өзүнүн батыш бөлүгү менен тосуп турганын түшүнгөн. Андан ары чыгышта ал жаңы ачкан Алтынтаг кырка тоосу Тибеттин түндүк калканчы, андан дагы нарыраак, соңку саякатында ал чыгыш бөлүгүн изилдеген Наньшань тоосу жайгашкан.

«Мына ошентип — Хуанхэнин башынан Памирге чейин зор тоолордун кыркасы үзгүлтүксүз созулуп жатат,— деп жазат ал

өзүнүн Борбордук Азияга жасаган үчүнчү саякатынын отчётунда. Бул зор тоолордун кыркасы түндүгүнөн Борбордук Азиянын эң бийик көтөрүлгөн жерин калкалап жана аны бири-биринен кескин айырмаланган эки бөлүккө: түндүктөгү монгол чөлүнө, түштүктөгү Тибет тайпак тоосуна бөлөт. Өзүнүн геологиялык пайда болушу жана топографиялык рельефи, абсолюттук бийиктиги жана климаты, флорасы жана фаунасы, акырында, бул жерде жашаган элдердин пайда болушу жана тарыхый тагдырлары боюнча дагы» — ушундай кеңири аймакта ушунчалык кескин айырмаланып, жанаша жаткан эки өлкөнү жер шарынын бөлөк эч бир жеринен кезиктирүүгө болбойт... — деген корутундуга келген ал.

Кышкы аба-ырайынын ыңгайсыздыгы Николай Михайловичтин Алтынтагдын түштүгүнө өтүүсүнө жана андан түштүктө жаткан жерлерге байкоо жүргүзүүсүнө тоскоол болду. Бирок жол көргөзгүчтөрдөн Пржевальский Алтынтагдын түштүгүндө жазылыгы элүү чакырымдай келген чөл түздүгү жаткандыгын, анын ары жагында дагы кырка тоо жайгашкандыгын, арыраакта кайра дагы бийик түздүк, андан ары дагы бир кырка тоо Чаментаг жайгашкандыгын билди.

Пржевальскийдин мүнөздөмөсү боюнча Алтынтаг сейрек өсүмдүктүү түнөргөн тоолор. Өсүмдүктөр тамариск өскөн капчыгайдын тамандарында гана же болбосо, камыш өскөн нымдуу жерлерде гана кездешет. Бул өсүмдүктөрдөн башка, айрым жерлерден чийди, хармыкты, тогракты, ит мурунду, сөксөөлдү көрүүгө болот. Алтынтагдын жаныбарлар дүйнөсү куку-яман, жапайы топоз, кулан жана оронго антилопасы сыяктуу накта тибеттик түрлөрдөн турат. Так эле ушул жерден алардын Борбордук Азия боюнча таркалышынын түндүк чеги өтөт.

Алтынтагдын түндүк этегин бойлоп экспедиция кырк күн толугу менен жүрдү. Ушул убакыттын ичинде күтпөгөн жерден бир гана жапайы төөнү кезиктирди, аны да Пржевальский атып ала алган жок. Анын көңүлүн тойгузган нерсе, бул сейрек, жомоктогудай жаныбарды көргөн биринчи европалыкмын деген ой эле. Эмне болсо дагы жапайы төөнүн терисин алгысы келип, Николай Михайлович ийгилик болсо чоң сыйлык берүүгө убада кылып жергиликтүү мергенчилерди аны издөөгө жөнөттү. Чынында эле жергиликтүү мергенчилердин жолу болду. Алар буура менен төөнү аңдып олтуруп атып алышат. Мергенчилердин эң жакшы кептеп сойгон төөлөрдүн баштары менен терилери бул экспедицияда саякатчылар чогулткан зоологиялык коллекциянын эң бир баалуу бөлүгүн түздү.

Жалпысынан Алтынтагга жасалган экскурсиянын жыйынтыгына Пржевальский өтө ыраазы болушу керек. Узундугу 800 км ден ашык тоо кыркасынын ачылгандыгы эле илим үчүн өзгөчө чоң мааниге ээ болгон, андан дагы ал Тибет тайпак тоосунун чегин түндүккө карай 300 км ге жылдырып бир топ тактоого мүмкүнчүлүк берген.

1877-жылдын февралынын башында Пржевальский Таримдин төмөнкү агымына кайтып келет, андан жалпы географиялык изилдөөлөрдөн тышкары канаттуулардын жазгы учуп өтүшүнө байкоо жүргүзүү үчүн Лобнорго өтүп кетет. Николай Михайлович Лобнордун түштүк жана батыш жээктерин гана изилдей алды жана кайык менен анын узундугу боюнча орто жерине эле жете алды — андан ары барууга суунун тайыздыгы менен камыштын жыш өсүшү мүмкүндүк бербеди.

Жергиликтүү калктан сурамжылап, Лобнордун узундугу болжол менен 100 чакырым, жазылыгы 20 чакырым экендигин Пржевальский аныктады. Көлдүн жээк тилкесин шорлор каптап турат, түштүк жээгинде бул 8—10 чакырымга жетет. Көлдү курчап турган шорлорго карабастан анын суусу тузсуз келет. Бул факты көлдүн жакында эле пайда болгондугун айгинелейт. Бир катар белгилери боюнча Пржевальский башка, биринчиге карама-каршы келгендей нерсени аныктады: мурда көл чоңураак да, тереңирээк да болгон.

Ошентип, изилдөөлөрдүн биринчи, эң маанилүү бөлүгү Пржевальский тарабынан аткарылган эле: окумуштуулар байыркы кытайлык маалыматтардан жана Марко Полонун китебинен гана билишкен сырдуу Лобнор көлү, акыры ачылып, картага түшүрүлдү. Чынында, бул Пржевальскийдин заманындагы Лобнор эле. Мурдагы, байыркы кытайдын карталарындагы Лобнор жаратылышта жок эле, себеби бул көл ага куюучу дарыялардын: — Кончедарыя менен Таримдин агымынын өзгөрүшү менен кошо мезгил-мезгили менен орун алмаштырып, бир орундан экинчи орунга коиторулуп турат. Ал Пржевальский барып кеткенден кийин дагы өзүнүн географиялык абалын, бир жолу эмес бир нече жолу өзгөрткөн.

Лобнордо канаттуулардын учуп өтүшүн байкоо Николай Михайловичке көп кызыктуу нерселерди берди. Лобнор чынында эле учуп өтүп жаткан канаттууларга толуп турган экен. Ээн, какыраган чөлдүн ичкери жерине жашырынган бул канаттуулардын учуп өтүүчү жолунда болуп «өзгөчө суучул жана шыйрактуулардын улуу станциясы» экен деп жазат Пржевальский. Эгерде Таримдин суу тармагы болбогондо, Борбордук Азия аркылуу өткөн канаттуулардын жолу башкача болмок. Канаттуулар бул жерден эс алууга жайды, б. а. Индия менен Сибирдин ортосунда жаткан жерди тапмак эмес. Ал эми бир көтөрүлүү менен алар Гималайдан чыгып Тянь-Шанды ашып кете алышпайт эле.

Николай Михайлович дагы бир кызыктуу фактыны байкаган. Лобнорго ушунчалык зор сандагы канаттуулар келгенде көл кышкы уйкусунан ойгонуш керек эле да. Бирок, канаттуулардын бул зор базары, суудагы канаттуулардын кыймыл-аракети биздин жердегидей канаттуулардын кубулжутуп сайроолоруна бөлөнбөйт. Канаттуулар убактылуу гана конуш экенин билишип, чабыттап учушпастан, топ-топ болуп байырлашат.

Пржевальский Лобнордо 1877-жылдын февралын жана дээрлик март айын бүт өткөрдү. Ошондуктан, жергиликтүү калк менен таанышууга анын убактысы жетиштүү болучу. Лобнордо жашаган калктын жалпы саны көп деле эмес — бардыгы болуп 300 адам, же болбосо көпчүлүк учурда көлдүн ичинде жайгашкан 11 кыштакта жашашкан 70 түтүн, жыйырма жылча мурда бул жердин калкы алда канча көп — 550 түтүнчө болгон. Бирок, бир жолу алардын көпчүлүгү бир нече айдын ичинде эле чечектин эпидемиясынан кырылып калган. Мурдакы лобнордуктардын калдыктары «байыркы нукура түрүндө» көлдүн ичинде гана сакталып калган деп айткан Пржевальский. Лобнордун (Каракурчиндин) башка элдери өздөрүнүн мурдагы тиричилигин жана жашоо мүнөзүн өзгөртө баштаган: кой жана аз-аздан башка мал багып, буудай эгишкен. Бул өзгөрүүлөрдүн бардыгы Чарклыкта отурукташкан башка жерден ооп келгендердин таасири астында жүргөн. Ушул кыштактын айлана-тегерегинде лобнордуктар (каракурчиндиктер), Лобнордун өзүндө жарактуу жерлер жок болгондуктан, жер иштетүү менен алек болушат.

Лобнор менен Таримдин элинин түпкү теги бир деп эсептеген Пржевальский. Алар терисинин түсү менен гана айырмаланат — лобнордуктардыкы караторуураак келет. Алардын тилдери бирдей — монгол сөздөрү аралашкан түрк тили. Дини дагы бир — мусулман.

Николай Михайлович лобнордуктардын 11 кыштагынын баарында болуп, алар менен жакшы таанышып чыккан. «Ичке жана ийри-буйру, жээги жоон камыштар каптаган Тарим менен төмөн сүзүп отуруп саякатчы капыстан эле дарыянын жээгинен үч-төрт кайыкты, алардын артынан камыштан тазаланган аянтчаны, бири-бирине тыгыз турган бир нече камыш кашаалар жайгашкандыгын көрөт. Бул кыштак, — деп айткан ушул саякат жөнүндөгү өзүнүн отчетунда Пржевальский. Бейтааныш адамды көргөндөр жашынып калышып, өз үйлөрүнүн камыш керегелеринин жылчыктарынан шыкаалап карап жатышты. Өз кишилеринен калакчыларды же өз башчысын байкашса жээкке чыгып кайыкты тартып чыкканга жардам беришет. Жээкке чыгып айлананды каранасың. Бардык жерде саз, камыш — бөлөк эч нерсе жок: алакандай кургак жер жок. Жапайы өрдөк менен каздар так үйдүн түбүндөгү сууда ойношот, ал эми ушундай кыштактардын биринде, тим эле курулуштардын арасында картаң жапайы чочко сазды казып жатты».

Лобнордуктар таримдиктердей эле кийинишет. Үйдүн саздак таманына төшөлгөн жалаңкат камыш бойронун үстүнө жатып эле укташат, «ошол эле күндүзү кийип жүргөн жыртык чепкенин, каракурчин түнүчүндө да жамынып жатат».

Лобнордуктар балык менен тамактанышат: жайкысын жаңы кармалганын, кышкысын кургатылганын жешет. Эгерде жайында балык аз даярдалган болсо, кышында алар ачка ка-

лып, көпчүлүгү өлүп калат. Жылдын жылуу мезгилинде ачкачылыкка дуушар болушпайт — жип тузактарга түшүрүп алган жапайы өрдөктөрдү жешет. Жазгысын ширин тамак катары камыштын жаш сөңгөгүн пайдаланышат. Бул өсүмдүктүн шыпыргы башынан, Пржевальскийдин айтуусу боюнча «бир аз цивилизациялангандары» канттын ордуна колдонулуучу каралжын массаны кайнатып алат. Лобнордуктар нанды да, койдун этин да жешпейт.

Аял үйдүн ээси болгону менен таптакыр укуксуз — оор жумуштун бардыгы анын мойнунда. Кыздар турмушка 14—15 жашынан чыгат. Эркектер дагы ошол эле куракта, же бир аз кечирээк үйлөнүшөт. Колуктуга төлөнгөн калың: 10 боо кендир, кургатылган балыктан 10 байлам жана бир-эки жүз өрдөк.

Лобнордуктардын өзүлөрүнүн темир устасы да болбойт. Балта, бычак, устараларды алар Чарклыктан алышат. Бул куралдар ушунчалык жөнөкөй болгондуктан, алар темир доорундагы куралдардын үлгүсү катары көрүнүшү мүмкүн.

Кыштыр-жайдыр лобнордуктар аябай азап чегишет. Кышкысын суук менен ачкалыктан болсо, түнкүсүн суук 20°С дан ашат, ал эми жайкысын күндүзү да, түнү да тумандай каптаган сансыз чымын-чиркейлерден жапа чегишет.

Кембагал жана алсыз келген лобнордук «рухий жактан дагы жакыр» деп корутундулайт Пржевальский. Анын дүйнө жөнүндөгү элестетүүлөрү жана түшүнүктөрү өздөрү мекендеген көлүнүн жээгинен алыстабайт, бүткүл жашоосу болсо «адамзаттын эң жөнөкөй тиричилигин элестетет, Борбордук Азиянын чөлүнүн эң түпкүрүнө тагдыр айдап келген бактысыз эл жөнүндөгү өзүнүн аңгемесин Пржевальский ушундай кейиштүү бүтүргөн.

Бобордук Азияга жасаган экспедициясынын планынын экинчи бөлүгү Пржевальский тарабынан аткарылбай калган. Ал Тибет тайпак тоосуна бара алган жок. Буга бир катар себептер тоскоолдук кылды. Так ушул учурда дунгандардын Кытайдагы Цин династиясына жана феодалдык эзүүгө каршы көтөрүлүшүнүн борбору Синьцзян провинциясына оогон, бул албетте экспедициянын ишине тоскоол болбой койгон жок. Ушул эле учурда, Россиянын алдына башка кечиктирилгис милдеттерди коюп орус-түрк согушу башталды. Акырында, экспедициянын тагдырындагы бурулушка Николай Михайловичтин энесинин оорусу, андан соң анын өлүмү таасир кылды, андан соң өзүнүн оорусу да кошулду, андан арылбай, ал саякатын уланта албайт эле.

Ошентсе да, изилдөөлөрдүн планы толук аткарылбагандыгына карабастан, Борбордук Азияга жасалган экинчи экспедициясынын натыйжалары ушунчалык маанилүү болгондуктан, бул кандай саякатчы болбосун ага атак-даңк алып келмек. Лобнор менен Алтынтагдын ачылышы Россияда да, чет өлкөлөрдө да эң улуу географиялык ачылыштар катары бааланган.

Пржевальский тарабынан 1300 чакырым аралыкта аткарылган жер бетин маршрут боюнча картага түшүрүү, метеорологиялык байкоолор, өзгөчө Такла-Макан чөлүнүн ичкерисинде жасалгандары, саякатчы топтогон эң сонун ботаникалык жана зоологиялык коллекциялар зор байлык эле.

Тарим менен Лобнордун калкы жөнүндө Пржевальскийдин этнографиялык маалыматтары менен баяндамалары илимий коомчулукка өтө зор таасир тийгизди. Бул жазылгандарды саякатчынын замандаштары негиздүү түрдө соңку жаңы саякатчылар тарабынан тартылган эң азгыргыч жана кызыктуу этнографиялык сүрөттөөлөр деп баалашкан.

## САРЫ ДАРЫЯНЫН БАШЫНДА

(1879-1880-жылдардагы биринчи Тибет саякаты)

1879-жылдын 21-мартында Н. М. Пржевальскийдин Борбордук Азиялык үчүнчү саякаты башталды. Бул Джунгарияны, Чыгыш Тянь-Шанды, Няньшанды, Тибетти, Кукунорду, Сары Дарыянын башын, Алашанды жана Монголияны кучагына алган өтө кызыктуу жана натыйжалуу экспедиция болгон.

Өзүнүн алыс жана узак жолуна экспедиция Зайсандан чыкты (СССРдеги, Чыгыш Казакстандын азыркы Зейсанск шаары). Зайсандын көчөлөрү боюнча созулган экспедициялык кербен 35 төөдөн жана 5 аттан турган. Экспедициялык отряд Пржевальскийдин өзүн, Николай Михайловичтин мурдагы саякаты боюнча ишенимдүү жолдоштору Ф. Л. Эклонду, Дондок Иринчиновду жана Борбордук Азияга биринчи жолу жөнөп жаткан Всеволод Иванович Роборовскийди кошкондо 13 кишиден турган.

Роборовский жөнүндө өзүнүн досторунун бирөөнө жазган катында Николай Михайлович: «Сүрөттү кыйла жакшы тартат жана съемканы билет, мүнөзү жакшы, дени сак, абдан акылдуу адам» — дейт. Өзүнүн жаңы жардамчысына берген мындан артык мүнөздөмөнү мактоого сараң Пржевальскийден күтүүгө болбойт эле.

Азиянын борборуна өтүү үчүн Пржевальский оболу Кытайдын түндүк-батышындагы бийик жана элсиз чөл аймагын — Джунгарияны кесип өтүш керек эле.

Саякатчынын айтуусу боюнча Джунгария Гобиден аз гана айырмаланат. Бул Гоби сыяктуу эле өсүмдүк менен жаныбарларга кедей, шагыл, майда таш жана кум менен капталган бирде тегиз, бирде жантайыңкы, бирде дөңсөөлүү, учу-кыйырына көз жетпеген түздүк. Ошондой болсо да Джунгария чөлүнүн өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Аларга биринчи кезекте таңдан башталып күн батаарга жакын басылуучу кыш жана жаз мезгилдериндеги чаңдуу катуу бороондор кирет. Чыгыш Азиядагы аба агымдарынын башкы багыттарын шарттоочу негизги се-

бептерден тышкары, Джунгариядагы мындай бороондордун пайда болушу, Пржевальский айткандай, жергиликтүү башка себептерге да байланыштуу. Бул, биринчиден, кеңдик багытындагы бийик тоолордун арасында (түндүгүндө монгол алтайы, түштүгүндө Чыгыш Тянь-Шань) абанын агымына тоскоолдук кылбаган Джунгариянын өтө тегиз рельефи, экинчиден жер бетинин күн ысыткан бөлүгү менен көлөкөдө жаткан, өзгөчө бийик чөл шартында бат муздоого дуушар болгон бөлүктөрүнүн ортосундагы температуралык чоң айырма.

Джунгариянын жаратылышынын эң сонун өзгөчөлүктөрүнө анын фаунасында жапайы төө сыяктуу сейрек кездешүүчү айбанаттардын, ошондой эле башка жерлерде кездешпеген жапайы жылкы — Пржевальский жылкысы кирет.

Бул жолу да экспедициянын жашоо шарттары мурдагы саякаттардын эмгекке машакаттуу күндөрүнөн эч айырмаланган жок дейт Пржевальский. Окурмандар бул жөнүндө бир аз элес алсын үчүн ал «күндөлүк» жүрүштүн бул күнүн жана өзүнүн отрядынын түнкү эс алуусунун чыныгы лирикалык картинасын сүрөттөп жазат: «...Түн. Биздин кербен чөлдөгү анча чоң эмес булактын жанына баш калкалады. Эки чатыр бири-бирине жакын турат; алардын ортосунда жүктөр жайгашкан, алардын жанында экиден болуп казак-орустар уктап жатышат. Алдыда төөлөр чөктүрүлгөн жана бир топ кой байланып турат; бир аз мындайраакта аттар аркандалган. Күндүз чарчап-чаалыккандыктан баары эс алып жатышат. Кез-кезде гана ат кошкуруп, төө күрсүнөт, же уйкудагы киши жөөлүйт... Кургак тунук атмосферада сан жеткис жылдыздар жымыңдайт, топ жылдыздар көзгө даана көрүнөт; Саманчынын жолу фосфорит түстүү кулпунат; тигинде же мында асмандан жылдыз учуп көзгө көрүнүп дайынсыз жок болуп кетет... Айланада чексиз эрме чөл. Ал жакта бейпил түндү бир да үн бузбайт. Ушул эшилме кумдарда жана бул түздүктөрдө бир да жан жок сыяктуу сезилет.

Пржевальскийди Джунгария жан-жаныбарлардын бай көрүнүшү менен үмүттөндүрдү. Ошондой болсо да ал изилдөөчүлөрдүн ичинен биринчи болуп Джунгар чөлүнүн катаал жана жетүүгө кыйын болгон бөлүктөрүндө байырлаган жапайы жылкынын үйүрлөрүн көрө алды.

«Булардын үйүрлөрүнүн бирине бута атым аралыкка өңүп келсе болот эле — дейт ал ушундай учурлардын бири жөнүндө — бирок айбандар менин жолдошумдан бир чакырым жерден жыт алып, үркүп жөнөштү. Айгыры кадимки жылкыга окшоп, моюнду кайкыйтып, куйругун көтөрүп алдыда бара жаткан; анын артынан жетидей ургаачысы кетип баратты. Жаныбарлар анда-санда токтоп, топтошуп мен жакты карап, бири бири менен тебишип, андан соң кайрадан таскакташып жөнөп, чөлдө көздөн кайым болушту».

Жапайы жылкылардын өтө сезгичтиги, сактыгы, аларга мергенчилик кылуу үчүн көп убакытты алмак, ошондуктан, Пржe-



Пржевальскийдин жапайы жылкылары.

вальский аларга мергенчилик кылган жок. Бирок, сейрек кездешүүчү бул айбандын бирин жергиликтүү кыргыз мергенчилери өлтүрүшкөн, ага коллекция үчүн аны Зайсан кароолунун мурдагы начальниги берди.

Экспедиция эки айдан ашык убакыттын ичинде Ата Мекендин чегинен 1000 чакырымдан ашык аралыкты басып өттү. Ал Джунгарияны жана Тянь-Шандын чыгыш тармактарын артка калтырып, байыркы замандарда Борбордук Азиянын зор чөлүндө пайда болгон дыйканчылыктын очогу болгон ири оазистин борбору — Хами шаарына келди.

Хами оазиси сыяктуу мындай маданий дыйканчылыктын очоктору, тоолордон анча чоң эмес дарыялардын чыга бериш жеринде. Тибет тайпак тоосунун түндүк чегин бойлой чачырандуы жайгашкан.

Хами оазисинде буудайды, таруну, сулуну, жашылчаларды, дарбызды, коонду жакшы өстүрүшөт деп жазат Пржевальский. Бирок, ал жерде Хами оазиси дайыма даңктанып келген жемиш бактары жок болучу. Оазистин бардык кыштактары дагы эле болсо дунган көтөрүлүшү менен байланышкан каардуу окуялардын издеринен кутула элек эле.

Хами оазисинде бир бөлүгү монголдор, бир бөлүгү Түркстандан чыккандар менен аралашкан байыркы уйгурлардын тукумдары отуруктамашкан. Кебете-келбеттери жагынан алар биздин татарларга окшоп кетет,— дейт Николай Михайлович. Алардын кийими түстүү кенен чапандан жана эркектери же

аялдары болбосун, төбөсүнө кара чачы тагылып, саймаланып, баркыттан же ноотудан тигилген өзгөчө баш кийимден турат.

Аялдары чапандын ордуна узун шөлбүрөгөн көйнөк, анын үстүнө чыптама кийишет.

Эркектерде чачты кырып коюу кабыл алынган. Ал эми кызматта тургандары кытайлар сыяктуу желкесине өрүлгөн чачты калтырып коюшат. Аялдары болсо үйлөнүү тоюна чейин чачын аркасына бир өрүп, үйлөнүү тоюнан кийин эки өрүп коёт.

Кыздар күйөөгө он экисинде эле чыгышат. Көчөдө аялдар паранжысыз жүрүшөт жана жалпысынан чоң эркиндикке ээ. Пржевальскийдин пикири боюнча мусулман калкынын өлкөсү үчүн бул адаттагыдай эмес.

Хами шаарында экспедиция узакка турган жок. Ал азык-түлүк запасын толуктап алып түштүктү, башка бир байыркы оазисти — Сачжеуну карай багыт алды. Экспедициянын жолу саякатчылардын алдына өзүнүн каңгыраган ээн мейкиндигин ачкан белгилүү Хами чөлү аркылуу өтмөк. Мында өсүмдүктөр жана жаныбарлар жок деп белгилейт Пржевальский. Жада калса кескелдириктер да жок. Жол бою бардык жерлерде аттардын, качырлардын жана төөлөрдүн сөөктөрү жатат. Күндүз ысыган жер бетинде атмосфера түтүн каптаган сыяктуу көбүнчө туздуу чаңдарды уюлгутуп өйдө көтөргөн куюндар өтөт.

Адам чыдагыс ысыктан жапа чекпеш үчүн экспедиция көбүнчө түнүчүндө же таң эртең менен жол тартышкан.

Албетте, түнкү жол тартуулар илимий байкоо жүргүзүүнү жана жерге съемка жасоону кыйындатты, ал эми турган жерин аныктоо жылдыздар боюнча гана жүргүзүлүп турду.

Хами менен Сачжеунун аралыгында экспедиция анча бийик эмес, бирок аянты боюнча кең чөлдүү Бейшань тоолорун кезиктирди, ал Тянь-Шань менен Наньшандын ортосундагы звено болуп саналат. Сачжеу оазиси Батыш Наньшандын түндүк этегинде улуу жибек жолу өткөн жайда пайда болгон. Бул оазис дунган көтөрүлүшү менен байланыштуу окуялардан четте калбаса да гүлдөп турган. Мурдагыдай эле оазисте теректердин, талдардын жана көп сандаган бак-жемиш бактарынын көлөкөлөрүндө дыйканчылык менен кесип кылышкан кытай калкы жашап келишкен.

Экспедиция Сачжеудан түштүктү, Батыш Наньшанды карай жөнөп оазистин башкы кереметине — Дуньхуандын атактуу үңкүрлөрүнө же туурасын айтканда миң буддалардын үңкүрлөрүнө келди. Миң будданын үңкүрлөрү — бардыгы 480 ге жакын — Батыш Наньшандын этектериндеги капчыгайлардын биринде сары топурактын (майда бүртүктүү, чаң сыяктуу, тыгыздалган катмарлар) калың катмарында казылган. Бул буддардын көп сандаган скульптуралары бар байыркы буддалык храм (бирөөнүн бийиктиги 28—30 м) үңкүрлөрдүн төбөсү менен боорунда диний жана элдик турмуштун сюжеттериндеги темада сонун жазуулар бар.

Миң будданын үңкүрлөрүн көргөндөн кийин Пржевальский түштүккө, аны кызыктырган Батыш Наньшандын чокуларына багыт алды: ал бул тоолорду изилдеп гана чыкпастан, аларды мындан 7 жыл мурда болгон Наньшань тоо системасынын чыгыш бөлүгү менен салыштырууну самаган.

Экспедициянын Батыш Наньшандагы биринчи кадамы эле эки чоң (эч бир картада көрсөтүлбөгөн) тоо кыркасын ачууга алып келди. Алардын бирөөнө Пржевальский Азиянын географиясы боюнча ири адистерден болгон Александр Гумбольдттун, экинчисине Карл Рихтердин ысмын койду.

Пржевальский Батыш Наньшанды изилдеп жана аңчылык кылууга баш аягы бир жарым ай кетирди. Бул жерде ири жаныбарлар аз болгон. Ошентсе да Николай Михайлович бул жердеги чөлдүү тоодон бул убакытка чейин белгисиз болгон бугунун түрүн ачты. Аны ал ак төштүү марал деп атады.

«Тоодо аңчылык кылуу, кыйын гана тургай, коркунучтуу да»,— деп Пржевальский өзүнүн жолдошторуна такай эскертчү. Анын бул айткандарынын кадиксиздигин Батыш Наньшандын тоолорунда экспедициялык отряддын мүчөлөрүнүн бирөөсү менен болгон окуя ырастайт. Жарадар болгон топоздун артынан түшүп көп сандаган тоо тармактарынын арасында Никифор Егоров деген солдат адашып калат. Аны беш күн издеп жана күтүшүп таба алышкан жок. Анын изин да таба алышпады. Мындан кийин экспедицияда аны эч ким тирүү калды деп ойлогон жок. Ал ачкадан жана сууктан алсырап күчүн жоготот, «эптеп бир жерден булак таап, көйнөгүмдү жууп, аны кийип өлөйүн» — деген ойго келдим дейт.

«Бирок тагдырга айла жок да» — деп Пржевальский толкундануу менен бул окуяны эскерчү —...Егоров биздин кербенди кокусунан жолуктуруп, аман калды.

Батыш Наньшандын тоолору менен таанышкандан кийин, тоолор мезгилдүү жаандардын аймагынан тышкары болуп, жанаша жаткан Хами жана Лобнор чөлдөрүнүн аптаптуу ысыгынын таасири астында жаткандыгын көрсөттү. Алтынтагдагыдай эле, аларга Борбордук Азиянын чөлдүү тоолорунун тиби мүнөздүү. Чыгыш Наньшань тоолорунда түштүк-чыгыш муссондорунун таасири алдында болгон көлөкөлүү токойлор, гүлдөгөн шалбаалар, жашыл бадалдары менен тунук булактардын, сайраган куштардын ордуна Пржевальский Батыш Наньшандан таштак жерлерди, чополуу жылаңач тоо капталдарын жана тиричиликсиз бозоргон өрөөндөрдү көрдү. Чындыгында эле Батыш менен Чыгыш Наньшанды бири биринен миңдеген километр алыстыктагы ар башка тоолуу өлкө деп ойлоого мүмкүн эле.

Батыш Наньшандагы изилдөөлөрүн аяктап Пржевальский Цайдамга өттү. Николай Михайловичке Цайдам анын биринчи Борбордук азиялык саякатында тааныш эле. Бирок бул жолу ал анын түндүк-батыш бөлүгү — Сырттын түздүгү боюнча өттү.

Бул түздүк Чыгыш Наньшань тоо кыркасынын Цайдам жагына түшүп турган түштүк кашаты.

Сырттын түздүгү — Цайдамдын өзүнүн жаратылыш шарты боюнча жагымдуураак жери. Бул жерде тулаң өскөн саздуу шалбаалар, жапайы жаныбарлардан — куландар жана хара-сульталар бар. Канаттуулар да бир кыйла көп, өзгөчө кубулжутуп сайраганы менен айырмаланган тибет торгоюу көп.

Бул жерде кукунордун монголдордукундай эле олётторго таандык болгон монгол калкы басымдуулук кылат. Алар кой, жылкы, бодо мал жана төө багышат. Жайында кан соргуч чымын-чиркейлер чыкканда монголдор өздөрүнүн малы менен коңшу тоолорго чыгып кетишет. Сырттын түздүгүнө алар күзүндө саздуу шалбааларга чөптөр чыгып жана көгөн менен чиркейлер жоголгон убакта кайтып келишет.

Монголдордун эркектери менен аялдары кийизден кемсел кийишет. Көйнөк жана эч кийими жок. Тери шымды кышында гана кийишет.

Цайдамдан Пржевальский Бурхан-Будда тоо кыркасына барат. Ал жактан Тибетке барууну белгилеген. Зайсандан Бурхан-Буддага чейинки бардык жол, анын үстүнө европалык саякатчылар басып өтпөгөн Хами оазисинен Бурхан-Будда тоо кыркасына чейинки миңдеген чакырымдагы аралык, жалпысынан алганда 2060 чакырымды түзгөн. Анын маршруту бүтүндөй чөл аркылуу өткөн. Ошондуктан илимий жыйындылары анча көп болгон эмес. Зайсандан чыккандан тартып 5 айдын ичинде экспедиция сүт эмүүчүлөрдүн 43 түрүн жана канаттуулардын 201 түрүн көргөн. А балыктарды болсо Жунгариядагы Урунгу дарыясынан жана Бурхан-Будда тоо кыркасынын капталдарынан Цайдам өрөөнүн көздөй аккан Баян-Гол дарыясында кездештирген. Сойлоп жүрүүчүлөрдөн гана көп табылып жана өсүмдүктөрдүн 406 түрүнөн турган гербарий аздыр-көптүр көрүнүктүү болду.

Бирок жыйынтыктап келгенде экспедиция көп иштерди аткарды. Ал эми бардык басып өткөн жолдо жерди көз өлчөм боюнча картага түшүргөн, жердин бир нече бийиктигине анықтама берди, жалпы географиялык жана метеорологиялык кеңири изилдөөлөрү менен байкоолорду жүргүздү. Андан тышкары дагы башка бир топ илимий изилдөө жумуштарын аткарды. Ал өзү басып өткөн маршруттун ошол бөлүгүн абдан жупуну баалаган. Бирок эч кандай жаңылуудан коркпостон Борбордук Азиялык үчүнчү саякаттын биринчи бөлүгү үзүрлүү өттү деп биз тайманбай ырастасак болот.

Эми анын алдында пландагы иштин экинчи бөлүгүн ишке ашыруу маселеси турган. Ал Тибет тайпак тоосун изилдөө эле.

Өткөн саякаттай эле Тибет боюнча маршрут Бурхан-Будда кырка тоолорунан башталды. Күчүн сактап экспедиция кырка тоолорго көтөрүлгөн жок. Тибет кырка тоолоруна жолду кыскартыш үчүн аны батыш жагынан басып өтүп, Тибет кырка

тоолорунун акыркы тепкичи болгон Дынсыобо капчыгайына туш келди. Бул жерде Бурхан-Будда кырка тоосунун чөлдүү жана тиричиликсиз катаал ландшафтынан кийин экспедиция күтүлбөгөн жерден жапайы жаратылышка тиешелүү болгон өзгөчө кооз көрүнүшкө туш келди. Бул жерден адамдан үркүп көрбөгөн куландын үйүрлөрүн, беймарал басып же жуушап жаткан жапайы топоздорду, сымбаттуу оронго антилопасынын текелерин, ар кай жерде топко окшоп секирип оюн салган кичинекей ада антилопаларын көрүштү.

Экспедиция Шуга кырка тоосунан өтүп, Шугагол дарыясынын өрөөнүнө түшкөндө жапайы айбанаттардын аябай көптүгүнө көздөрү тойду. Шугагол өрөөнүн түндүк жагынан Шуга кырка тоолору, ал эми түштүк жагынан болсо Пржевальский ачкан Марко Поло кырка тоосу курчап турат. Бул Тибет тайпак тоосунун мейкиндигинде айбанаттардын салыштырууга жомоктогудай дүйнөсү бар экен. Таңыркаган айбанаттар экспедицияны таң кала жана кызыга карап турушту. Куландардын үйүрлөрү гана азыноолак четтешип, ал эми кээде кербендин малынын артынан ээрчип алышты.

Түндүк катаал Тибет саякатчыларга ушундай эч бир күтүлбөгөн сырдуу жагы менен ачылды. Бул зор Тибет тайпак тоосунун өзүнүн өзгөчө ландшафты менен айырмаланган бөлүгү. Ал жөнүндө Пржевальский өзүнүн Борбордук Азияга болгон үчүнчү саякатынын отчётунда төмөндөгүдөй баяндайт: «Азиянын зор жаратылышы кээде Сибирдин учу-кыйырына көз жеткис токою жана тундрасы өңдүү же суусуз Гоби чөлүндөй көрүнүп, бир туруп материктин ичиндеги зор тоо кыркалары жана андан туш тарапка агып кеткен миң чакырымдаган дарыялары менен бул континенттин борбордук бөлүгүнүн түштүк жарымын ээлеген Тибет экендигин белгилеп турду. Бардык жагынан биринчи даражадагы тоо кыркалары менен курчалган бул тоо өлкөсү бир аз чет жакасын кошпогондо деңиз деңгээлинен 13 төн 15 миң футка (3960—4574 м) көтөрүлгөн, жер шарынын башка жеринде жолукпаган туура эмес трапеция түрүндөгү зор тоо өлкөсү. Бул зор пьедсталда кеңири тоо кыркалары топтолушкан. Бөксө тоолордун өзүнүн жаратылышы жана климаты боюнча адамга катаал, илимге көп бөлүгү али белгисиз, адам жетүүгө кыйын болгон асман мелжиген тайпак тоо дүйнөсүн бул алп тоолор кайтарып жаткандай сезилет.

Пржевальский Тибет тайпак тоосун 3 ири жаратылыш бөлүгүнө: Инд бийик өрөөндөрүн, Сатледж менен Брахмапутранын жогору жагын (жогору жактары Цангпо деген тибет аты менен аталат) ичине алган түштүккө; бийик стол сыяктуу Түндүк-Тибет тайпак тоосу кирген — түндүккө; жана абдан тармакталган тоо өлкөсүнө, б. а. Кытайга чейин алыс кирип кеткен өтмө кашаттар кирген — чыгышка бөлөт.

Андан соң Николай Михайлович өзү эки жолу басып өткөн Түндүк Тибет бөксө тоолорун сүрөттөйт. Түндүктө бул бөксө

тоонун чеги Кунь-Луньдун түндүк капталы эсептелет, ал эми түштүк чеги болсо — Ньенчен-Тангла Трансгималай кырка тоолору. Анын суулары жеке гана түштүккө Цангпого агып түшпөстөн, ошондой эле нугун жоготкон Түндүк Тибет бөксө тоолорунун жергиликтүү бассейнине агып кирет.

Түндүк-Тибет бөксө тоосуна өтө бийик эмес кеңдик багыттагы тоо кыркалары мүнөздүү. Капталдары жантайыңкы, чокулары домпок келип, кенен жайыктар менен бөлүнүп турат. Кээде ал жайыктар дарыя өрөөндөрү менен кесилип, кээде жөнөкөй гана жылма күдүр мейкиндиктерди же болбосо океан менен байланышы жок туюк өрөөндөрдү түзөт. Ошондой туюк өрөөндөр бөксө тоолордун көп жерин ээлейт. Хуанхэ, Янцзы, Меконг жана Салуина дарыяларынын башталышы жайгашкан анын чыгыш чет жакасы гана дүйнөлүк океан менен байланышта.

Түндүк Тибеттин климаты көптөгөн кайталангыс өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Негизги мүнөзү — кескин континенттүүлүгү. Бул болсо тайпак тоонун эң чоң бийиктиги жана түштүгүнөн Индия муссонун Гималай тоолору Тибеттин ичкери жактарына өткөрбөй тосуп тургандыгы менен белгиленет. Ошондуктан Түндүк Тибет тайпак тоосунда температура жыл бою төмөн. Өтө бийиктикке байланыштуу абасы абдан таза жана тунук, күнөс жер менен көлөкөнүн температурасынын айырмасы абдан чоң. Пржевальский ал тургай күзүндө октябрь айынын аягында күнөс жерде +16,3°С, ал эми көлөкөдө —8,0°С түзгөндүгүн байкаган. Жергиликтүү климат үчүн жазгы бороондор да адаттагыдай нерсе. Анын себептери Джунгария жөнүндө баяндалган мүнөздөмө менен түспөлдөш.

Тибеттин жаратылышынын дагы бир ачык-айкын өзгөчөлүгү анын өсүмдүктөрүнүн түр жана калыңдыгы боюнча абдан жакырлыгы. Түндүк Тибетте бак-дарактардын жана түрдүү бадалдардын жоктугун эске алганда да (ар кайсы жерден гана чычырканак куриль чайы жана реамюрин кездешет), чөп каптоосуна да жарды. Чөптөр болсо көбүнчө дарыялардын жээктериндеги бир аз суу ичкен кумдуу жана кум топурактуу жерлерде өсөт. Андай жерлерде да, атап айтканда, кылканак өсүмдүктөрүнүн үч-төрт түрү, касатки, астрагал, ошондой эле соссюрея, вернерия жана анафалис, башкача айтканда, альпы жана талаа флорасынын жакыр аралашуусу кездешет. Ал эми бийик өрөөндөрдө жана тоолордо өзгөчө түндүк капталдарында тибет туланы басымдуулук кылат. Алар түптүү болуп өскөндүктөн абдан катуу келип төөнүн таманына да кирип кетет.

Түндүк Тибеттин жаратылышынын дагы бир өзгөчөлүгүн белгилеп кетели. Чөп каптоосунун жардылыгына карабастан жапайы айбандардын таң каларлык көптүгү жөнүндө Пржевальский көп кайталайт. Түндүк Тибет бөксө тоосунда ал сүт эмүүчү жаныбарлардын 17 түрүн жана канаттуулардын 51 түрүн кезиктирген. Бирок негизинен сүт эмүүчү жаныбарлардын

жана алардын жалпы санынын көптүгү таңгаларлык көрүнүш деп белгилейт саякатчы.

«Күн бою жол тартканда кээде жүздөгөн топоздорду, куландарды, жана көптөгөн антилопаларды кездештиресиң,— алардын жапайы экендигине да ишенбей кетесиң...» — дейт ал. Айбанаттардын андай көптүгүнүн негизги себебин Николай Михайлович биринчи ирет Түндүк Тибетте алардын биринчи «жоосу»— негизинен адамдын жоктугу жана аларга жетиштүү суунун болушу менен байланыштырат.

Пржевальский эскерип кеткен Түндүк Тибеттин айбанаттарынын арасынан биз жапайы топозду, куланды, антилопаны, бөкөндү жана аданы, ак төш аркарды, күкү-яманы, маралды жана кемирүүчүлөрдү коён-чычкандын эки түрүн, суурду (тарабаган), коёнду, момолойду, жырткычтардан — аюу (жаңы ачылган түрү), тибет карышкырын, түлкүнү жана карсакты көрөбүз. Канаттуулардын 51 түрүнөн Пржевальский мүнөздүүлөрүнөн жоруну, карганы, чөкө тааңды, тибет торгоюн, мукурларды, сай сагызганын, көгүчкөндү, тибет уларын, тибет болдуругун атайт. Түндүк Тибетте токой, чөп каптоосу, жегенге тоют, башкача айтканда тукумдарын чыгарууга керек болгондордун баары жок болгондуктан жаныбарлар дүйнөсүндө орнитофаунада алардын саны анча көп эмес. Анын үстүнө климаттык шарттар абдан катаал.

Түндүк Тибет бөксө тоосунда сойлоп жүрүүчүлөр менен жерде-сууда жашоочулар абдан аз деп болжолдойт Пржевальский. Бирок Түндүк Тибеттеги бардык байкоолор жылдын кеч мезгилинде, сойлоп жүрүүчүлөр менен жерде-сууда жашоочулар чээнге кирип кеткенде жүргүзүлгөндүктөн, аларды жакшы байкоого мүмкүн болбой калды деп баяндайт.

Балыктары жөнүндө болсо Пржевальский Түндүк Тибетте дарыялар менен өзөн сууларда көп экенин, көлдөрдө суусу өтө туздуу эместеринде боло тургандыгын айтат.

Пржевальский Түндүк Тибетте дан өсүмдүктөрү өспөгөндүктөн анда отурукташкан калктын жашоосу мүмкүн эмес деп эсептейт. Көчмөн элдин жашашы да мүмкүн эмес, анткени Тибет бөксө тоосунун жайыттары начар болгондуктан мал үчүн тоют издеп улам бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүүгө туура келер эле дейт ал. Андан тышкары адамдарга бийик бөксө тоонун суюк абасына жана андагы жылуулук менен сууктун, атмосферанын кургактыгы менен нымдуулугунун кескиндигине көнүүгө кыйын эле.

Көчмөндөрдүн турмушу үчүн Түндүк Тибеттин жараксыз экендиги жөнүндөгү Николай Михайловичтин оюу жаратылыш өзгөчө катаал болгон бөксө тоонун түндүк-батыш бөлүгү үчүн гана туура болуп чыкты. Анын түштүк райондорунда, мисалы Тангла бөксөсүндө жана андан түштүгүрөөк жакта жаратылыш шарты жагымдуураак болгондуктан Николай Михайлович туруктуу көчмөн тибеттиктерди жолуктурган.

Түндүк Тибет боюнча саякат оңой-олтоң болгон жок. Экспедиция жылдын кар жаап, суук түшүп калган убагында баратты. Кардын алдынан тоют таап жей албаган кээ бир төөлөрдүн өлүм-житими көбөйө баштады. Адамдар да сууктан жана аргал нымдуу болуп күйбөгөндүктөн ысык тамак иче алышпай жабыркашты. Буга кошумча болуп күндүн жаркыраган нуру карга чагылышып кишилердин жана жаныбарлардын (союш үчүн алынган койлор менен төөлөрдүн) көздөрү ооруй баштады.

Анын үстүнө жол көрсөткөн жергиликтүү киши да Пржевальскийди убара кылды. Чын эле жолду жакшы билбейби же Кукушили тоолорундагыдай эле атайын адаштырайын дедиби, акыры Пржевальский аны кубалап жиберди. Анткени ал өзүнүн интуициясына, жат жерде жолду таба билүү жөндөмүнө ишенген эле.

Ал адам менен болгон окуя жөнүндө кийинчерээк өкүнүч менен мындай деп жазат: «...Борбордук Азияга менин саякаттарымдын бардыгынын тагдыры ушундай болсо керек, ар биринин абалы кылдын кырында болгон учурлар көп эле болду».

Жол көрсөткөн киши кеткенден кийин экспедициянын абалы бир жагынан кыйын, экинчи жагынан оңой болуп калды. Кукушили тоо кыркасы аркылуу ашуу жолу тез эле табылды, андан кийин түштүгүрөөк жактан Думбура тоо кыркасын ашып өтүштү. Пржевальский билгендей анын артында кудайга сыйынгандар менен соодагерлердин Сининден Лхасага жана кайра кайткан жолу өткөн Көгүлтүр (же монголчо Мурусу) дарыянын жогору жагы жаткан эле.

Ошентип Николай Михайлович өжөрлүк менен келе жаткан Лхаса анча алыс эмес эле.

Мурусу өрөөнүнөн Тангла бөксө тоосуна көтөрүлүп, экспедиция Лхасага жөнөдү. Лхасага бараткан жолдо кызыгаарлык деле эч нерсе көрүнгөн жок. Ар кай жерден караван төөлөрүнүн, топоздордун сөөктөрү жана кишилердин баш сөөктөрү көрүнөт. Бир жолу саякатчылар динчил-монголдун өлүгүнө жолугушту. Кебетеси катаал Тибет бөксө тоосу боюнча саякаттын оорчулуктарына туруштук бере алган эмес көрүнөт.

Мурусу өрөөнүнөн бөксө тоого чыга берерде Пржевальский жердин түштүккө карай өйдөлөй баштаганын байкайт. Бул 125 чакырымга созулган Тангланын көтөрүлүүсү экендиги кийин билинди. Тибет бөксө тоосундагы эң чоң көтөрүлүүнүн кыры менен чыгыштан батышка карай түбөлүк каардуу Тангла деп аталган жантайыңкы тоо кыркасы созулуп жатат.

Тангла бөксө тоосуна чыгуу абдан кыйын болуп, 8 күнгө созулду. Жалгыз аяк муз жолдорго айрым жерде кум чачып өтүүгө туура келди, же болбосо төөлөр бир кадам да баса алчудай эмес. Көтөрүлүү абдан кыйын болгондуктан, Пржевальский бул жерден 4 төөсүнөн ажырады.

Тангла бөксө тоосунда жаратылыштын катаалдыгына кара-

бастан, бул жерден Пржевальский Цайдамдан кийин биринчи жолу адамдарды жолуктурду. Булар Тангла бөксө тоосунда такай көчүп жүрүшкөн тангуттун еграй уруусунун эли эле. Еграйлардан башка Танглада, Мурусунун жээгине жакын голоктор (нголоктор) башка тангут уруулары көчүп жүрүшкөндүгүн Пржевальский кийин билет. Николай Михайлович голокторду көрө алган жок, бирок еграйлар менен жолугушуусу анын эсинде узакка калды. Анткени алар мал чарбасы жана аңчылык менен гана кесип кылышпастан, ары-бери өткөн кербендерди талап-тоноо менен да кесиптенишкен. Алар Пржевальскийдин кербенин да тоноого аракет кылышты.

Ал мындайча башталды, 15-17 кишиден турган еграйлардын тобу экспедициянын лагерине май сатуу шылтоосу менен келишип, чыр-чатак башташып, найза, кылычтары менен кол салышты. Бактыга жараша экспедициянын бардык мүчөлөрү сак турушкандыктан, алардын чабуулунун мизин кайтарышты. Каракчылар аргасыздан асканын артына жашынышып, түтөтмө мылтыктарынан ок чыгара башташты. Пржевальский бекер кан төгүлүүдөн качып, адегенде ок чыгарган жок. Бирок да, баш жактарынан ок чуулдап өтө баштаганда, алардын максаттарын түшүнүп, ок чыгарып жооп берүүгө буйрук берет. Казак-орустардын биринчи эле таамай атууларынан кийин еграйлар качууга аргасыз болушту. Алар эртеси күнү да экспедиция бараткан жолдогу капчыгайда бир нече жолу буктурмадан кол салышты. Казак-орустар өздөрүнүн айлакер начальнигинин жетекчилиги астында улам бир буктурмадан сүрүп чыгышып, андан соң аларды качып кутулууга аргасыз кылышты. Ошентип экспедициянын мүчөлөрү эч кандай жоготууга учурабастан, өздөрүнө шыдыр жол ачышты. Тангла тоо кыркасынан ылдый түшкөндөн кийин, саякатчылар Салуэнанын бир куймасына чыгышты. Ал жердеги кең түздүктө тибеттиктердин кара алачыктары кооз болуп тигилген эле. Тибеттиктер чоочун адамдарга досторчо мамиле кылып, аларга койдун этин, май жана кургатылган быштак сатып алууну сунуш кылышат.

Бирок Лхасага 250 чакырым калганда, тибеттиктердин тынч Напчу деген айлында экспедиция токтоого аргасыз болду. Кандайдыр бир белгисиз кишилер тибеттиктерди орустарга каршы үгүттөө үчүн, орустар Лхасага тибеттик ыйык — далай-ламаны уурдаганы баратыптыр,— деп ушак таратып жиберишет. Бир аз убакыттан кийин борбордон чиновниктер келишип, экспедицияны ары коё бере албастыктарын билдиришет.

Лхасанын администрациясынан уруксат алууга болгон Пржевальскийдин аракеттери ишке ашкан жок. Николай Михайловичтин өтүнүчү боюнча кошумча кайрылуу менен Лхасага барган ошол эле чиновниктер терс жооп алып келишкен.

Пржевальский тибеттик башкаруучулардын эркине баш ийбей, күч менен чыгып кете алган жок. Ал тибет элинде өзү жөнүндө жаман ой калышын каалаган эмес.

Канчалык оор болсо да, Лхасага баруу оюнан ал баш тартууга аргасыз болду. Бул тибеттиктердин сырдуу борборун көрүүгө болгон үмүтүнүн төртүнчү жолу сынышы эле. Терең кайгыруу менен Пржевальский кайра кайтууга кам көрө баштады.

Экспедиция Лхасадан жооп күтүп жатканча, Пржевальский айланадагы көчмөндүү тибет калкын үйрөнүү менен изилдөө иштерин жүргүзө берди. Алгачкы убакта тилмечи жок болгондуктан, тибеттиктер жана алардын турмушу менен таанышуу кыйын болду. Тибеттиктер дагы өздөрүнүн ички дүйнөсүн чоочун кишиге ачууга аракет кылышкан жок. Ушунун баары чогулган маалыматтардын так жана толук болушуна таасирин тийгизбей койгон жок. Бул жөнүндө кийин өзү да эскертет.

Сырткы кебетелери боюнча тибеттиктер (көчмөндөр) тангуттарга окшош дейт Пржевальский. Чачтары кара, узун, кээде өрүп, сөөк шакектер, шурулар, бирюзалар, жез жана сөөк каңылтырлар менен коодоп коюшат. Сол кулактарына күмүш сөйкө тагынышат. Мурут-сакалы начар өсөт.

Тибеттик аялдар кыска бойлуу келишип, өңдөрү ак жуумал болот. Чачтарын экиге тең бөлүп, майда өрөт да ар түрдүү шурулар, бирюза мончоктор, шыңгырактар, металл каңылтырлар тагылган ленталарды байлап арт жагына таштап коюшат.

Кышында тибеттиктер тон кийишет. Колунда барлары кызыл нооту менен тыштап коюшат. Тонду көкүрөк жагын кең кылып белинен байлап алышат. Анткени ал жерине тамеки салынган капчыгын, табакты ж. б. майда буюмдарды салып алышат.

Эркектери суук күндөрдө да оң колун эркин кыймылдатыш үчүн, белинде такай байланып жүргөн кылычтарын шарт пайдаланыш үчүн бир жак жеңин кийишпейт. Тибеттиктер көйнөк жана дамбал кийишпейт, анын ордуна жапкыч кийишет. Калың кийизден чокой тигишип, таманына тери каптап коюшат. Байпак кийишпейт. Баштарына койдун жана түлкүнүн терисинен тумак кийишет же жүндөн токулган кызыл кездемеден баштарына байлап алышат.

Көчмөн тибеттиктердин турак-жайы жай-кышы дебей — топоздун жүнүнөн калың жана одуракай токулган төрт бурчтуу кара алачыктар.

Тибеттиктер койдун жана топоздун эти менен азыктанышат. Кээде нымдуу аргалды күйгүзө алышпаганда чийки бойдон да жешет. Кургатылган быштак менен чайга сүт, май кошуп ичкенди жакшы көрүшөт.

Негизги кесиби — мал чарбачылык. Алар көбүнчө кой, топоз, аз санда жылкы, эчки багышат. Дини боюнча тибеттиктер — буддисттер. Алар диний салттарды абдан катуу кармашат. Шаманизмдин калдыктары да калган.

Бардык тибеттиктер моюндарына кичинекей төрт бурч тумар тагынышат. Анын ичинде идолдордун кичинекей сүрөттөрү,

ар кандай дубалар жазылган кагаздар сакталат. Лампалардын (монахтардын) карапайым элге таасири абдан чоң.

Үй тиричилигинде аялдар бардык ишти аткарышат.

Пржевальский монгол-тилмечтеринен сураштырып, Тибеттин калкы, административдик түзүлүшү, Лхаса, далай-лама жана Тибеттик жогорку бийликтегилер жөнүндө маалыматтарды алды.

1879-жылдын декабрь айынын башында Николай Михайловичтин экспедициясы тибеттик Напчу айлынан чыгып үйгө багыт алды. Лхасага жете албай, экспедициянын тагдыры жөнүндө тынчсызданып, Пржевальскийдин маанайы пас болгондой эле. Тибеттин суук жана шамалдуу катаал кышынын убагында алдыда жүздөгөн чакырым оор жол тартуу турду, ал эми экспедициянын абалы да начар эле. Зайсандан чыккандагы 35 төөдөн 26 сы гана калды. Анын жарымы да арык, начар төөлөр эле. Азык-түлүк да аз калган. Напчуга жакын турганда да, жана башка жерлерден да толуктап алууга болбой калды. Зайсандан чыккандан бери эс албай чарчап-чаалыгышкан экспедициянын мүчөлөрүнүн ден соолуктары да тынчсыздандыра баштады.

Экспедиция Тангла бөксө тоосун, анын эми түштүк жагынан 75 чакырым келген капталы боюнча кайрадан ашып өтүп, 1880-жылдын жаңы жылынын алдында Думбура тоосунда бир күнгө токтоду. Бул жерде тамак-аш жана илимий керектөөлөр үчүн аңчылык жүргүзүштү. Анын үстүнө Пржевальскийге коллекция үчүн ак төштүү аргалдын, карышкырдын жана карсактын териси керек эле.

Аңчылыкка Николай Михайлович өзү да катышты. Ал тоодо көпкө чейин кыдырса да каалаган жаныбарлар ага жолуккан жок, бирок бир жолу кокусунан карыган топоздордун үйүрүнө туш келди.

Бул зор жаныбарга аңчылык кылуу Николай Михайловичти дайыма тобокелге салуу менен кызыктырган. Атап айтканда «...күрөштүн кызыктыгы жана белгилүү чекке чейинки коркунучтуулугу, аңчылык ышкыбоздуулукту эрксизден тутандырып, жалпысынан алганда көптөгөн күчтүү ой жоруулар менен сезимдерге бай болгон ар бир саякатчынын, өзгөчө Борбордук Азиянын чөлдөрү боюнча кыдырган саякатчынын оюна ой, сезимине сезим кошуп азгырат» — деп жазат ал.

Бир топозду, он чакты ок чыгаруу менен Пржевальский бет келген эле жерден жыкты, ал эми экинчиси болсо мүдүрүлүп жыгылып кардуу тик бет менен ылдый карай кулап түштү. Ошентип топоз жүз кадамча кулап барып сулк жатып калды. Бирок Пржевальский жакындап келгенде айбан тура качып жөнөдү. Көп убакыт өтпөй эле Николай Михайлович аны таап алды. Топоз кыймылсыз жаткан эле, Пржевальский аны өлүп калган экен деп ойлоду. Бирок ага чейин жүз кадамча аралык калганда жаныбар күтүлбөгөн жерден бутуна туруп, адегенде

жай басып, андан кийин текирең таскак менен аңчыны көздөй бет алып жөнөдү. Каргаша болуп Пржевальскийдин эки гана огу калган эле. Биринчиси менен жетимиш, экинчиси менен элүү кадам аралыктан эки жолу атты. Ага карабастан жаны ачыган айбан жыгылган жок, күү менен дагы 20 кадамча жүгүрүп келип, кайкалаган курч мүйүздүү башын жерге салып, куйругун көтөрүп айбат кылып туруп калды. Ал абдан жакын тургандыктан тумшугунан тамчылаган кан жана төшүндөгү октон алган жараты кызыл-ала болуп көрүнүп турду. Бир эки минутага чейин айбан менен аңчы бири-бирин тиктешип туруп калышты, күтүлбөгөн жерден топоз куйругун түшүрүп башын көтөрдү,— ал болсо алы кетип, ачуусунун тараган мезгили эле. Пржевальский аны сезе коюп, тезирээк чегинүүнү чечти да, күрсүйгөн айбандан көзүн албай акырын артын көздөй жылып жөнөдү. Андан 200 кадамча алыстагандан кийин гана Николай Михайлович жеңил үшкүрүп ордунан турду да, мындан кийин аң уулоого дайыма кошумча ок алып жүрүүгө өзүнө-өзү убада кылып, лагерди көздөй шашыла басты.

Жаңы жылдан кийин экспедиция өзүнүн жолун улантты. Думбура тоо кыркасынан кийин Кукушили жана Марко Поло тоо кыркаларын басып өттү. Бирок бул жолу өткөн жолку түштүккө баратканга караганда, батышыраак жагынан салып, кайра Цайдамга чыгышты. Кырсыкка учурап өлүп отуруп 13 гана төө калган. Саякатчылар өздөрү аман-соо болгону менен чегине жете чарчап-чаалыгышса да, Тибет тоолору менен аман-эсен ойдогудай кош айтышкандарына чоң кубанычта болушту.

«Артта калган Тибетти караганга да коркунучтуу эле: ал жерди эми чексиз уюлгуган булут каптап турду, мүмкүн аба ырайы бузулуп жатат өңдөнөт» — деп балким Пржевальский бир нече жолу жеңилденүү менен үшкүрүнүп өзүнүн күндөлүгүнө жазса керек.

Цайдамдан экспедициянын жолу Кукунорго алып бармак, андан кийин Синиңге, ал жерден Пржевальский Сары дарыянын башына саякат жүргүзүүгө даярдык көрүүнү чечкен. Кукунор Николай Михайловичти жаратылыштын кызыктуу объекти катары гана эмес, көчмөн жана маданияттуу турмуштун чегинде монгол, тангут, кытай элдеринин уюткусу жайгашкан жер катары да кызыктырган.

Синин шаары — мааниси чоң соода борбору, ал жерге Тибет көпөстөрү өздөрүнүн товарларын алып келишет жана көбүнчө Пекинден жеткирилген кытай буюмдарын соодалашып сатып алышат. Сининдин негизги сыймыгы белгилүү Гумбум чиркөөсү, андан XIV кылымда буддуизмди өзгөртүүчү Дзонхава (реформатор) чыккан. Ал жаңы, будда дининин түндүк тармагынын ламаизмдин (монгол, тибет элдеринде таралган) негиздөөчүсү катары белгилүү болгон. Анын бирден бир негизги идеясы болуп келе жаткан куткаруучу-будда жөнүндөгү окуу болуп саналат.

Сининдин калкы кытай, дунган, тангут, далд, монгол, кыргыз элдеринен турат.

Бул жердеги кытайлар өздөрүнүн башка жерде жашашкан туугандарынан эч кандай айырмаланбайт, дейт Пржевальский. Негизинен соода жана дыйканчылык менен оокат кылышат.

Дунгандар,— дейт ой жүгүртүүнүн үстүндө, Николай Михайлович,— кытайлашып, өздөрүнүн тилдерин такыр унутуп коюшкан түрк элдери. Анын оюнча алардын өңү-түсү, сырткы көрүнүшү жагынан татарларга окшоп кетет. Дини боюнча дунгандар-мусулмандар, шеит сектасына таандык. Кытайча кийинишет жана кытайча желкесине чач калтырып чачын кырдырып салышат. Ичкен тамак-ашы дагы кытайлардай, бирок чочко этин жешпейт. Негизги кесиби — дыйканчылык, аны билгичтик менен жүргүзүшкөндүгүнө карабастан соодага жакындыктары көрүнүп турат.

Кукунордо азын-оолак жашашкан анча көп эмес кыргыз эли дагы мусулмандарга кирет. Алар да көчмөндүү калк. Кыргыздар дагы өз тилин унутуп коюшкан, көбүнчө жаштары жалаң гана монгол тилинде сүйлөшөт.

Далд эли — өтө аз изилденген, алардын келип чыккан теги али белгисиз, бирок болжолу булар монголдордун бир уруусу болушу мүмкүн. Алар дагы кытайча кийинишет жана чачын кырдырып, желкесине чач калтырып коюшат.

Сининдин чет жакасында кытай жана далддарга аралаш сары тангуттар жайгашкан. Алар кытайлык фанзылардай эле үйлөрдө турушат жана негизги кесиби дыйканчылык. Сары тангуттардын экинчи бир бөлүгү Тэтунг тоолорунда турушат. Аларды жарым көчмөн калк катары эсептесе болот, анткени жыгач тамдарда турушуп, дыйканчылык кылышпай негизинен мал багышат. Ошол Тэтунг тоолорунда сары тангуттардын калган үчүнчү — көчмөндүү бөлүгү жашайт.

Сининдин тегерегинде монгол калкы абдан аз. Болжол менен алар бул жерге Кукунордон ооп келишсе керек. Монголдор негизинен Алтын жана Чейбсен будда чиркөөлөрүнүн тегерегинде жайгашкан. Алар дагы жарым көчмөн турмуш-тиричилиги менен айырмаланат.

Пржевальскийдин Сининдеги экспедициясы жөнүндө ар кандай ой жоруулар айтылып келинген. Ал эми Николай Михайловичтин өзүн, мисалы, сыйкырчы деп аташкан. Бирок баарынан таң калаарлык аңгеме экспедицияны Лхасага өткөрбөй койгондугу жөнүндө болчу. Ал аңгеме дейт Николай Михайлович Дидондун Карфагенди негиздегени жөнүндө баянды элестетет.

Сининдик көпөстөрдүн бири бул жөнүндө мындай айткан имиш: «Байыркы өткөн заманда Тибеттин чек арасына кандайдыр бир ян-гуй-за (европалык киши) келип өлкөнүн ичкери жерине өткүсү келет, бирок уруксат ала албай коёт. Ошондо жолоочу өгүзүндүн талпагынын бетине барабар жер саткыла деп

өтүнөт. Тибеттиктер ага макул болушуп, шарттуу келишим түзүшүп, акчасын алышат. Чет элдик жүргүнчү терини ичке кайыштарга тилип, аны менен бир канча өлчөмдүү жерди айланта курчап, бул жер менин менчигим деп жарыялаган имиш. Анын жерге акылуу экенин эч ким тана албай коюптур. Ошол соода келишиминин андан ары тагдыры жөнүндө эч жерде айтылган эмес экен. Бирок да, ошондон кийин тибеттиктер айлакер европалыктарды өз жерине киргизбеске ант беришиптир».

1880-жылдын март айынын орто ченинде Пржевальский Синин түздүгү менен Хуанхэнин баш жагына өтүп бараткан. Кайсы гана жерде болбосун дыйкандар кумурска сыяктуу тырмалап иштеп жатышкан. Жолдо жөө жалаңдап, качыр минишип жана эки дөңгөлөктүү кытай араба менен адамдар келе жатышкан. Экспедиция Кытайдын калк жыш отурукташкан районуна туш келгени сезилип турган эле.

Хуанхэ өрөөнүн Пржевальский Гуйдуядан жогору 250 чакырымча аралыкка көз салып чыкты. Улуу кытай дарыясы бул жерде адам басып өткүс бийик тоо кыркаларын аралап агат экен. Ал тоолордун араларында да бир кездерде көлдөр каптап, азыр болсо суусуз бөксөлөр жайгашкан, дарыя шилендилери менен жана лесс катмарларынан турган тайпак тоолор жатат.

Дарыя өрөөнүнүн абсолюттук бийиктиги бул жерде 2600 м ге жетет, ал эми дарыянын туурасы суусу азайганда 100—120 м ге чейин, агымдын тездиги болсо секундасына 1,5 м ди түзөт. Жайкы жамгырдуу мезгилде дарыянын көлөмү жана тереңдиги кескин түрдө көбөйөт, суусу болсо лесс топурагынын эзилип агышынан улам саргарып агат. Дарыянын сары деген аты ушундан келип чыгат. Хуанхэ кытайча сары.

Тоо арасындагы бөксө тоолордун ландшафты өзүнчө өзгөчөлөнүп турат. Алардын бети коридор жана траншея сыяктуу терең (300 м ге чейин жана андан да ашык капчыгайлар менен жыш тилмеленген, алар аркылуу тоо этектериндеги түздүктөргө суулар, жаан катуу жааганда кыяндар агып чыгат. Тайпак тоо жактан бул капчыгайлар жана траншеялар дайыма эле байкала бербейт. Эгер чет жагында туруп төмөн караса, шамалдын ишинин таң каларлык формалары, мунарага, столго, зор чеп дубалдарына, пирамидаларга жана башкаларга окшош формаларын көрүүгө болот. Тайпак тоодон капчыгайга түшкөн каптал кокту-колотторy жана суу жеген кемерлер эреже боюнча абдан кууш, кыска жана барууга кыйын. Алардын жантайыңкы жана кеңири тарткан жерлеринде гана анда-санда жалгыз аяк жолдор кетет да, алар башка капчыгайлардын ичкери жерлерине алып барат, ал капчыгайларда таштан-ташка урунуп күрпүлдөгөн суулар агып жатат, ал суулардын жээктеринде жашыл токой аралчалары (терек, чычырканак, жапайы жүзүм) жайгашып, аларда марал, кабарга, аюу, жапайы чочколор жашайт.

Бөксөнүн үстүнөн ар дайым эле капчыгайды гана эмес,

кыргоол (кулактуу жана кадимки), сифань кекилиги, тоңкулдактар, көгүлтүр сагызгандар, айры куйруктар, кашка чымчыктар, мыймыттар, тоо чымчыктар, ошондой эле Пржевальский ушул жерден ачкан көк шалкы сыяктуу мыймыт дагы мекендеген капталдарындагы акация, бөрү карагат, ит мурун, шилби, табылгы жана карагат бадалдарын да көрө албайсың. Ал эми бул жердеги жылаңач жарлар дагы кур эмес — аларда кекилик байырлайт, жорулар уялайт, ушул эле жарларда куку-янмандар жашайт.

Пржевальский жогорку Хуанхэнин фаунасы менен орнитофаунасы Чыгыш Наньшандын фаунасы менен орнитофаунасына окшоштугун белгилейт.

Эч суусуз бөксөнүн бетинде дарак да, бадал өсүмдүктөрү да жок, бирок такыр чөл да эмес. Саякатчынын көз алдына шамалга ыргалган тулаңдын толкундары, торгой жана талаа чакчыгайынын сайрагандары угулган, кадимки талаа ландшафты ачылды.

1880-жылдын аягында экспедиция Хуанхэнин терең капчыгайларынан чыгып, көз болжол менен карта тартып жана түрдүү илимий байкоолорду жүргүзүп, Кукунордун чыгыш чети менен бара жатты.

Кукунордун флорасы түрлөрүнүн саны боюнча өтө деле бай болбой чыкты. Көлдүн өзүндө суу өсүмдүгүнүн бир гана түрү табылды. Көлдүн жээктеринде эле дирисун (чопо топурактуу түз жерлерде) же тулаң, (майда таш жана кум аралашкан чопо топурактуу жерлерде) майда таана, заргын, чанда астра же жапайы кара буудай өсөт экен. Кээде карагай менен терек кездешет. Саз өсүмдүктөрү кадимки өлөң же тибет өлөңү, байчечекей, ак чекилдек, кызгылт байчечекей, орхидея, ак жана сары шыраалжындардан турат.

Өсүмдүктөрдөн Пржевальскийди башкалардан өзгөчөрөөк кызыктырганы жума — каз таман болду, ал чийки кезинде даамы жаңгакка, бышкан кезинде — даамы маш буурчак же жаш картошкага окшогон, сүйрү тарткан, кичине түбү бар жегенге жарактуу чөп өсүмдүгү эле. Бул таңгуттардын эң жакшы көргөн азыгы.

Кукунордон көп узабай эле экспедиция түндүккө бурулуп, Алашань чөлү менен Ургага багыт алды.

Биринчи жолкудай эле, Алашань чөлү Пржевальскийге оор таасир калтырды. Саякатчынын көз алдынан күндөн күнгө өзгөрүлбөгөн, маанайды чөгөргөндөй таасир тийгизген пейзаждар өтүп жатты, бардык жерде каңгыраган ээндик өкүм сүрүүдө. Кез-кезде гана алыстан хара-сульта жүгүрүп өтөт, кош аяк чычкан ийинине кире качат, кум чычканы чыйылдап култ коёт, сай сагызган чаркырайт же больдуруктардын тобу тез учуп кетет. Экинчи жолу экспедиция өзүнүн чөлдүүлүгү жана тиричиликтин жоктугу менен таң калтырган Гобинин ортоңку бөлүгү менен өттү. Бул жолу Николай Михайловичтин иши оңунан чыкты:

Хурху тоосуна жакын таштуу дөңчөлөрдөн ал аркарлардын жаңы түрүн жолуктурду...

Сентябрдын аягында Пржевальскийдин кербени Халхинин чегине өттү, болжол менен үч жумадан кийин саякатчылар Ургада болушту. Николай Михайловичтин Борбордук Азия боюнча үчүнчү саякаты аяктады.

Пржевальскийдин Борбордук Азия боюнча үчүнчү саякаты өзүнүн жыйынтыгы боюнча өтө кызыктуу болду. Ал Чыгыш Тянь-Шань менен Жунгар чөлүн, Батыш Наньшань менен Кукунорду, Тибет бөксө тоосу менен Гоби чөлүн өзүнүн кучагына алат. Саякатчынын Ички Азиянын райондоруна байкоо жүргүзүүгө жана алардын бири-бири менен салыштырууга мүмкүнчүлүктөрү болгондуктан, анын географиялык мүнөздөмөсү жана баяндап жазуулары андан дагы баалуу болгон.

Пржевальский Борбордук Азия боюнча дагы миңдеген километрлерди басып өтөт, жаңы тоо кыркалары ачылат жана 8000 км ден ашык аралыкта көз өлчөм менен жерди картага түшүрүү жүргүзүлдү. Күн сайын үч маал жүргүзгөн метеорологиялык байкоолорду кошо алганда, Борбордук Азиянын климаты боюнча канча жолу ал зор материалдарды алып келбеди. Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жыйындылары илимге көптү берди.

Пржевальскийдин Жунгар чөлүндө жапайы жылкыларды ачышы, келгин куштар, Борбордук Азиянын чөлдөрүндө жана тоолорундагы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тиричилиги жөнүндөгү каттары окумуштуулардын арасында зор кызыгууларды туудурду.

Ошондой эле экспедициянын болгон жерлериндеги калктар жөнүндө материалдары дагы окумуштуулар үчүн зор баалуу материалдар болуп эсептелет. Николай Михайлович бул экспедициянын ийгиликтеринин бир топ үлүшүндө Всеволод Иванович Роборовскийге милдеттүү. Бул экспедиция Роборовскийдин саякатчылык ишинде алгачкы мектеп болгон. Всеволод Иванович Роборовскийдин алдына алгачкы жолу өңгүл-дөңгүл кумдар менен капталган Кара Иртыш өрөөнү, кайнаган Хамий чөлүндө жана суук, таштак Тибет бөксө тоосунда, Монголиянын ээн талааларында ал үчүн жаңы жана кызыктуу дүйнө ачылды.

Пржевальский өзүнүн жаңы жардамчысынын олуттуу ишин чоң канааттануу менен байкай турган. Ал ага жаратылыштын бир бирине көз каранды байланышындагы бардык кубулуштарды бирдикте алуу менен жаратылышты терең түшүнүүгө жардам берген. Роборовскийдин ботаникага өзгөчө кызыккандыгын байкап, экспедициянын начальниги коллекционердик иштин экспедицияларда иштелип чыккан жолдорун үйрөтүп, ага гербарий жыйноону тапшырган. «Кандайдыр өзүнөн өзү эле ботаникалык экспедициялар мага абдан жагып калды жана мен үчүн түздөн-түз алмашылгыс милдет катары сезилди, ботаникага кызыгуу мени түпкүргө алып кетти, себеби көп учурда мен кара жандын

коркунучуна карабай аскага чыгып кээде жетүүгө ишенич аз болсо да мүмкүнчүлүк таап, кымындай гүлдү алып түшчү болдум; эгерде мен аны мурун көрбөсөм, же болбосо мен билбеген бир өсүмдүк экен деген ой туулса, анда мен бардык күч-кубатымды жыйнап: туңгуюкка кулап түшкөнү турсам да, таш көчкөнүнө да карабастан, ошол гүлгө жетип, алып келчү болдум» — деп кийинчерээк Всеволод Иванович жазган.

Экспедицияда ботаникалык жана башка илимий иштерди аткаруудан башка, Роборовский өзгөчө берилүү менен ар түрдүү сүрөттөрдү түшүргөн. Пржевальский өзүнүн Борбордук Азияга үчүнчү саякаты жөнүндөгү отчетунда: «Бизге келген аял же эркек болсун ыңгайлуу убакты чеберчилик менен пайдаланып, Роборовский акырын байкатпай туруп кагазга сүрөтүн тартып алчу» — деп жазат. Өзгөчө анын жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү тарткан сүрөттөрү мыкты болчу.

Жергиликтүү элдин тилин билбегендиктен экспедициянын эң оор маселелеринин бири этнографиялык материалдарды жыйноо болгон. Бул иште да Пржевальскийге Роборовский баа жеткис кызмат жасады. Зор чыдамдуулугу менен айырмаланган Всеволод Иванович тилмечтин жардамы аркылуу турмуш-тиричилигин, салттарын, айлана-чөйрөсүнүн жаратылышын сураштырып, алардын турак жайын, кийген кийимдерин сүрөткө тартып жергиликтүү адамдар менен бир нече саат отура берген.

Эки жылга жакын созулган бул саякатта Роборовский өзүнүн окутуучусунун жетекчилиги астында экспедициялык иштин көп жактуу, баалуу ыкмаларын өздөштүргөн. Ошондой болсо да анын сүйүктүү иши ботаника болуп кала берди. Атап айтканда экспедиция бай жана жакшы системаланган ботаникалык жыйноолору менен Роборовскийге милдеттүү. Борбордук Азия боюнча саякатта ал өсүмдүктөрдүн 12000 нускасын (1500 түрүн) жыйнаган.

Пржевальский өзүнүн жардамчылары үчүн илимди жан-дили менен сүйүүнү, эрдикти, туруктуулукту жана сөзсүз жакшы мүнөздү эң зарыл сапаттар деп эсептеген. «Кыянат жана ачуулуу киши экспедициялык отрядда жетекчинин кол алдында боло турган ынтымак жана бир туугандык өкүм сүрө турган жерде шексиз чоң бактысыздык болуп эсептелет» — деп жазган ал.

Роборовский ишке абдан берилгендиктен, эрдиктен жана туруктуулуктан сырткары эң сонун мүнөзү менен айырмаланган. Бул экспедицияга да бардык иштин ийгилигин камсыз кылган ынтымактын жана бир туугандыктын түзүлүшүнө өбөлгө болгон.

## САРЫ ДАРЫЯНЫН БАШАТТАРЫНА САЯКАТ

(1883—1885-жылдардагы экинчи Тибет саякаты)

Өзүнүн Борбордук Азияга үчүнчү саякаты жөнүндөгү отчетунун аягына Пржевальский мындай деп жазган: Туулган жерге кайтып келгенден кийинки биринчи кубанычтар өткөндөн кийин,

адамды бушайман, эмнегедир куса болуу сезими бийлей баштайт. Канчалык убакыт өткөн сайын эркиндик, чындыгында «жапайы ээн талаа, бирок эч кимден корунбай жашаган» эркин турмуш — саякат жөнүндөгү кусалык ошончолук арта берет. Бирок саякат кылуу — бул көңүлдүү убакыттарды өткөрүү эмес. Пржевальский мындай ойдон алыс болгон. Саякатчылыкка берилген адам менен саякаттын өзү бул күндөлүк пикирлердин алмашууларынын кызыктыгы, жаңылыктардын көптүгү жана ал үчүн эң негизгиси илимге пайда келтирүү. Саякат убагындагы алсыздандырган кыйынчылыктар өтүп кеткенден кийин бат унутулуп калат. Эскертүүлөрдө бактылуу, кубанычтуу минуталар эстен кетпей көңүлгө көлөкө түшүрүп кала берет. Мына ошон үчүн чыныгы саякатчыга кийинки жыргал турмушунун учурунда да өзүнүн саякатта жүргөндөрүн унутууга мүмкүн эмес. Өткөндөгү бактылуу күндөрү күнү-түнү эстен кетпейт: кур кыялдантып кайрадан ыңгайлуу, цивилизациялуу жакшы жашоодон оор, кээде көңүлсүз, бирок эркин жана даңктуу саякатчылык турмушка азгырат.

Мына ошондуктан Борбордук Азия боюнча үчүнчү саякатынан кайтып келгенден үч жыл өткөндөн кийин ал кайра жолго чыгат.

Николай Михайлович Борбордук Азия боюнча төртүнчү саякатына 1883-жылдын 21-октябрында өзүнө жакшы белгилүү болгон Кяктадан чыккан. Бул экспедиция мурункусуна салыштырганда түзүк жабдылган, составында Пржевальскийди кошпогондо 20 киши болгон.

Алардын ичинде өткөн саякат боюнча бирге барган жолдоштору: үй-бүлөлүк шарты боюнча экспедициядан чыгып кеткен Ф. Л. Эклондун ордуна экспедициянын начальнигинин орун басары катары бараткан В. И. Роборовский, ошондой эле Дондок Иринчинов жана Пантелей Телешов бар эле. Экспедициянын жаңы мүчөлөрүнүн ичинде Борбордук Азиянын болочок белгилүү изилдөөчүсү, экспедициянын начальнигинин экинчи жардамчысы болуп бараткан Петр Кузьмич Козлов да болгон.

Пржевальскийдин ишинин планына Түндүк Тибетти, Брахмапутранын баш жагын, Каракорумду, Лобнорду Такла-Макан чөлүнүн түштүк четинде жайланышкан Хотан оазисин изилдөөнү улантуу кирген.

Экспедициянын максатын жана башка райондорго өтүүнү жеңилдетүү жана тездетүү үчүн, Николай Михайлович маршруттун айрым бөлүктөрүндө мурун тааныш болгон жолдор менен барууну белгилеген. Ошол себептен улам тааныш жол боюнча Ургадан жана андан кийин Түндүк жана Борбордук Гобиден Алашанга чейин барган. Бүткүл жол бою метеорологиялык жана климаттык байкоолор, ошол жердин абсолюттук бийиктиктерин барометрдин жардамы менен текшерүү жана тоо тектеринин, топурактын, өсүмдүктөрдүн уруктарынын үлгүлөрүн жыйноо жүргүзүлүп турган.

Мурдагы саякатындагыдай эле Пржевальский Гобиден дарыялар менен өзөн сууларды эч жерден кезиктирген эмес. Бирок да жолдо суусу жаман, терең эмес кудуктарды көп жолуктурган. Жайыттары өсүмдүктөргө жарды болгондугуна карабастан малдары түзүк көрүнгөн көчмөн монголдорду дагы көп жолуктурган. Жайыттардын өсүмдүктөргө жакырдыгы, бирок да алардын кең аянтты ээлеши, топуракта туздун көптүгү жана жайкысын тажаткан чымын-чиркейлердин жоктугу бири-бирин толуктайт окшойт,— деп кайталап жазат. Бул көчмөндөрдүн малдарынын каңгыраган эрме чөлдө жашашына мүмкүндүк берген негизги факторлор деп Николай Михайлович баса белгилеген. Борбордук Гобиде гана малдардын үйүрү анча көп эмес, ал эми монголдордун өзү Гобинин түндүгүндөгү талаа бөлүгүндөгүлөргө караганда бир топ жарды жашашат.

Гоби катуу шамалдар менен бороондордун аймагы. Ага Пржевальский абдан кызыгуу менен байкоо жүргүзгөн. Чөлдүн рельефинин жана чөлдүк геологиялык түзүлүштөрдүн пайда болушунда алардын ролу абдан зор. Алар бири-бирин койгулаштырат, талкалашат жана майдалайт, аскалардын сыныктары бирибирин жышат, чаңды, кумду, ал гана эмес майда шагылдарды учуруп аралаштырат. Качандыр бир убакта тоо жаракаларынын оюгуна түшүп калган чоңдугу муштумдай болгон таштар шамал менен бороондордун айлантуусунун аркасында анда терең чуңкурду пайда кылгандыгын, ал тургай калыңдыгы 60 см болгон ташты көзөп кеткендигин Николай Михайлович өз көзү менен көргөн.

Борпоң сары топурак — Ички Азияга мүнөздүү түзүлүш — бул бороон менен шамалдын аларды талкалаган, аралаштырган жана ылгаган ишинин жыйындысы деп эсептейт Пржевальский.

Экспедиция Гобидегидей эле Алашань чөлүндө да кыш мезгилинде болгон кээ бир кызыктыраарлык жаратылыш көрүнүштөрүн байкаган. Мисалы: өзгөчө Гобиде ачык аба ырайы мезгилинде эле, шагылдуу жана шор жердүү мейкиндиктеринде закымдар тез-тез болуп турат. Ал эми Алашань чөлүндө аба ырайы тынч ачык мезгилде эле күндүз көлөкөдө —7°С, кумдуу тик капталдарда +27,5°С болгон. Температуралык кескин карама-каршылыктар байкалган. Ошол эле Алашань чөлүндө январдын I жарымында түнкүсүн суук —22°С, ал эми күндүзгү байкоолордо термометр 10 жолу нөлдөн жогору көрсөткөн. Январдын экинчи жарымында гана суук бир кыйла катуулаган.

Экспедиция Алашань чөлүнөн Чыгыш Наньшанга өтөт, ал жерде Түндүк-Тэтунг тоо кыркасында ыңгайлуу жер табышып, эс алууга токтошкон. Бул жерде бир топ жылуу болгондуктан жана күн нурунан жылыган тоо боорлорунда түштүккө учуп кетишпеген канаттуулардан ак баштуу кыш куйрук, боз чымчык, тоо мукуру сыяктуу назик түрлөрү жана аладунга менен боз таркылдактардын кээ бир түрлөрү жашашкан.

Саякатчылар Түндүк Тэтунг тоолорунда жана Чыгыш Наньшанга аз болсо да типтүү болгон ири айбанаттарды жолуктурушкан.

Бул аймактагы тоолорго адамдар эчактан бери эле байыр алышса керек. Тоо жайыттарынын жогорку алкагында топоз жана короо-короо койлору менен тангуттардын конуштары көрүнүп турган, төмөндө болсо түштүк-чыгыш муссондору менен сугарылган борпоң сары топурактуу участокторду иштетүү менен кытай дыйкандары алек болушкан.

Экспедиция экинчи беш күндүктөгү өргүүнү Тэтунг дарыясынын түштүк жээгиндеги Чартынтон зыяратына жакын токтошкон мындай кооз жерди Пржевальский Борбордук Азиянын башка жеринен көргөн эмес, экспедициянын лагери 2300 м бийиктикте жайгашкан. Бул бийиктиктен саякатчылар кооз Тэтунгдун шаркыраган дабышына, анын аркайган аскалардын жана зор таштардын арасынан буурakандаган агымына, кээде дарыянын аркы өйүзүндөгү тоо капталдарында кылымдар бою өсүп турган ийне жалбырактуу жана аралаш токойлорго, кээде жетүүгө кыйын болгон тегеректеги тоолордун аскаларына, сонун альпы шиберлерине суктанып карашкан.

Өткөн саякаттын тааныш маршруту менен баратып Пржевальский кайрадан Чейбсен монастырынын жанынан кокусунан адаттагыдай эмес бир көрүнүштүн күбөсү болот. Монастырда күн сайын тигил же бул себеп менен кудайга сыйынуу же диндик ырым-жырымдар өткөрүлүп турган. Ушундай бир ырым-жырымдардын биринде Николай Михайлович кокусунан өзүнөн эки кадамча жерде иттер кишинин өлүгүн тытып жеп жатышканын көрүп калат, бирок ырым-жырымдын катышуучуларынын бири да европалык адамдын көз карашы боюнча маскарачылык болгон мындай фактыга эч кандай көңүл бурушпады. Монахтар болсо өздөрүнүн сүрөөлөрүн кобураган бойдон камырабастан өтүп кете беришти.

Европалык адамга бул окуя чындыгында наадандык болуп көрүнөт. Бирок аны айыптоого эч кимисинин акысы жок болчу. Борбордук Азиянын буддисттеринде байыртан бери өлүктү көмбөй же өрттөбөй, жырткыч айбандарга же куштарга жем кылып таштоо салты бар эле, ошону менен бирге канчалык өлүк бат желип кетсе, өлгөн киши ошончолук өмүрүн ак ниет жашаган болуп эсептелет. Ал эми анын тескерисинче, өлүк канчалык желбей көп жатып калса, демек ал өлгөн киши ошончолук өмүрүн күнөөлүү жашаган.

Чейбсен монастырынан экспедиция Кукунорго жол тартат. Жол боюндагы жерлердин баарында дыйканчылык кылып жыш отурукташкан калк: тангуттар, дунгандар жана алардан башка элдердин арасында да жашаган кытайлар бар. Кыштактар анча чоң эмес, бирок айрым жерлерде турак-жайлары борпоң сары топурак жарлардын боорунда казылып жасалган.

Экспедиция Кукунорго марттын аягында, көл дагы эле муз

менен капталып турган убакта келди. Апрелдин алгачкы он күндүгүндө суук болуп, анын ичинен 5 күнү кар жаап, түнкүсүн тоңуп калып жатты. Аба ырайынын суук болушу жана көлдүн тоңуп турушу канаттуулардын жылуу жакка учуп өтүшүнө да таасирин тийгизди. Пржевальский мүмкүн канаттуулардын жазгы учуп өтүүсүнө бул жерде алардын азыктануусу менен эс алуусуна ылайыктуу жердин жок болушу таасирин тийгизет болуш керек,— деп белгилеп кетет. Бул көлдүн Гоби чөлүнүн туурасы абдан кеңири болгон меридиандын так өзүндө, бийик Тибет бөксө тоосуна жакын жатышы да ыңгайсыздыкты пайда кылса керек.

Николай Михайлович белгиленген план боюнча улан кезинен бери эңсеген Кукунордон Сары дарыянын башталыш жактарына барууга тийиш эле. Орто кылымдардагы кытай окумуштууларынын эскирген картасын колдонушуп, картада аларды ошол кезге чейин болжол менен түшүрүшкөн.

Сары дарыянын баш жактарына жетиш үчүн экспедицияга дагы Бурхан-Будда тоо кыркасы аркылуу ашуу жана Тибет бөксө тоосуна чыгуу керек болчу. Өткөн жолку экспедицияга караганда чыгышыраак жагынан кесип өтүшкөн. Бурхан-Будда тоо кыркасынын артындагы Тибет бөксө тоосунун жалпы көрүнүшү, саякатчы буга чейин болгон башка жерлерине окшош эле. Бул жерден Пржевальский өз убагында Шугагол дарыясынын өрөөнүндөгүдөй, жапайы айбанаттардын — топоздордун, куландардын, антилопалардын укмуштуудай көптүгүн көргөн. Узакка созулган кыштан кийин алар өтө арыктап жана алсырап калышкан, кээ бирөөлөрүнүн жүнү түлөй баштап, терилери коллекцияга жарачудан эмес.

Майда, ар кайсы жерде чачыранды жайгашкан тоолордун анча кең эмес тилкесин өткөндөн кийин, саякатчылар Сары дарыянын сырдуу бешигине — Одоньтала өрөөнүнө чыгышты. Бул кезектеги маанилүү географиялык маселенин чечилиши жана Азиядагы эң чоң дарыялардын биринин башталган жеринин ачылышы болгон.

14 миң фут жана (4268 м) абсолюттук бийиктикте жайгашкан Одоньтала өрөөнү түштүк-чыгыштан түндүк-батышка 70, ал эми туурасы 20 чакырымга созулуп жатат. Качандыр бир кездерде анын ордун кең аянттагы көл каптап турган. Азыр болсо Пржевальскийдин көз алдында өңгүл-дөңгүлдүү саздар (мото-шириктер), булактар жана көп сандаган майда көлчөлөр жатты.

Чындыгында Одоньтала бүткүл түндүк Тибеттегидей эле ар кайсы жерде чачынды болгон чоң өлчөмдөгү мото-шириктердей эле.

Саздардан, булактардан жана көлчөлөрдөн башка Одоньтала өрөөнүнүн түбү менен ошол эле булактардан түзүлгөн жечетки тоолордон чогулуп келген анча чоң эмес суулар тармактанып агат. Бардык бул суулар менен булактар өрөөндүн түн-

дүк-чыгыш булуңунда эки агымга чогулуп, алардын кошулушунда Хуанхэ дарыясы башталат. Бул жерден көп айрыктарга бөлүнүп, Салама деген монголчо ат менен чыгышты көздөй агат.

Одоньталанын түндүк-чыгыш четинде, Хуанхэнин башкы куймаларынын бирикмесинде, майда көлчөлөрү менен Одоньтала жакшы көрүнгөн Курмандык (Жертвенная гора) тоосу турат.

Курмандык тоодон чыгышка карзганда саякатчылардын көз алдына жаңы эле пайда болгон дарыянын саздуу түз өрөөнү, андан ары чыгышта Хуанхэ (Салама) дарыясы өзүнүн башталышынан чыккандан кийин куйган Экспедиция көлүнүн жалтыраган зор бети көрүнөт.

Пржевальский Курмандык тоосу деп бекеринен ат койгон эмес. Анын чокусунда таштардан ыйык «обо» белгиси коюлган. Жыл сайын июль же август айында кытай элин багуучу дарыяга курмандык алып келишет. Бул шаан-шөкөткө Сининден кытайдын ири чиновниктери, Цайдамдан княздар, ошондой эле айлана-тегеректеги монгол жана тангут элдери келишет. Кабыл алынган салтка жараша адегенде богдохандын өз колу бар, Пекинден жиберилген дуба окулат, андан кийин курмандык чалуу башталат. Бул үчүн ак атты, ак уйду, тогуз ак койду, бир нече ак тоокту союшат. Ошондой эле өздөрү алып келген чочконун этин пайдаланышат. Малдар союлуп, эттери желет.

Одоньталадан чыкканда Хуанхэнин агымы анча чоң эмес, бирок ошондой болсо да айрым айрыктарынын туурасы 20—25 м жана тереңдиги жарым, кээ бир жеринде 1 м жетет. Өзүнүн чакан өлчөмүнө карабастан дарыя балыктарга бай экендиги таң калаарлык. Балыктары бардык Түндүк-Чыгыш Тибетке, Цайдамга, Кукунорго жана Чыгыш Наньшандын дарыяларындагы балыктарга тектеш карптар бар. Ушул эле дарыяда жана анын өрөөнүндөгү көлдөрдө экспедиция тарабынан жогорку Хуанхэнин тоолуу аймактарында, Кукунордо, Цайдамда, ошондой эле бүткүл Түндүк Тибетте кеңири тараган чабактын дагы бир түрү табылган.

Хуанхэнин баш жагы балыкка абдан бай болгондуктан канаттууларды: суу бүркүттөрүн, ак чардактарды, өрдөктөрдү өзүнө тартат. Канаттуулар гана эмес, бул жерге Азиянын улуу дарыяларынын жээктеринен балык кармап тамактанган аюулар да келишет.

Пржевальский жергиликтүү балыктар дүйнөсү жөнүндө баяндоо менен, Борбордук Азиянын балыктарынын таң калаарлык өзгөчөлүгү жөнүндөгү кызыктуу байкоосун баса белгилейт. Борбордук Азиянын бир бассейнинен кармалган балык менен тамактангандан кийин эмнегедир ошол замат адамдын уйкусун келтирген сезим пайда болот,— деп айтат ал.

Сары дарыянын башталышынын кендигин жана узундугун аныктагандан кийин Николай Михайлович Тибет бөксө тоосу боюнча Хуанхэнин бассейнин Янцзынын бассейнинен бөлүп турган суу бөлгүчтү карай жөнөйт. Түндүктөн ага чыгуу жеңил

жана анча оор болбосо да бул суу бөлгүчтү экспедиция жети суткада басып өткөн. Түндүктөн жантайыңкы, түштүгүндө байкоосуздан бийик, тик жана жетүүгө кыйын болгон Альпы тоо өлкөсүнө өтүп кетет, ал эми Янцзынын төмөнкү агымында дагы бийик жана тик болуп 17 миң фут (5миң метрге жакын) бийиктиктеги кар линиясына чейин жетет, б. а. Хуанхэнин башындагы бассейндегиден эки эсе бийик. Ага карата альпы шалбаасынын чек арасы да 4877 м ге көтөрүлгөн. Мына ушунун бардыгы Хуанхэнин баш жагы менен салыштырганда Янцзы тоо аймагынан түштүгүрөөк жайланышы жана ага бийик Тибет бөксө тоосунун чоң таасиринен улам ушундай болсо керек деп божомолдойт Пржевальский.

Июндун экинчи жарымы келди, жакында эле бозоруп жаткан тоо аскалары жашыл чөп менен капталды. Бул жердин өсүмдүктөр дүйнөсү Сары дарыянын жогорку агымындагы альпы өсүмдүктөр дүйнөсү менен окшош келип негизинен чөп өсүмдүктөрүнөн турат, бирок биздин шалбаалардын көркүн ачкан жайнаган гүлдөр, калың өскөн чөптөр көрүнгөн жок,— деп белгилейт Пржевальский.

Көгүлтүр дарыянын тоолорунда ботаникалык жана зоологиялык коллекциясын толуктап, Николай Михайлович Сары дарыянын баш жактарына кайтууну жана анын жогору жагын толугу менен изилдөөнү чечти. Бирок кокусунан болгон бир окуя аз жерден анын планын жана экспедициянын бүт ишинин жыйынтыгын үзгүлтүккө учуратып коё жаздады.

Көгүлтүр дарыянын бир куймасын кечип өтүүдө тоо суусунун шар агымы экспедициянын койлорун агызып кетти. Аларды кармоо үчүн Роборовский жана бир нече казак-орустар ат менен сууга кириштп. Бирок Роборовскийдин аты тайгаланып жыгылып кетет. Эгерде Всеволод Иванович өз убагында үзөңгүдөн буттарын тартып албаганда ал сууга чөгүп кетиши мүмкүн эле. Бирок абал баары бир коркунучтуу болду. Суунун агымы койлор менен кошо аны да алып кетти. Роборовскийдин ийнине илинген мылтык ылдый түшүп колуна илинип, сууда сүзүүгө жолто кылып, ишти ого бетер кыйындатты. Эки-үч жолу Роборовский сууга чумкуп кетип, суудагы чоң таштарга жармашып калууга аракеттенсе да ага жармаша албай калып жатты. Коркуп калган аттар сууга кирбей, казак-орустардын ага жардам берүүгө жасаган аракеттери ишке ашпады. Мына ушу окуя болуп жаткан учурда кандайдыр бир 1—2 минутанын ичинде Роборовский эптеп айласын таап тайызыраак келген жээкке жакындайт да, ал жерден казак-орустардын биринин жардамы менен ийримден чыгат.

Пржевальский Хуанхэнин баш жагына кайтып келип, Одоньтала өрөөнүнөн чыгып Хуанхэ куйган эки чоң көлдү изилдөөгө киришет. Бул көлдөрдүн эсебинен дарыя өзүнүн суусунун запасын толуктайт жана андан ары суусу анча-мынча толуктанып чыгышты көздөй агып жөнөйт. Пржевальский бул көлдөрдүн

жергиликтүү аттарын билбегендиктен аларга өзүнүн аттарын коёт. Батыштагысын — экспедиция көлү, чыгыштагысын — орус көлү деп, биринчиси анын экспедициясы жөнүндөгү эскерүүнү бышыктайт, ал эми экинчи аты Сары дарыянын баш жагына биринчи жолу орус изилдөөчүсү келгендигинин күбөсү катарында атайт[1].

Хуанхэнин баш жактарын жана Тибет тайпак тоосунун түндүк-чыгыш бөлүгүн изилдеп үйрөнүү менен, төртүнчү Борбордук Азия экспедициясынын эң маанилүү биринчи бөлүгү бүтөт. Бирок экспедициянын катышуучулары үчүн сыноолор, анын үстүнө мүмкүн алар үчүн эң коркунучтуулары бүтө элек эле.

11-июлда экспедиция Экспедиция көлүнөн анча алыс эмес жерге лагерин жайгаштырган, эртеси таңга жуук куралдуу атчан тангуттардын эки чоң тобу кол салат. Мындай кол салуунун белгилерин мурдатан байкашкандыктан, экспедициянын мүчөлөрү түнкүсүн мылтыктары менен укташчу. Ошондуктан бат эле алардын мизин кайтарышты. Биринчи эле белги бергенде бардыгы дароо тура калышып, кол салгандарга чатырларынын босогосунан эле ок чыгарып аткылашты. Капысынан басып калабыз деп ойлошкон каракчылар шашкалакташып, кандайдыр бир кыйкырыктар менен качып жөнөштү. Бул жапайы кол салууда адамдардан эч ким жабыр тарткан жок, мындан бир аз мурда тангуттардан сатып алынган сегиз ат гана жиптерин үзүп белгисиз жакка качып кетишти.

Бир нече күндөн кийин саякатчылар экинчи жолку кол салууга туш болушту. Бул жолу анча чоң эмес экспедициялык отрядга каршы өзүнүн 300 гө жакын аскерлерин жиберген нголоктор тарабынан болду. Бирок, чечкиндүү жана согуш тактикасы жагынан абдан билгичтик соккуга дуушар болушуп, жакшы сабак алышат да, алар дагы өздөрүнүн талап-тоноо ойлорунан баш тартууга аргасыз болушат.

Баштапкы план боюнча экспедиция Сары дарыянын баш жагынан Лхасага жөнөш керек эле. Бирок тангуттар менен кагылышуудан кийин, бардык болгон мүмкүнчүлүктөрдү салмактап көрүп, тибеттиктердин борборуна ал баары бир жетпесине, күчтү жана каражатты бекер жоготуудан сактанып, Николай Михайлович бул пландан баш тартууну чечет.

Ошондуктан Экспедиция көлүнөн Бурхан-Будда тоо кыркасы аркылуу ал түндүккө бурулат да, өзүнүн мурдагы жолу аркылуу Цайдамга келет. Ушул жерден анын Цайдамды жана Куньлунду, Лобнорду, андан кийин Хотанды толугураак изилдөө милдети кирген саякатынын экинчи этабы башталат. Цайдамдын кезектеги изилдөөсүн саякатчы анын шор топурактуу өрөөнүнүн узундугу чыгыштан батышка карай төрт жүз чакырым, туурасы жүз чакырымча келген түштүк бөлүгүнөн баш-

[1] Батыш көлүнүн жергиликтүү аты — Джариннур, ал эми чыгыш көлүнүкү — Ориннур.

тайт. Түштүктөн өрөөндү Түндүк Тибеттин четки тоолору чектейт. Андан агып түшкөн суулар өрөөндүн эңкейиш түздүк бөлүгүнө жеткенде жолдон жерге сиңип кетет. Бирок жер алдынан бир кыйла аралыкка аккандан кийин Цайдамдын түсүн гана эмес, бүт Цайдам чөлүнүн көрүнүшүн өтө өзгөрткөн булактар катарында алар кайрадан жердин үстүнкү бетине чыгат. Бул суулардын таасири астында шор жерлерде камыш, кылканак, өлөң чөп ж. б. өсүмдүктөрдөн, ошондой эле жылгын, хармык, кендир, сугактан да турган өсүмдүктөрдүн алкагы пайда болот. Түндүктө жыланач шор жерлер менен, ал эми түштүктө какыраган кум топурактуу жана майда таштуу түздүк менен чектелген бул жашыл алкак туурасынан бар болгону 10—20 чакырымга созулат. Атап айтканда бул жер Цайдамдын ушул аймагында адамдардын жана алардын малдары үчүн суу жана тоо этегиндеги тоюттарды берип, жашоосуна мүмкүнчүлүк түзөт.

Цайдамды изилдөө, күз мезгилинин биринчи айларына, өрөөнгө жанаша жаткан Тибет тоолорунда жашаган аюулар хармыктын мөмөлөрүн жегени төмөн түшүп келген учурга туш келди. Алар эки ай бою кычкыл-таттуу жемиштерди жеп бүтүшкөндөн кийин, кышкы чээнге кириш үчүн кайтып кетишет.

Түштүк Цайдам боюнча экспедиция Гас капчыгайына чейин барышат. Гас капчыгайы бүт Цайдам боюнча эң жакшы жер экендигин Цайдамдын элинен билишкен. Бирок саякатчылар бул жерден өзгөчө кызыктыраарлык жерди таба алышкан жок. Өсүмдүктөрдөн — хармык, жылгын, камыш, кылканак, айрым жерлерде дырисун ж. б. өсүмдүктөр жана татаал гүлдүүлөр өсөт. Жаныбарлары баягы эле тааныш-куландар, айрым жерде хара-сульталар, коёндор, карышкырлар жана түлкүлөр. Кемирүүчүлөрдүн ичинен кум чычкандарынын жаңы эки түрүн табышты. Алардын бирөөсү кийин Пржевальскийдин, экинчиси Роборовскийдин атын алышкан. Канаттууларга деле анча бай эмес: сай сагызган, торгой, кыштоочу борбаш, ал эми тоңбогон булактарда — суу тартары, эчки маарак, өрдөктөр жана аларды жем кылган Гендерсон шумкары жашайт.

Ошондой болсо да экспедиция бул жерге бекер келген эмес экен. Так ушул жерден Таримдин бассейнине жол ачкан Алтынтаг тоо кыркасындагы ашуу табылды. Анын бул бөлүгүндө Марко Полонун убагынан бери европалыктардын эч кимиси боло элек эле. Эң негизгиси, Борбордук Азиянын белгисиз бурчтарынын бири болгон — Түндүк-батыш Куньлунга жана Тибет бөксө тоосуна эң чоң экскурсияга чыкканга Гас капчыгайы абдан ыңгайлуу болуп чыкты. Бул экскурсия 54 күнгө созулду жана эң суук жана күч унаалар үчүн жут мезгили болгон ноябрь жана декабрь айларына туш келди. Бирок буга карабастан экспедиция 800 км ге жакын жол баскан.

Пржевальскийге чейин «Азиянын кыр арка столбасы» деп кээ бир ири окумуштуулар атагандай узундук боюнча 12° ара-

лыкка, б. а. Цайдамдагы Найчжин-Гол дарыясынан Керий оазисинин меридианына чейин созулган, жаратылышынын шарты боюнча эң татаал Түндүк-Батыш Куньлундун кесиндиси ал убакта илимде белгисиз болучу. Пржевальскийдин бул жолу аны изилдеп чыгышы, анын эң зор салымы болуп эсептелет. Мындай изилдөөдөн алынган баалуу материалдар мурдагы экспедициялардын убагындагы алынган материалдар менен бирге Николай Михайловичке Азиядагы бул татаал, эң байыркы тоо системаларынын бири болгон Куньлундун жалпы орографиялык көрүнүшүн бир кыйла ийгиликтүү талдоого мүмкүнчүлүк берди, ал эми азыркы карталарда али мындай «ак тактар» аз эмес эле.

Куньлундун башкы адырларынын кыркасы бардык жерде экиден, айрым жерлерде үчтөн тармактанып — чыгыштан батышка 40° ка үзгүлтүксүз созулат жана өзүнүн батыш бөлүгүндө Цайдамга багытталган бийик Түндүк-Тибет бөксө тоосунун зор тосмосу болуп эсептелет. Куньлундун Цайдам өрөөнүнө түшкөн түндүк капталы рельефинин өөрчүгөндүгү менен мүнөздөлөт, ал эми Тибетке караган түштүк капталы кыскалыгы жана жөнөкөй формалары менен айырмаланат.

Куньлунда Пржевальский тоо кыркаларынын бир нече тобун ачат да, картага түшүрүп, аларга төмөндөгүдөй аттарды берет: Керий, Орус, Москва, Цайдам, Безыменный, Колумб, Марко Поло, Загодочный, Куньлундун эң бийик точкасы — Улугмустаг — 7723 м (аны ал Монамахтын шапкасы деп атаган). Бул аттардын көпчүлүгү жалпыга белгилүү болуп калды, ал эми Загадочный тоо кыркасы кийин Пржевальскийдин тоо кыркасы болуп аталды. Гас капчыгайынан Пржевальский Алтынтаг тоо кыркасын ашып, биринчи жолу 1876-жылы Лобнорго чыгат. Лобнор менен Таримдин аймагында мурдагы келишинде жасай албай калган жерди картага түшүрүүнү жана астрономиялык байкоолорду жүргүздү. Лобнор менен Таримдин өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүндөгү мурдагы изилдөөлөрүн кеңейтти жана тактады, ошондой эле Лобнордун калкы менен терең таанышты.

Оор кыш мезгилинде Тибеттен ашып келгенден кийин Лобнордун ак пейил калкынын арасында 50 күн болушу саякатчылардын күчтөрүнө күч кошту, бул алар үчүн өтө зарыл эле.

Экспедициянын мындан аркы жолу батышка, Такла-Макан чөлүнүн түштүк чети менен өттү. Экспедиция анча көп узак жол жүрбөй токтошуп кээде ал жердин айланасын кылдаттык менен текшерүү үчүн өргүүлөр менен жүрүп отурушту. Ошондой болсо да Николай Михайлович Лобнордун өзүнөн Черчен оазисине, Такла-Макан чөлүн түштүктөн чектеген тоолорго чейин жаныбарлар менен өсүмдүктөрдөн чогултулганы ага жаңылыктарды аз бергендиги жөнүндө нааразы болгондугун жазат.

Черчен оазиси деңиз деңгээлинен 1250 м бийиктикте, Черчен суусунун өйүз-бүйүзүндө, анын тоодон чыга бериш жеринен

60 чакырым жердеги тоого жакын түздүктө жайгашкан. Анын жайгашкан жери — сары топурактуу анча чоң эмес аянтча, туш тарабынан чөлдүн эшилме куму менен курчалган. Оазистин калкы 3—3,5 миң киши же 600 гө жетпеген түтүн. Үйлөрү талаалардын ортосунда топ-топ болуп салынган.

Оазистин калкы бир кылка эмес. Ал оазистин байыркы калкы (согда эли болуш керек[1]) кийинчерээк келишкен—уйгурлар, кытайлар, тибеттиктер, арабдар, монголдор жана Батыш Түркстандан (азыркы советтик Орто Азия) келген элдердин аралашмасынан келип чыккан. (Азыркы убакта Кытай Түркстанынын түрк тилиндеги бардык калкы өздөрүн уйгурлар деп аташат.)

Батышка бараткан жолдо экспедиция Ния жана башка оазистерди басып өтөт. Алар суулардын тоодон агып чыккан жеринен 50 чакырым бери орун алышкан. Алардын сырткы көрүнүшү да Черчен менен окшош эле. Бул оазистердеги элдин негизги кесиби — дыйканчылык жана мал чарбачылык. Дыйканчылык болсо байыртан эле бул жерде өсүп өнүгүп келе жатат. Сугарылган бардык оазистерде жана кылдаттык менен иштетилген жерлерде буудай, арпа, жүгөрү, күрүч, буурчак, таруу, беде, ошондой эле дарбыз, коон, тамеки, пахта айдашат. Огороддон пияз, чамгыр, туруп, сабиз, бадыраң, ашкабак ж. б. жашылчаларды көрүүгө болот.

Ошондой эле оазистерде абрикос, шабдалы, жүзүм, алма, алмурут, кара өрүк ж. б. өскөн көп жемиш бактарын өзгөчө жакшы багышат.

Гүлдөгөн бактардын көрүнүшү саякатчынын кыраакы көзүнөн айылдардагы элдин жардылыгын, жокчулугун жашыра алган жок. Карапайым дыйкандын жардылыгы жердин жетишсиздигинен жана калктын жыш отурукташкандыгынан деп түшүндүрөт Пржевальский. Бирок эң башкысы — «көптөгөн жергиликтүү калктын эптеп жашоосуна бийлик башындагы байлардын зулумдугу, ар кандай көп салыктар, кулактардын эзүүсү, кысымы запкы көрсөтөт» деген жыйынтыкка келет ал. «Ал эми ушундай жашоонун шартында узак кылымдардын ичинде бир аз гана өзгөргөн бузукулукка, жаман иштерге, мисалы бири-бирин өлтүрүүгө үйрөнүшпөгөндүгүнө таң калуу керек» — деп кошумчалайт Пржевальский.

Бардык жерде жергиликтүү бийликтегилер орустар менен байланышпоого тыюу салгандыктан жолдогу оазистерге изилдөө жүргүзүү Пржевальскийге абдан оор болгон. «Экинчи жактан карапайым эл бизге өздөрүнүн меймандостугун көрсөтүп жатышты. Экскурсия убагында бизди жана биздин төөлөрдү баккан казак-орустарды дайыма абрикос ж. б. тамактары менен сыйлап жатышты,— деп жазат Пржевальский.

---

[1] Орто Азия менен Казакстандын байыркы чыгыш иран элдери — азыркы кездеги тажик жана өзбек элдеринин ата-бабалары.

Экспедиция Керий оазисине жетпей, жолдогу кыштактардын биринде бир нече күн эс алып калды. Кыштактын эли сыйкор, ак ниет мачиндер (жергиликтүү калктын этнографиялык бир тобу),— орустардын экспедициясын өзгөчө жылуу тосуп алышты. Башка кыштактардагыдай эле орустар менен алардын ортосунда чыныгы бири-бирин кызыктырган достук мамилелер түзүлдү. «Кечкисин биздин казак-орустар ыр ырдашып, кыякта ойношчу. Бул оюндар Чыгыш Түркстандын калкына абдан жакты» — деп айтат Пржевальский.

Өз кезегинде уйгур айылдарынын элдери да орус досторуна өздөрүнүн бийлерин жана тамашаларын көрсөтүшкөн.

Куньлундун түндүк этеги боюнча батышка баратканда Пржевальский Орус жана Керий тоо кыркаларынын айрым тоолоруна, алардын Куньлунь тоо системасында орун алышын тактоо жана жаратылышын изилдөө үчүн кайрыла кетет.

Биринчи тоо кыркасы жөнүндө айтканда (Орус тоо кыркасы) ал Азия тоолоруна мүнөздүү болгон жана Тарим өрөөнүнө багытталган Тибет тайпак тоосунун тосмосу болуп турат, мындай шартта өөрчү төмөнкү этегинде жүрөт. Ошондуктан Орус тоо кыркасынын түндүк капталынан батышка кыйын болгон тоолор менен аска зоолорду жана заңкайган формаларын көрүүгө болот, ал эми түштүк тибеттик капталынын рельефи кыскараак жана жөнөкөйрөөк.

Саякатчы Орус тоо кыркасынын салыштыра алганда ээн чөлдүгүн, дарак өсүмдүктөрүнүн жоктугун, өсүмдүк каптоосунун жакырдыгын, сүт эмүүчүлөрдүн жардылыгын белгилейт. Чындыгында жаныбарлар дүйнөсү Түндүк Тибет тоосундагыдай эле. Бир гана түндүккө, бийик эшилме кумдарга эңкейиш болуп кеткен тоо этегиндеги ойдуңдун жаныбарлары Тарим өрөөнүнө таандык.

Керий тоо кыркасы Пржевальскийдин баяндоосуна караганда кууш келген, бирок тоонун кырынын капталдары кар чегине чейин тик жана бийик. Анда өзгөчөлөнгөн бийик чокусу деле жок, бирок кээ бир жерлерде зор кар-каптоолордон болжол менен 5800—6100 м бийиктиктеги массивдер көтөрүлүп турат. 3350 м жана андан да төмөн горизонталь боюнча туурасы 15—20 чакырым келген терең капчыгайлар менен тилмеленип, тоодон ылдыйлап чөлгө кошулган адырлардын кыркалары менен жалдар тоо этегинин алкагын түзөт. Болжол менен 3350 м 2900 м ге чейин бул тоо этеги жайында жаан-чачындын көп жаашынын аркасында жашыл шиберлер менен капталган. Жалпысынан алганда Керий тоо кыркасы өсүмдүктөргө анча бай эмес. Пржевальскийдин пикири боюнча буга кургак жана ысык чөл менен муздак зор тоолордун ортосундагы (салыштыра алганда анча чоң эмес аянтта) кескин айырмачылык, ошондой эле тоолордун тик капталдуулугу жана температура менен жаан-чачындардын саны боюнча аларда вертикалдык алкактардын бири-биринен өтө айырмаланышы жайкы мезгилде

жаан-чачындын мол болушу, ал эми жылдын калган мезгилдеринде кургакчылыктын басымдуулугу себеп болот.

Керий тоо кыркасы эки башка — Тибет жана Тарим зоологиялык аймактардын ортосунда жаткандыгына карабастан жаныбарларга байлыгы менен айырмаланбайт. Анын себеби Керий тоо кыркасынын өтө эле ээн, жогорку алкагынын бийик болушунда жана тиричилик үчүн ыңгайлуураак тоо этегинин кууш болушунда. Мындан тышкары тоолордо токойлор менен бадалдардын жок болушу жана төмөнкү температуранын убагында жайкысын жаан-чачындын тынымсыз жаашы да таасирин тийгизет. Ушулардын бардыгы бул жерде курт-кумурскалардын жоктугунан жана дандуу өсүмдүктөр өспөгөндүктөн майда канаттууларга жана алардын тукумдарына жан багууга мүмкүнчүлүк бербейт. Тоо этегиндеги аймактарда калк отурукташкандыктан жана жайында малдарын тоодогу жайыттарга чыгарып тургандыктан, бул жерде ири айбандардын жашоосуна тоскоолдук келтирет.

Пржевальскийдин экспедициясы Тибет бөксө тоосуна өткөөл табуунун аракетинде. Керий тоо кыркасынын түндүк этегинде бир ай жол жүрөт. Тоо арасындагы оёңдорду жана терең капчыгайларды (300 м чейин), кырчалар менен жалчаларды туурасынан кесип өтүүгө туура келгендиктен бир топ күчтөрүн жоготушту. Анын үстүнө Инд океанынан жайкы түштүк-батыш муссону алып келген катуу жаан да тынымсыз төгүп турду. Такай мындан улам жүктөр оор тартып, эңкейиш кыялар тайгалак болуп, өтүүгө туура келген дарыялардын суусу көбөйүшү эки эсе коркунучтуу келип, отундары суу болуп күйбөй жатты. Нөшөрлөгөн жаандар тоодо каптал экскурсиясын жүргүзүүгө, жерди картага түшүрүүгө жолтоо кылып, кээде экспедицияны бир жерге узак токтоого аргасыз кылды.

Өзгөчө суу ташкындары да коркунучтуу болду, алардан нөшөр жаандан кийин өтүүгө мүмкүн болбой калды. Ойдо жок жерден тоодон кыян жүрүп, жергиликтүү калктын ондогон малдарын агызып кеткен учурлар да болгон.

Экспедиция Керий тоо кыркасынын бардык этектерине байыр алган элдерди көп жолуктурду. Булар мачиндиктердин кыштактары эле, «алар арий тукуму менен аралашкан монгол расасынын элдери», алардын кебетесинде монголдук белгилер басымдуулук кылат,— деп жазат Пржевальский.

Пржевальскийдин сүрөттөөсүнө караганда мачиндиктер көбүнчө Чыгыш Түркстандын тоолук элине окшошуп кетет. Алар түрк тилине, магометан (мусулман) динине, суннит тармагына киришет. Динге жан-дили менен берилиши боюнча айырмаланышпайт, ал эмес намазды анда-санда окушат. Мачиндиктердин арасында бай кишилер гана көп аял алууга укуктары бар. Туугандык ал эмес аталары бир туугандар үчүн да бир бирине үйлөнүүгө жолтоо кылбайт. Үй чарбачылыгы жана балдарды тарбиялоо аялдардын милдети болуп эсептелет.

Мачиндиктер сары топурактын катмарында казылып жасалган кепелерде жашашат. Тоо этегиндеги айылдарда гана сакля (сокмо там үй) тибиндеги үйлөр салынган.

Мачиндиктер — койду көп багышат, капчыгайлардагы кайрак жерлерге арпа айдашат.

Хотандын алдында акыркы жыйырма чакырымды экспедиция туташ оазистер аркылуу өтөт. Алардын бардыгы бири-бирине окшош: жашыл бак-дарактардын арасынан араң байкалган сокмо тамдар, аларды айланта курчаган сокмо дубалдар, өйүз-бүйүзүнө бактар тигилген арыктар, огороддор, жүгөрү, айрым жерлерде пахта, дарбыз, коон айдалган татынакай талаалар. Арпа менен буудай жайдын ортосунда эле орулуп жыйылат.

Хотан — бул байыркы убактан бери эле соода жана саясий жактан белгилүү болгон чоң оазис. Ал Хотандын өзүн кошо алганда үч шаардан жана бир нече айылдан турат. Оазистин калкы болжол менен 300 миң кишиге жетет. Негизинен мачиндиктер, бирок, сырттан келгендер: афгандар, индустар ж. б. да аз эмес.

Монголдор менен буддистер жок. Калктын жыштыгынан жана жардылыгынан улам «Хотанда жумушчу колу аябагандай арзан» — деп белгилейт Пржевальский. Бул жерде балдарды сатуу абдан күчөгөн. Чыгыш Түркстандын башка шаарларындай эле архитектуралык курулуштар жокко эсе.

Хотан жана бардык Чыгыш Түркстан Россия жана Индия менен соода жүргүзөт. Россияга жибек (сырье жана буюм түрүндө), килем, кийиз, койдун терисин чыгарат да алардын ордуна чыт, жоолук, коленкор, кумач (кездеменин түрү) нооту жана башка жүндөн токулган кездемелерди ошондой эле ширеңке, кант, галантерея, темир-тесек буюмдары болот, калай, сыр, стеарин шамын алат. Индиядан Хотанга чай, сыр, дарыдармек, сары кант, мануфактуралык товарлар келет, ал эми Индияга алтын, жибек, тыбыт, койдун териси, килем чыгарылат. Кытай болсо Хотандан алтын, нефрит алат, Хотанга болсо чай, фарфор, жыгач идиш-аягын жана башка материалдарды алып келет.

Пржевальский мекенине кайтып келе жатканда Хотан Чыгыш Түркстандагы акыркы ири точкасы болду. Бул жерден Юрункаш дарыясынын өрөөнү боюнча экспедиция түндүккө, Таримди көздөй бет алды. Экспедиция Хотандан жөнөгөндөн кийин аны туш тарабынан түндүктү көздөй, Таримдин дал өзүнө чейин 400 км ге созулган эшилме кумдар менен жүрүп олтурган.

Көп узабай экспедиция Юрункаш менен Каракаш дарыяларынын куюлушунан пайда болгон Хотан дарыясынын өрөөнүнө келет. Юрункаш өрөөнүндөгүдөй эле Хотан дарыя өрөөнүнөн да жылгын, коңорчок, жантак, кендырь жана камыштар кездешет.

Жылаңач чөлдү аралап аккан Хотан дарыянын эң негизги өзгөчөлүгү «жай мезгилинен башка айларда суусунун болбогондугунда»— деп, Пржевальский абдан таң калган.

Жаныбарлардан бул жерде марал, жапайы мышык, жолборс, жапайы чочко, түлкү, карышкыр, коён, хара-сульта; ал эми канаттуулардан улар, сайсагызган, сөксөөл таранчысы, тоңкулдак, кара карга кездешет.

Экспедиция октябрдын башында Таримдин жээктерине чыгат. Андан кийин Таримге Ак суу дарыясы куйган анын сол жээгине, жолундагы Чыгыш Түркстандагы акыркы оазис орун алган жерге барат. 1885-жылы октябрдын аягында экспедиция Кытай менен Россиянын чек арасы өткөн Бедел ашуусуна чыгууну баштайт. Ушуну менен Пржевальскийдин төртүнчү Борбордук Азия экспедициясы аяктайт.

Анын аякташы менен Пржевальский ошол эле күнү төмөндөгүлөр айтылган буйрук жарыялайт:

«...Биз милдетибизди аягына чейин аткардык — европа адамынын буту баспаган Борбордук Азиянын көпчүлүк бөлүгүн басып өттүк жана изилдедик. Силерге урмат жана даңк жолдоштор! Мен силердин эрдигиңер жөнүндө дүйнөгө кабар билдирем. Эми силердин чыныгы берилген кызматыңар үчүн силер кызмат кылган илимдин, биз даңктаган мекендин атынан, ар бириңди кучактап алкыш айтам».

Улуу изилдөөчүнүн кезектеги саякаты аяктады. Николай Михайловичтин ойлогон ишинин баардыгы тең эле ишке аша койгон жок. Планда белгиленген маршруттардын баары тең эле басылып өткөн жок, ошондой болсо да, аткарылган иштери илимди көп өлчөмдө байытты.

Бул эң сонун экспедициянын ишинин жыйынтыгын кыскача айтып кетели:

— Азиянын чоң дарыяларынын бири болгон Сары дарыянын баш жактары ачылды жана картага түшүрүлдү;

— илим үчүн Куньлунь тоо системасынын батыш бөлүгү ачылды жана изилденди;

— Пржевальскийге чейин эч ким болбогон Чыгыш Түркстандын аймактары изилденди жана баяндалып жазылды;

— жерди топографиялык картага түшүрүүдө, астрономиялык жана барометрдик пункттарды аныктоодо зор жана оор иштер жүргүзүлдү. Мына ушулардын баарын бирге алганда Борбордук Азия боюнча Пржевальскийдин экспедициялык маршруттарын бириктирди жана анын картасын илимий жактан ырастады;

— Борбордук Азиянын флорасы жана фаунасынын составы жана ареалы боюнча жаңы, толук маалыматтар алынды;

— Борбордук Азиянын, анын ичинде бул убакытка чейин бир да окумуштуу болбогон райондорунун калкы боюнча жаңы байкоолорду жана баяндап жазууну жүргүздү.

# КОРУТУНДУ

«От Кяхты на истоки Желтой реки» — деген китебин аяктагандан кийин Пржевальский География коомунун советине бешинчи Борбордук Азия экспедициясынын долбоорун сунуш кылган, бирок бул жолу экспедиция бүт Тибетке арналган эле. Анын ушундай зор жаңы пландары аткарылбай калды. Караколдон (азыркы Пржевальск) экспедицияга чыгаар алдында Николай Михайлович, өзүнүн эзелтен келе жаткан эрежесин унутуп кайнатылбаган суу ичип, ич келте менен ооруп дүйнөдөн кайтты (ошол райондо бир аз мурда эпидемия болгону кийин билинет).

Николай Михайловичти өзүнүн керээзи боюнча сөөгү бийик тоолуу Ысык-Көлдүн жээгине коюлду. Мүрзөсүнүн башына Борбордук Азиянын улуу саякатчысынын көптөгөн изилдөө маршруттары көрсөтүлгөн картасынын үстүнө, канатын кең жайган бүркүттүн келбети бар эстелик коюлду. Бул эстелик Пржевальскийдин Азиянын кең мейкиндигине жасаган илимий эрдигин ырастап турат.

Белгисиз өлкөлөргө саякат жасаган кайраттуу саякатчынын илимге жасаган чоң салымын элестетүү үчүн Николай Михайловичтин саякатынын маршруттук картасына көз салса эле жетиштүү болот. Пржевальский Уссури крайын изилдөө менен туулуп өскөн өлкөсүнүн жаңы чектеринде изилдөөнүн белгилүү бир этабын аяктагандай болгондугун айтпаганда да, ал Борбордук Азия жөнүндө илимий билимдин негизин салган.

Анын Борбордук Азиялык экспедициясынын маршруттары узундугу 31551 км болгон аралыкта Борбордук Азияны бардык багытта кесип өткөн. Бул маршруттар Гоби жана Жунгар, Алашань менен Цайдам, Ордос менен Лобнор чөлдөрүн кесип өткөн. Ошондой эле бул маршруттар бийик тоолуу Кукунор көлү менен Янцзы дарыясынын жогорку агымына, Хуанхэнин сырдуу баш жактарына жана ал аркылуу илимге белгилүү болгон Наньшань тоолуу өлкөсү аркылуу өткөн. Алар кылымдар бою саякатчыларды чочулаткан катаал Түндүк-Тибет тайпак тоосу, Куньлундун эч ким изилдебеген тоо кыркалары менен өрөөндөрү аркылуу өтүшкөн.

Пржевальский Борбордук Азия аркылуу ондогон миң км басып өтүп, ошол жерлердин 63 пунктунун географиялык координатасын, 231 пункттун абсолюттук бийиктигин жана өткөн жолунун көпчүлүгүн картага түшүргөн. Орус саякатчысынын орографиялык жана гидрографиялык схемалары, Борбордук Азиянын рельефи жана гидрогафиясы, анын тоо системаларынын кеңдик багыт боюнча созулушу басымдуу кеңдиги жөнүндө илимий чыныгы көп маалыматтарды берди.

Пржевальскийдин экспедициясынын ботаникалык жана зоологиялык кеңири коллекциясы зор мааниге ээ. Анын экспедициясынын гербарийлеринин ичинде 15 миң өсүмдүк, 1700 түрү,

анын ичинде 8 жаңы тукуму жана 218 жаңы түрү бар. Зоологиялык коллекциясында 702 сүт эмүүчүлөрдүн түрлөрү, анын ичинде өтө сейрек учуроочу жапайы төө жана Николай Михайлович ачкан жапайы жылкы менен Тибет аюусу да бар. Канаттуулардын коллекциясында алардын саны 5010 го, жерде-сууда жашоочулар менен курт-кумурскалардын саны 1200 гө жеткен. Саякатчы өзүнүн отчётторунда ошол өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашаган шарттарын жана ошол айбандардын кулк-мүнөздөрүн ар дайым баяндап жазгандыгын белгилөө керек.

Пржевальскийдин системалуу жүргүзгөн метеорологиялык жана климаттык байкоолорунун эң зор мааниси бар. Чындыгында бул байкоолор Борбордук Азиянын климатологиясынын негизине жол салды жана жер шарындагы атмосфералык циркуляциянын жалпы схемасын билүүгө көп жакшы жардам берди. Акырында, Борбордук Азияны жана Кытайдын батыш райондорунун эли, элинин тарыхы, келип чыгышы, чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги жөнүндө илимде жаңы ачылыштар пайда болду.

Пржевальскийдин илимге кошкон салымы жөнүндө жыйынтык чыгарганда изилдөөчү катары анын улуулугу жалаң эле басып өткөн километрлери, жаңы ачылган тоо кыркаларынын баяны ж. б. менен гана чектелип калбастыгын белгилеп кетүү керек. Ал жөн эле жаңы жерлерди ачуучу, көргөн билгендерин баяндап жазуучу гана эмес. Ал бизге географиялык анализдин классикалык үлгүлөрүн жана зор географиялык жыйынтык калтырган универсалдуу саякатчы, кыраакы байкоочу жана терең ой жүгүрткөн окумуштуу болгон.

Ал бардык жерде жаратылыштын бири-бири менен байланышын ачууга, тигил же бул жаратылыштын кубулушуна жана алардын адамдын чарбачылыгына тийгизген таасирине өзүнүн трактовкасын (түшүнүгүн) берүүгө аракет кылган. Юнкерлер үчүн жазган өзүнүн окуу китебинде, география жер бетинин түзүлүш закондорун, бул түзүлүштүн адам баласынын өрчүшүнө жана таралышына тийгизген таасирлеринин закондорун өзүнө камтыган сабак болуш керек экендиги жөнүндө өзүнүн идеясын практикада ыраааты менен жана кыйшаюусуз жүргүзгөн. Пржевальскийдин экспедициясынын зор ийгилиги, алардын эң сонун жыйынтыгы көп убакта саякатчы тарабынан П. П. Семеновдун идеясынын негизинде иштелип чыккан эң мыкты методикалык даярдык болуп эсептелет. Бул методиканын негизги белгиси изилдөөнүн комплекстүүлүгү, тактыгы жана географиялык сүрөттөп жазууга, метеорологиялык байкоолорго же коллекция жыйноого тийиштүү болгон системалык мүнөзү болуп эсептелет.

Ар бир экспедициядан кийин жаңы пикирлер эсинен чыгып кете электе Пржевальский дароо отчетторду жазууга киришчү. Бирок бул отчёттор кайда барып, эмне кылгандыгын санап жазуу эмес, нукура кызыктуу аңгемелер эле. Анда саякаттын мар-

аруттары баяндалган тематикалык главалары бар кыйын илимий материалдан кийин, аңчылык жөнүндө кызыктуу окуялар же «аңгемелер» — Борбордук Азияга типтүү болгон өсүмдүктөр менен жаныбарларга мүнөздөмөлөр берилет.

Баяндоонун жана илимий материалдын мындай берилиши Пржевальскийдин китептерин адистер жана окурмандар үчүн кызыктуу кылган. Ошондуктан Борбордук Азияны изилдешкен бардык окумуштуулар бат өздөштүрө алышкан.

Николай Михайлович Пржевальскийдин В. И. Роборовский жана П. К. Козлов сыяктуу белгилүү изилдөөчүлөрдү тарбиялап чыгаргандыгы да анын зор эмгеги болуп саналат. Ал иштеп чыккан талаа изилдөөлөрүнүн методикасы, ири экспедицияларды уюштуруу жана жетектөө боюнча зор тажрыйбасы, саякатчынын ишине болгон мамилеси, анын түздөн-түз окуучулары Роборовский жана Козлов гана эмес, Борбордук Азияны географиялык изилдөө боюнча Пржевальскийдин ишин уланткан башка орус окумуштуулары: М. В. Певцов, Г. И. Потанин, Г. Е. Грумм-Гржимайло жана В. А. Обручевдер тарабынан кабыл алынган.

Азиянын ички бөлүктөрүнүн географиясы боюнча орус географтарынын чогулткан маалыматтары, жан аябаган, натыйжалуу иштери боюнча ошол убактагы орус география илимин дүйнөнүн биринчи орундарына жылдырган. Н. М. Пржевальскийдин дүйнөлүк илимге кошкон салымы өзүнүн замандаштары тарабынан Россияда гана эмес, чет өлкөлөрдө да бааланган. Пржевальский дүйнөнүн бардык алдыңкы географиялык уюмдарынын: орустун, Париждин, Берлиндин, Венанын ж. б. географиялык коомдорунун жогорку сыйлыктары менен сыйланган. Бул мекемелердин көпчүлүгү жана ар кандай башка илимий уюмдар, ага жогорку илимий наамдарды ыйгарышып жана өздөрүнүн ардактуу мүчөсү кылып шайлашкан.

Н. М. Пржевальскийдин ысымы дүйнөнүн географиялык картасында түбөлүккө калды. Ал каза болгон Ысык-Көлдүн жээгиндеги Кара-Кол шаары, ал Куньлунда ачкан тоо кыркасы, монгол Алтайынын түндүк бөлүгүндөгү ири мөңгү, Куриль кыркасындагы Итуруп аралындагы тумшук, Аляскадагы Беннет көлүндөгү тумшук анын ысымы менен аталды. Ошондой эле Борбордук Азия саякатынын убагында ал ачкан бир катар жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн түрлөрү да анын ысымы менен аталды.

Жаңы жерлерди багындыруучулардын тарыхында атагы чыккан улуу орус саякатчысы Н. М. Пржевальскийдин ысымы — советтик адамдар үчүн ата Мекенге жана илимге чын ниети менен кызмат кылуунун үлгүсү болуп саналат.

Советтик адамдар үчүн улуу орус саякатчысынын ысымы илимге жана патриоттуулукка чын ниети менен кызмат кылуунун эң сонун үлгүсү болуп эсептелет.

## МАЗМУНУ

Киришүү . . . . . . . . . . . . . . . 3
Н. М. Пржевальскийдин өмүр баянынын барактары . . 6
Уссури крайын кыдыруу . . . . . . . . . . 13
Монголияга жана тангуттар өлкөсүнө саякат . . . . 28
Табышмактуу Лобнорго карай . . . . . . . . 50
Сары дарыянын башында (1879—1880-жылдардагы биринчи Тибет саякаты) . . . . . . . . . . . 59
Сары дарыянын башаттарына саякат (1883—1885-жылдардагы экинчи Тибет саякаты) . . . . . . . 77
Корутунду . . . . . . . . . . . . . 92

*Борис Васильевич Юсов*

**НИКОЛАЙ МИХАЙЛОВИЧ ПРЖЕВАЛЬСКИЙ**

*(на киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Ҡоторгон *Советбек Молдосанов.* Редактору *Ү. Суракматова, Т. Сулайманов.* Сүрөт редактору *И. Васильев.*
Техн. ред. *В. Ҡомерова.* Корректору *Д. Орозалиева*

ИБ № 3625

Терүүгө 02. 05. 87. берилди. Басууга 23. 10. 87. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Ҡагаздын форматы 60×90¹/₁₆. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 6,0 физ. басма табак, 6,0 шарттуу басма табак, 6,47 учёттук басма табак, 6,38 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 4000. Заказ № 197.
Баасы 25 т.

«Мектеп» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Ҡыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Ҡыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Ҡыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү 102.

25 т.

